# ОРХОН-ЕНИСЕЙ ТЕКСТТЕРИ

ФРУНЗЕ 1982

*Кыргыз ССР*
*илимдер академиясынын*
*академиги*
*Игорь Алексеевич*
*Батмановго*
*арнайбыз*

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ

# ОРХОНО-ЕНИСЕЙСКИЕ ТЕКСТЫ

ИЗДАТЕЛЬСТВО «ИЛИМ»
Фрунзе 1982

ҚЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# ОРХОН-ЕНИСЕЙ ТЕКСТТЕРИ

«ИЛИМ» БАСМАСЫ
Фрунзе 1982

Эмгекте Орхон-Енисей жазуу эстеликтеринин ачылыш тарыхынан кыскача баяндама берилет. Эстеликтердин фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү да каралган. Алардын азыркы кыргыз тилинде окулушу жана орусча котормосу берилип, орусчага которулушу С. Е. Маловдуку боюнча алынды. Эмгектин аягындагы сөздөрдүн байыркы түркчө, кыргызча, орусча окулушу глоссарий катары тиркелип берилди.

Монография тилчи окумуштууларга, мектеп жана жогорку окуу жайларынын кыргыз тил мугалимдерине, филология факультеттеринин студенттерине, ошондой эле кыргыз тилинин тарыхына кызыккан окурмандардын кеңири аудиториясына арналат.

Басмага Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар совети тарабынан бекитилген
жана Кыргыз ССР илимдер академиясынын
РИСОсу кабыл алган

Жооптуу редакторлор:

филология илимдеринин доктору С. Кудайбергенов,
филология илимдеринин кандидаты С. Сыдыков

Рецензенттер:

Казак ССРнин илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти,
филология илимдеринин доктору Г. Т. Мусабаев,
Кыргыз ССР илимдер академиясынын анык мүчөсү,
филология илимдеринин доктору Б. Орузбаева

7—1—3

© Издательство «Илим», 1982 г.

## *СӨЗ БАШЫ*

Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун түркология секторунун илимий кызматкерлери Орхон-Енисей жазууларын окуучулардын кеңири аудиториясына тааныштыруу максатында алардын азыркы кыргыз тилинде окулушун иштеп чыгарууну пландаштырышкан.

Эмгек хрестоматия тибине кирет. Эстеликтин кыргызча котормосу көркөм котормо эмес, илимий котормо. Ушуга байланыштуу байыркы жазма эстеликтердин кыргызча окулушун берүүдө эстеликтердеги сөз жана сөз айкалыштарды, сүйлөм түзүлүштөрдү грамматикалык формалар жана категорияларды толук сактоого аракеттендик. Мунун максаты — байыркы эстеликтин тили азыркы кыргыз тилинен канчалык даражада айырмалана тургандыгын же, тескерисинче, жакындык түзө тургандыгын байкоо. Ушу себептен эстеликтердеги айрым сөз же сөз тизмектери жана сүйлөм түзүлүштөрү азыркы кыргыз адабий тилибиздегидей жатык болбой калуусу толук ыктымал.

Жазууларды кыргызчалоодо кийинки мезгилдердеги айрым түркологдордун киргизген түзөтүүлөрү жана айткан пикирлери да эске алынды. Мисалы, Енисей эстеликтери боюнча С. Е. Маловдун жана И. А. Батмановдун окуп чыккан варианттары салыштыруу иретинде киргизилди. Орусча котормосу С. Е. Маловдуку боюнча берилди. Эстеликтердин түркология илиминде кабыл алынган шарттуу катар номерлери да сакталды.

Эмгектин акырында Орхон-Енисей эстеликтериндеги сөздөр жана алардын кыргызча, орусча, котормосу да глоссарий катарында алфавит тартибинде тиркелди.

Ар бир эстеликтин котормосун берүүнүн алдында да эстеликтердин кайсы жерден, качан жана ким тарабынан табылгандыгы жана окулгандыгы жөнүндө кыскача кабар берилет.

Эмгектин киришүү бөлүгүн С. Сыдыков жазып, Күл-Тегинге арналган эстеликти кыргызчалаган. Онгин, Могильян жана Монголиядагы майда эстеликтерди К. Ашыралиев, Тонукук, Талас эстеликтерин, тиркемени М. Толубаев, Енисей эстеликтерин Б. Осмоналиева, Моюн-Чур жана Күлү-Чур эстеликте-

рин А. Махмануров иштеп чыгышты. Эстеликтердин лексикалык, фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүнө кыскача мүнөздөмөнү К. Ашыралиев жазды.

Авторлор коллективи кол жазманы басмага даярдоо учурунда атайын окуп чыгышып, баалуу кеңештерин жана сунуштарын айтышкан жолдошторго ыраазылыгын билгизет. Эмгекте байкалган айрым кемчиликтер же сунуштар болсо, аларды Кыргыз ССР илимдер академиясынын Тил жана адабият интитутунун түркология секторуна билдирүүнү өтүнөт.

## *КИРИШҮҮ*

Борбордук Азия менен Орто Азияда жашаган түрк элдеринин тарыхында айрыкча орунду рун, б. а. байыркы Орхон-Енисей жазуусу ээлейт. Көчмөн чарбадагы элдердин ичинен тарыхта байыркы түрк уруулары өндүү өздөрүнөн кийин жазуу издерин калтырган элдер аз. Бул жагынан алганда байыркы Орхон-Енисей эстеликтери түрк элдеринин материалдык-маданий байлыгы катары таанылууга да тийиш. Белгилүү түрколог С. Е. Малов: «...Бул жазуу эстеликтерден, айрыкча этнографиялык жакган, көп нерселерди алууга болот. Биз үчүн өзгөчө эстеликтердин тилдик материалдары өтө баалуу»[1], — деп белгилейт.

Чындыгында таш бетиндеги бул тарых, биринчиден, байыркы түрк элдеринин социалдык турмуш тиричилигин, экономикалык-саясий, тарыхый кырдаалдарын жеткилең баяндаса, экинчиден, бул элдердин тилинин V—IX кылымдардагы өсүп, өнүгүш абалын илимий негизде изилдөөгө база болуп да саналат. Эстеликтердин баалуулугу жогоруда айтылгандар менен гана чектелип калбайт. Тескерисинче, бул жазуу эстеликтер ар тармактуу кылдат изилдөөнү талап кылат.

Тарыхый-хроникалык маалыматтарга караганда биздин эранын башкы кылымдарында эле Борбордук жана Орто Азияда көчмөн уруулар жашап, булардын түпкү теги хунн[2]

---

[1] *Малов С. Е.* Памятники древнетюркской письменности. — М.—Л., 1951, 12-бет.

[2] Хунндар жөнүндө илимий адабияттар өтө көп. Төмөндө алардын ичинен негизги адабияттар менен таанышууну сунуш кылабыз: *Бичурин Н. Я.* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена, т. I. — М.—Л., 1950; *Бернштам А. Н.* Очерки истории хуннов. Л., 1951; *Иностранцев К.* Хунны и гунны. — Л., 1926 (Гунндар жөнүндө байыркы чыгыш хроникаларынан которулган материалдар да Э. Шевандын жана Н. В. Кюнердин эмгектеринде да бар. Ал эми хунндардын тилине байланыштуу маселени G. Clouson. Türk, Mongol, Tungus — (Asia Maior new series, Vol, VIII, 1960) деген эмгегинде кара-

жана динлиндердин уруу бирикмесине барып такалат. Динлин жана хунн деген ат менен ал кездеги турмуш тиричилиги окшош келген көчмөн уруулар аталган деген ойлор айтылууда. Балким, ушул көчмөн уруулардын турмуш тиричилиги окшош болсо да, алар ошо мезгилде эле ар кандай наречие же диалектилерде сүйлөшү толук ыктымал. Демек, хунн же динлиндердин уруулук бирикмесиндеги ар кандай көчмөн уруулардын (азыркы түрк тилинде сүйлөгөн көпчүлүк элдердин) тек жайын же тилинин алгачкы башат тарыхын ушул хунн жана динлиндерден баштап иликтөө кийинки кездеги багыттуу маселелерден болуп эсептелет.

Айрым окумуштуулар «динлин» түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын жалпы аты болгон, кийин «динлин» «чиле», же андан «теле»[1] болуп аталып кеткендигин эскертишет.

Динлиндердин түндүк жана батыш динлиндерге бөлүнгөндүгү жөнүндөгү кабарды тарыхый материалдардан да учуратабыз. Түндүк динлиндер хунндардын түндүгүндө Байкал көлүнүн аймагында жашашкан болсо, батыш динлиндер усундардын[2] батыш тарабында, Или дарыясынын алабында жашагандыгы айтылат.

Байыркы летопистерде хунн жана динлин уруулары менен катар байыркы кыргыздар эскерилип, алардын жери Орхон жана Тола сууларынын жээгиндеги хунндардын борборунан 700 жана азыркы Турфандан 500 чакырым түндүккө Чеши жана Гусу, Чыгыш Түркөстанга, б. а. Кыргыз-Норго (нор) (нур—монголчо «көл» деген мааниде) чейин жеткендиги белгиленет[3]. Бул өңдүү кабарлар түрк урууларынын ата-бабаларына тийиштүү эң байыркы кабарлардан болуп эсептелет*.

Биздин эранын миңинчи жылдарынын орто ченинде Борбордук жана Орто Азиянын чыгыш тарабында түрк жана монгол тилдеринде сүйлөгөн уруулар жашаган. Минусинск ойдуңунда байыркы кыргыздар, Орхондо, Селенганын Байкалга куйган алабында, жана анын батыш тарабында ашин уруулук бирикмеге кирген төлөс, тардуш, теле уруулары мекендешкен. Ал эми төлөстөрдүн батыш жагында алтайлыктардын ата-бабалары, түштүк жагында уйгурлар, Байкалдын жээктеринде жана анын батыш жагында курыкандар

---

ган. Айрым изилдөөчүлөр хунндардын элдик аты «хун» («гун») болгон деген болжолдорду айтышат. Илимий адабияттарда «хун» же «гун» формалары да сакталган.

[1] Караңыз: История Тувы, т. 1. — М.: Наука, 1964.

[2]. *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. — М., 1961, 281-бет.

[3] *Бартольд В. В.* Соч., т. II, ч. I, V. — М.: Изд. Восточной литературы, 1963, 476—477-беттер.

* Бул жөнүндө толугураак кабарды Н. В. Кюнердин жогоруда аталган эмгегинен табууга болот.

(якуттардын ата-бабалары), чыгышында отуз татарлар (монгол тилинде сүйлөгөн уруулар), алардын түндүгүндө тогуз огуздар жайгашкан[1].

Енисейдин жогорку агымында, Минусинскиде жашаган байыркы кыргыздардын, карагастардын (тофалардын), хакастардын, тувалыктардын жана Алтайдагы башка элдердин ата-бабалары тыгыз карым-катышта болушкан.

Жогорудагы айтылып кеткен түрк урууларынын (анын ичинде байыркы кыргыздардын) тилдеринин өзгөчөлүктөрүн толук бере алган жазуу системасы болгон[2].

Илимде байыркы түрк же Орхон-Енисей[3] (рун жазуусу да делет) жазуусу деп аталган жазуу азыр илимий чөйрөгө кеңири белгилүү. Бул жазууну Борбордук жана Орто Азияда жашаган байыркы түрк уруулары пайдалангандыгы өткөн кылымда эле аныкталган. Малов бул эстеликтерди шарттуу түрдө биздин эранын V кылымынан тартып да белгилейт[4].

Орхон-Енисей жазууларынын ачылышы жөнүндөгү маалымат XVII кылымдын 90-жылдарына таандык. Убакыт өткөн сайын сырдуу жазуу тууралу кабарлар жана материалдар да көбөйө берет. 1697-жылы С. У. Ремезовдун эки картасы басылып чыгат. Ушул картада азыркы Таластагы бай-

---

[1] Бул жөнүндө толук кабар төмөнкү эмгектерде берилген. Караңыз: *Бернштам А. Н.* Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI—VIII веков. — М.—Л., Изд-во АН СССР, 1946; *Киселев С. В.* Древняя история Южной Сибири. — М., 1951; *Потапов Л. П.* Народы Южной Сибири в IV—VIII вв. — Материалы по древней истории Сибири. — Улан-Уде, 1964; Письменность енисейских киргизов (Краткие сообщения Института истории материальной культуры им. Н. Я. Марра, XXV, 1949); Очерки по истории алтайцев. — М.—Л., 1953; *Бартольд В. В.* Соч., т. I; Древняя Сибирь. — Л., 1968; История Тувы, т. I. — М., Наука, 1964; *Сердобов Н. А.* История формирования Тувинской нации. — Кызыл, 1971; *Гумилев А. Н.* Древние тюрки. — М., 1967.

[2] *Радлов В. В.* Die alttürkischen inschriften der Morgolei, вып. I.— СПб., 1895; *Томсен В.* Дешифровка орхонских и енисейских надписей (русский перевод В. Розена, ЗВО, вып. III—IV, 1894; *Мелиоранский П. М.* Памятники в честь Кюль-Тегина. — Записки Восточного отделения Русского археологического общества, т. XII, вып. II—III. — СПб., 1899; *Массон М. Е.* К истории открытия древнетурецких рунических надписей в Средней Азии. — Материалы Узкомстариса, вып. 6—7. — М.—Л., 1936; *Малов С. Е.* Енисейская письменность тюрков. — М., 1952; *Батманов И. А.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. — Фрунзе, 1959; *Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф.* Современная и древняя енисеика. — Фрунзе, 1962; *Насилов В. М.* Язык орхоно-енисейских памятников. — М., 1960.

[3] Байыркы түрк жазуусу Орхон жана Енисей дарыяларынын алабынан табылгандыгынан улам «Орхон-Енисей эстеликтери» же «Орхон-Енисей жазуулары» деп аталган.

[4] Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. — М., 1952, 7—8-беттер.

ыркы түрк жазуусу табылган жер белгиленет. Белгилүү географ, картограф жана этнограф С. У. Ремезов «Описание сибирских народов и граней их земель» деген көлөмдүү жыйнагында Сибирь хандарынын генеалогиясын, алардын жайгашкан чегин, Сибирде шаарлардын пайда болуу тарыхын, татар көчмөн элдердин үрп-адаттары, тунгус-маньчжурлар жөнүндө ар түрдүү баалуу кабарларды топтогон. С. У. Ремезовдун чыгармачылыгы жана анын илимге кошкон салымы жөнүндө Л. А. Гольденберг «Семен Ульянович Ремезов. Сибирский картограф и географ, 1642 — после 1720 г.» деген 1965-жылы Москвада чыккан эмгегинде жана А. И. Андреев «Труды Семена Ремезова по географии и этнографии Сибири XVII—XVIII вв. — Проблемы источниковедения, т. III, 1940» деген жыйнакка чыккан макаласында кеңири токтолушкан.

Сибирге жети жыл бою саякат жасаган Д. Мессершмидт да жазуу жөнүндө өз күндөлүгүндө кабарлайт. 1793-жылдары саякатчы, естествоиспытатель П. С. Паллас да бир нече эстеликти таап жарыялаган.

Орхон-Енисей жазуусу жөнүндө кабарды 1730-жылдары Петр I нин убагында туткунга алынып, Сибирге айдалган швед армиясынын офицеры Филипп Йоганн Страленберг сүргүндөн кайткандан кийин кабарлаган[1]. Ал Тоболь шаарында 12 жыл жашап, Сибирдин тарыхын, этнографиясын, географиясын жана тилдик материалдарды изилдөөдө көрүнүктүү из калтырган жана анын «Новое географическое описание Великой Татарии...» (картасы менен), жана «Северная и Восточная части Европы» деген эмгектери өз учурунда илимий чөйрөгө аны кеңири белгилүү кылган.

1818-жылы орус окумуштуусу Г. И. Спасскийдин «Записки о сибирских древностях» деген кабары ошол кезде өзү тарабынан чыгарылган «Сибирский вестник»[2] деген журналга басылат. Ал кабар кийинчерээк латин тилине которулат да, көпчүлүк өлкөлөрдүн окумуштууларынын арасында кеңири белгилүү болот. Француз ориенталисти Абель-Ремюза бул кабарга өзгөчө маани берип жана бул жөнүндө көлөмдүү макала жарыялайт, бул табышмак жазууну усундарга таандык болсо керек деп да болжолдойт. Мындай ойду Г. И. Спасский шекке алып, балким жазуу монгол же калмактарга тиешелүү болушу ыктымал деген ойду айт-

---

[1] *Страленберг Ф. И.* Северная и восточная части Европы и Азии (эмгек 1730-ж. Стокгольмда немец тилинде чыккан). Бул жөнүндө караңыздар: *Кононов А. Н.* История изучения тюркских языков в России. — Л., 1972, 235-бет.

[2] *Спасский Г. И.* Древности Сибири. — Сибирский вестник. — СПб., 1818—1819.

кан. Ал эми жазуунун системасын грек руна жакындаткан Г. Ю. Клапрот болгон.

1874-жылы Аспелин рун жазууларын байыркы финдерге таандык деп да эсептеген. Кийинчерээк ал жазууну коло доордогу маданият менен байланыштырып, Борбордук Азиядагы гунндар жана башка элдерге да таандык болсо керек деген пикирин Одессада өткөн археологдордун съездинде эскерткен.

1881-жылы А. В. Адриянов байыркы түрк жазуусунун фрагменттерин Саян тоосунун түштүгүнөн учураткан жана жазуу эстеликтерди жыйноодо бир топ эмгектенген.

1889-жылы фин окумуштуулары Енисейдеги жазуулардын атласын басып чыгарышат. Ошол эле жылдары Н. М. Янринцевдин атайын уюштурган экспедициясы Орхон-Енисей жазууларын изилдөөдө жаңы этапты баштайт. Орхон суусунун жээгинен Кошо-Цайдам деген жерден тикесинен тургузулган, бети толо жазылган зор ташты табат. Мындай жазуу эстеликтерди изилдөө үчүн атайын экспедициялар уюштурулат. Экспедициялар көптөгөн эстеликтерди ачышат. Жыйналган кабарлар жана таштагы жазуулар окумуштууларды өтө кызыктырат жана алардын сырын чечип окууга дилгир болушат.

Ошентип, XIX кылымда дүйнөлүк окумуштууларга маалым болгон Күл-Тегин жана Могильянга коюлган байыркы түрктөрдүн жазуу эстеликтери ачылат.

Кийинчерээк Петербург илимдер академиясы тарабынан академик В. В. Радловдун жетекчилиги менен өткөн экинчи экспедиция да өз ишин ийгиликтүү жүргүзөт. Экспедицияда чогулган материалдар эки чоң атласка[1] бириктирилип, белгисиз жазуулардын сүрөттөрү жана географиялык карталары кошо берилет.

Эстеликтерди биринчилерден болуп окуган окумуштуулар В. Томсен жана В. В. Радлов болгон. Томсен Күл-Тегинге арналган эстеликтин окулушун тактайт. Енисей жана Монголиядан табылган эстеликтердин көпчүлүгүн Радлов окуп, аларга талдоо жүргүзөт.

1896-жылдары В. Томсен Орхон суусунун алабынан табылган эстеликтердин окулушун толугу менен тактайт[2]. 1889-жылдары В. А. Каллаур жана мугалим Гастев Таластан рун жазуусу бар алты эстеликти табышат.

XIX кылымдын аяк ченинде В. В. Радлов тарабынан та-

---

[1] *Радлов В. В.* Труды Орхонской экспедиции. — Атлас древностей Монголии. — СПб., 1892.

[2] В. Томсендин дешифровкасы.

былган эстеликтердин грамматикалык өзгөчөлүктөрү да такталып чыгат.

XX кылымда түркологдордун экинчи отряды: П. М. Мелиоранский, С. Е. Малов. И. А. Батманов, В. М. Насилов, А. Н. Кононов, Н. А. Баскаков өңдүү көптөгөн түркологдор Орхон-Енисей эстеликтерин изилдөөгө жана ал эстеликтердин фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык өзгөчөлүктөрүн тактоого киришишет.

Орхон-Енисей жазуу эстеликтерин көп кырдуу планда изилдөө иштери айрыкча С. Е. Маловдун «Памятники древнетюркской письменности» (1951), «Енисейская письменность тюрков» (1952), «Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии» (1959) деген эмгектери жарыкка чыккандан кийин башталган.

Орхон-Енисей эстеликтерди ачууда жана аны илимий чөйрөгө кеңири белгилүү кылууда академик И. А. Батмановдун[1] салымы өтө чоң. Изилдөөчүнүн ушул тармакта жүргүзгөн илимий иштери рун жазууларын изилдөө тарыхында үчүнчү этапты ачкан дешке болот. Енисей региону боюнча жаңы жана мурунку табылган эстеликтерди кайрадан тактап окуп чыгып, аларды «Памятники Тувы» деген үч жыйнакта чагылдырган.

Кийинки мезгилдерде советтик түркологдордун жаңы муундары Орхон-Енисей жазуу эстеликтердин фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык түзүлүштөрүн изилдөө проблемаларына арналган кандидаттык жана докторлук диссертацияларды жазышты жана жазууда. Ушул планда В. Г. Кондратьевдин «Очерк грамматики древнетюркского языка» (ЛГУ, 1970); А. С. Аманжоловдун «Материалы и исследования по истории древнетюркской письменности». Алма-Ата, 1975 (ДД); Г. Айдаров. «Язык орхонского памятника Билге каган». Алма-Ата, 1966; «Язык орхонских памятников древнетюркской письменности VIII века». Алма-Ата, 1971; Н. Антонов. «Древнетюркский язык VI—VIII вв». Якутск, 1970 (якут тилинде). Орхон-Енисей эстеликтерин салыштырып изилдөө боюнча окуу курал катары иштелген М. Р. Федотовдун «Древнетюркский язык». Чебоксары, 1973. А. Д. Шукуров жана А. М. Маграмованын «Язык памятников древнетюркской письменности». Баку, 1976, (азербайжан

---

[1] *Батманов И. А.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. — Фрунзе, 1959; *Батманов И. А., Арагачи З. Б., Бабушкин Г. Ф.* Современная и древняя енисеика. — Фрунзе, 1962; Древние тюркские диалекты и их отражение в современных языках. Под ред. Батманова. — Фрунзе, 1971; Таласские памятники древнетюркской письменности.— Фрунзе, 1971; *Батманов И. А.* и *Куна А. Ч.* Памятники древнетюркской письменности Тувы. I—II—III. — Кызыл, 1963—1965.

тилинде) деген эмгектер да жарык көрдү. Ал эми эстеликтердин айрым маселелерине арналган Л. Р. Кызласов, Э. Р. Тенишев, Д. М. Насилов, А. М. Щербак, С. Г. Кляшторный, И. В. Кормушин, В. Г. Кондратьев, И. Н. Шершавидзе, У. Асаналиев, Д. Д. Васильев, А. С. Аманжолов, А. А. Раджабов, Е. Агманов, А. Исламова, М. И. Боргояков, Ч. Джумагулов, С. Сыдыков ж. б. авторлордун макалаларын да эскертүүгө болот.

1965—1980 жылдар аралыгында Орхон-Енисей эстеликтеринин материалдары боюнча бир канча кандидаттык жана докторлук диссертациялар да жазылды. Алсак: Е. Агманов. «Именно-атрибутивное слосовосочетание в языке памятников древнетюркской письменности», Алма-Ата, 1964, (КД); В. Г. Кондратьев. «Очерк грамматического строя языка памятников рунической письменности VIII в. из Монголии», 1965 (КД); А. А. Раджабов. «Язык орхоно-енисейских памятников древнетюркской письменности», Баку, 1967 (КД); аныкы: «Глаголообразование в языке орхоно-енисейских памятников», «Алма-Ата, 1977 (ДД); А. Эсенгулов. «Словообразовательные аффиксы в языке орхоно-енисейских памятников» (Орхон-енисей жана Талас эстеликтеринин негизинде). Алма-Ата, 1969, (КД); К. Ашыралиев. «Древнетюркские элементы в современных тюркских языках», Фрунзе, 1969 (КД); М. А. Ахметов. «Глагол в языке орхоно-енисейских памятников» (азыркы башкыр тили менен салыштыруу планында), Саратов, 1978 (КД, 1970); М. Махматкулов. «Аналитический способ словообразования в языке древнетюркских памятников», Ташкент, 1973 (КД); И. Н. Шершавидзе. «Формы глагола в языке орхоно-енисейских надписей», Тбилиси, 1977, (КД); А. А. Кулиев. «Наличие формы глаголов в языке орхоно-енисейских памятников» (азербайжан тили менен салыштыруу планында), Баку, 1978, (КД).

Орхон-Енисей эстеликтери адабияттык изилдөөлөрдүн предмети катары да иштелүүдө. Бул планда И. С. Стеблованын «Поэзия тюрков VI—VIII веков» (М., 1965) деген эмгегин белгилөөгө болот. Ал эми тарыхый планда иштелген С. Г. Кляшторныйдын «Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии» (М., 1964) жана А. Н. Бернштамдын «Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI—VIII веков» (М.—Л., 1946); Л. Н. Гумилевдун «Древние тюрки» (М., 1967) деген эмгектери азыр түркология илимин изилдөөнүн жогорку деңгээлин белгилеген эмгектерден деп таанылууда.

Орхон-Енисей эстеликтеринин тилдик өзгөчөлүктөрүн жалпысынан жыйынтыктаган эмгекти СССР илимдер академиясынын академиги А. Н. Кононов 1980-жылы жарыкка

чыгарды[1]. Биздин эмгектин ушул учурда басмага өтүп кеткенине байланыштуу бул баалуу эмгектен пайдалана албай калдык.

Байыркы түрктөрдүн бул эстеликтерин изилдөөдө Ю. Немет, В. Котвич, Г. Рамстедт, В. Банг, А. Габен, Х. Оркун, Т. Текин, А. Жафер-оглы, А. Эмре, Д. Клосон, П. Аолто өңдүү чет өлкөлүк окумуштуу түркологдордун сиңирген эмгектери да чоң. Ал эми ушул эстеликтерди табуу жагынан А. В. Адрианов, Октябрь революциясынан кийин С. В. Киселев жана Л. А. Евтюхованын иштерин айрыкча белгилөөгө болот. Табылган байыркы жазуу эстеликтердин жалпы саны ушу кезде 120 дан ашып калды. Алардын көпчүлүгү Тува автономиялуу республикасынан, Хакас жана Алтайдан, Монголиядан жана Кыргызстандан, Или суусунун алабынан табылган. Эстеликтер негизинен чоң стела таштарга, асканын жылмакай беттерине жана кой таштарга чегилген. Бирок кээ бир жазуулардын майда буюмдун беттерине да (күзгү, коло, чыны ж. б.) жазылгандыгы археологиялык изилдөөлөрдөн улам белилүү. Ал эми согди князи Диваштичтин архивдик материалдарынын арасынан кол жазма иретинде да Орхон-Енисей жазуусунун фрагменти табылган. Бул фрагмент өз учурунда В. Томсен тарабынан 1893-жылы окулган. Анын текстин В. В. Радлов которуп, 1894-жылы 19-январда Россия илимдер академиясынын заседаниесинде баяндалган.

Орхон-Енисей типтеги белгилер Талас жана Чүй өрөөнүнөн табылган түргөштөрдүн VIII кылымдагы тыйынынан да жолуккан[2].

Кийинки кезде Таластан табылган эстеликтер менен Енисейден табылган эстеликтердин тамгалары жана айрым грамматикалык каражаттары Орхондон табылган эстеликтерге караганда белгилүү окшоштукту түзө тургандыгы айрыкча белгиленүүдө[3].

Ал эми байыркы түрк жазуусунун чыгышы жөнүндө ар кандай ойлор жана көз караштар да айтылып келе жатат. В. Томсен пехлеви, арамей-согди жазуусунан оошу ыктымал деп болжолдосо, О. Донер бул жазуудагы бир нече тамганы аршакид тыйынындагы белгилер менен да жакындаштырат.

Жазуунун чыгышы хорезм-согди жазуусунун негизинде

---

[1] *Кононов А. Н.* Грамматика языка тюркских рунических памятников VII—IX вв. — Л., 1980.

[2] *Бернштам А. Н.* Тюргешские монеты. — Труды отдела Востока Государственного эрмитажа, т. II, 1940.

[3] *Батманов И. А.* Таласские памятники древнетюркской письменности. — Фрунзе, 1971, 27-бет.

өнүгүшү мүмкүн деген ойду кийинки кезде чыгышты изилдөөчүлөр баса көрсөтүп жүрүшөт. Окумуштуу Блоше байыркы түрктөр байыркы жужандар аркылуу хунндардан, ал эми хунндар болсо биздин эрага чейин 200 жыл мурда эле арамей жазуусунан өздөштүрүшкөн болуш керек деген ойду айткан. Н. А. Аристов Орхон жазууларын түрктөрдүн тамгаларынын негизинде пайда болушу мүмкүн деп эсептеген. Бирок Орхон-Енисей жазуулары жеке эле эн тамгалардын негизинде өнүктү деп корутунду жасоо азырынча калпысыраак. Ошондой болсо да Орхон-Енисей жазуусунун ичинен арамей жазуусунда кезикпеген 15 тамганы окумуштуу В. Томсен аныктаган жана буларды жергиликтүү толуктоолор болуш керек деп эсептеген.

Жазуунун системасында Енисейдеги эзелтеден бери колдонулуп жүргөн тамга-белгилердин[1] бар экендигине тарыхчы С. В. Киселев да күнөм кылбайт. Ал эми айрым окумуштуулар бул жазууда идиографиялык мотив бар деп эсептешет, анткени «ай» деген сөздүн жазылышы ❫ — **жарым ай** түрүндө, «ок» деген сөздүн жазылышында ↓ — к тыбышы жаанын огу сыяктуу белгилердин болгондугуна көңүл бурушат. Балким байыркы тамгалар менен идиограммалардын негизинде өнүккөн болуш керек деген ойду И. А. Батманов да айтат.

Чындыгында Түштүк Сибирдеги жана Орто Азиядагы түрк элдеринин байыркы эн тамгалары менен жазуунун системасындагы айрым тамгалардын белгилүү даражада окшоштугу бар экендиги байкалат. Мисалы, кыргыздардын эн тамгасындагы ай тамга— ❫, жаа тамга — ⋺-, жүрөк тамга— ○, куш тамга —V, жана (·), (×), (−) сыяктуу белгилерди жазууда ❫ — н, ○ м, (−), (×) нт, > — **у тамгалары менен** салыштырууга болот. Кыскасын айтканда, Орхон-Енисей жазууларынын чыгышы жөнүндө азырынча так жыйынтык чыгаруу кыйын. Ошондой болсо да, бул жазуунун системасы ал кездеги түрк урууларынын тилдик өзгөчөлүгүн толук бере алган унификацияланган жазуу болгон.

Кийинки мезгилдерде түркологдордун арасында бул жазуу Енисейден Орхонду көздөй тараганбы, же Орхондон Енисейге жеткенби деген суроо чыгып жүрөт. Бирок бул аталган территорияларда жазуунун бирдей өнүгүшү да ыктымал. Ошондой болсо да эстеликтердеги тамгалардын жазылышын салыштыруу аркалуу В. В. Радлов, П. М. Мелио-

[1] *Киселев С. В.* Древняя история Южной Сибири. — М., 1951, 611-бет.

ранский, С. Е. Малов жана И. А. Батманов өңдүү түркологдор Енисейдеги жазуулар Орхондогу жазууларга караганда алда канча илгери болгондугуна күнөм кылышпайт.

Байыркы түрктөрдүн жазуу эстеликтеринин ачылышынан бери кыйла мезгилдер өтсө да, эстеликтердин тилдик фактылары, лексикалык байлыгы жана фонетикалык, грамматикалык каражаттары азыр да түркология илиминин негизги изилдөө тематикасы болуп келе жатат.

Азыр кыргыз, тува, хакас жана башка түрк элдеринин тилинин тарыхын изилдөөдө эстеликтердин тилдик фактылары негизги фундамент катары кызмат кылууда.

Кийинки кездерде түркология илиминде татаал жана синтетикалык темаларды изилдөө проблемасы пландаштырылып жатат. Ар бир конкреттүү тил же тилдик топтор боюнча тарыхый грамматикаларды түзүү, этимологиялык жана тарыхый сөздүктөрдү жаратуу өңдүү орчундуу маселелер түркологдордун күн тартибиндеги проблемалардан. Ошондуктан мындай олуттуу маселелерди чечүүдө биринчи кезекте азыркы түрк тилдери менен байыркы Орхон-Енисей эстеликтерин өз ара салыштыруу эң маанилүү маселелерден болуп саналат. Анткени бул өңдүү салыштыруу тилдердин өнүгүү-өсүү процессин айкындоочу бирден бир туура жол болуп эсептелет. Мындай салыштыруунун негизинде азыркы түрк тилдеринин бардыгы эле Орхон-Енисей эстеликтеринин тилдик каражаттарын бирдей даражада сактабагандыгын да байкоого болот. Мисалга алсак азыркы кыргыз, хакас, алтай, тува тилдеринде айрыкча Енисей эстеликтеринин лексикалык каражаттары дээрлик сакталса, огуз группасына кирген тилдерде Орхон эстеликтеринин өзгөчөлүктөрү байкалат.

«Манас» эпосундагы «агар алтын ак күмүш» деген ыр саптагы «агар» деген сөз эстеликтерде агы формасында — асыл буюм маанисинде айтылат. Ошондой эле эстеликтерде бөкбөдим — «жыргабадым», «куунабадым» деген сөздөр азыркы кыргыз тилинде (Қ. Қ. Юдахиндин сөздүгүндө) бөк— «майга бөктүм» деген сөз тизмегинде кездешет. Мындай сөздөр огуз группасына кирген тилдерде байкалбайт. Айрыкча архаизмге айланган сөздөрдү жогоруда аталган элдердин баатырдык эпосторунан көп учуратууга болот. Алардын көпчүлүгү Орхон-Енисей жазуусунда сакталган. Ушул сыяктуу эле, эстеликтерде жана аталган тилдерде социалдык терминдер да бирдей мааниде колдонулгандыгы байкалат. Мисалы, Енисей эстеликтеринде сиңил — сиңди, бег — бек, эр (ир, эрен) — эр//эрен ж. б.

Эстеликтерде жоокерчилик эрдикти ачык сүрөттөө макса-

тында баатырдын кандай атты минип жоого тийгендиги айрыкча сүрөттөлөт.

Мисалы: ...Бир отуз йашыӊа Чача сеӊүнке сүӊүшдимиз; эӊ илки Тадыкын Чурыӊ боз атыг бинип тегди, ол ат анта өлти. Экинти Ышбара йамтар боз атыг бинип тегди, ол ат анта өлти; үчинч Йегин Силиг Бегиӊ кедимлиг торыг атыг бинип тегди, ол ат анта өлти...

...(Күл тегин) жыйырма бир жашында Чача сеӊүнгө каршы салгылаштык. Эӊ алгач Тадыкын Чурдун боз (атын минип тийди, ал ат анда) өлдү. Экинчи Ышбара Йамтардын боз атын минип тийди, ал ат анда өлдү. Үчүнчү (ирет, жолу) Йегин Силиг Бектин токулуу (камдалуу) тору атын минип тийди, ал ат анда өлдү (КТ. 32, 33). Ушул сыяктуу эле, кыргыз, тува, алтай элдеринин баатырдык эпосторунда баатырлар, алардын ажырагыс жан досу болгон тулпарлары өзгөчө эпитеттерге бай экендиги бардыгыбызга белгилүү.

Эстеликтерде кезиккен адам аттарынын структурасы бир сөздөн: Агуш, Асман, Туган, Багыр, Буйла; эки сөздөн: Күч Барс, Күч Өге, Өз Билге, Кара Барс, Ил Чур ж. б. жана Өгдем Ынал Алп, Көк Амаш Тутук, Күч Күл Тутук, Сабра Тамган Чур өңдүү үч компоненттен турган аттар кездешет.

Байыркы Орхон-Енисей эстеликтеринде бай, алп, арслан, бөрү, барс, күл, күлүг, тай өңдүү эпитеттер адам аттарынын компоненттери катары көп учурайт. Бул өңдүү адам аттарынын жасалышы азыркы түрк тилдеринде да дале болсо орун алат.

Мисалы, кыргыз тилинде: Арстанбек, Маркатай, Бөрүбай ж. б. Ушул сыяктуу эле, көпчүлүк аттар («каган», «кан» деген компонент менен да келүүсү мүнөздүү. Мисалы, Бекли каган, Баз каган, Инел каган, Истеми каган. Салыштыр: Кыдыр+кан, Айдар+кан, Асыл+кан ж. б.

Эстеликтерде энчилүү аттардын мындай кошумча эпитеттерге ээ болуусу, балким, адам а деп төрөлгөндө жалпы ат коюлуп, андан кийин анын иштеген ишин же жасаган эрдигин мүнөздөгөн кошумча ат берилиши мүмкүн.

Орхон-Енисей эстеликтеринде кезиккен кээ бир аттар азыркы алтай, кыргыз, хакас тилдеринде кээ бир гана фонетикалык айырмачылыктар менен кездешет. Мисалы, Орхон-Енисей эстеликтеринде — Багыр, Татыкын деген аттар алтай тилинде: Багдыр, Тадыш, Тадыкин; Орхон-Енисей эстеликтеринде: Тинеси — хакас тилинде — Тинек, Болчур, Туган; кыргызча Болчур, Тууган (Тууганбай) ж. у. с.

Эстеликтерде энчилүү аттар менен катар көптөгөн топонимдер да кезигет. Алардын айрымдары азыр да Түштүк Сибирь менен Орто Азияда жашаган түрк элдеринин географиялык атоолорунда кайталанат. Мисалы, Кара-Кум, Кем,

Эртис (Иртыш), Алтун-Йыш — (Алтын Жыш), Қара-Қөл, Селеңе (Селенга), Оркун (Орхон), Өтүкен, Қазлук-Қөл, Қөмүр-Таг (Қөмүр Тоо) ж. б. Эстеликтерде кезиккен этнонимдердин көпчүлүгү алтай, хакас, тува, кыргыз жана казак элдеринин мурунку уруулук атоолорунда сакталган.

Жыйынтыктап айтканда, байыркы Орхон-Енисей эстеликтериндеги лексикалык каражаттар азыркы түрк тилдеринде дээрлик сакталган. Ошондой эле азыркы түрк тилдериндеги сөз түркүмдөрдүн жалпы системасы эстеликтердеги структура менен бирдей экендигин белгилөөгө тийишпиз. Бирок азыркы түрк тилдеринде грамматикалык категориялар кеңейип, сөз өзгөртүү жана сөз жасоо системалары байыды. Кээ бир грамматикалык формалардын мааниси так ажырады.

Ал эми азыркы кыргыз жана ага жакын тектеш тилдердин эстеликтердин тилинен айырмалана турган фонетикалык, грамматикалык, асыресе лексикалык белгилери Енисей доорунан кийин пайда болду деген ойду кийинки кезде түркологдор баса белгилөөдө. Мына ушунун негизинде Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде жолукпаган кээ бир тыбыштык айкашуулар, созулма үндүүлөр жана лексикалык өзгөчөлүктөр кийинки узак мезгил ичиндеги өнүгүүнүн натыйжасы болушу керек деп жыйынтык жасоого мүмкүнчүлүк берет.

Төмөндө Орхон-Енисей эстеликтеринин фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык өзгөчөлүктөрүнө өтө кыска токтолуп өтмөкчүбүз.

## ФОНЕТИКАЛЫҚ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

### Үндүү тыбыштар

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде үндүү тыбыштар сегиз: а, э(е), ы, и, о, ө, у, ү. Эстеликтерде көпчүлүк учурларда үндүү тыбыштар жазылган эмес, кээ бир сөздөрдө толук сакталган. Мисалы: БьН — бен, БьҢ — биң (миң), ЛТУ — алты; БьЫС — биз, БьЫЧЫН — бичин (мечин).

Қыска үндүүлөр: «а» фонемасы сөздүн бардык позициясында жолугат. Мисалы:

Сөздүн башында: Орх.-Ен. ата//ада (М. 361), кырг. ата; Орх.-Ен. адак (Е. 10; ДТС. 8), кырг. айак; Орх.-Ен. ай (Е. 10, 11, 27—29; ДТС. 24), кырг. ай; Орх.-Ен. ак (Е. 2, 49), кырг. ак.

Сөздүн ортосунда: Орх.-Ен. кулак//кулгак (Мог. 12; ДТС. 465), кырг. кулак; Орх.-Ен. адас//адаш (Е. 26; ДТС. 9), кырг. жолдош; Орх.-Ен. кадын (Е. 17; ДТС. 462), кырг. катын;

Сөздүн аягында: Орх.-Ен. кара (Е. 3, 10, 11, 19, 24, 26, 32, 45; ДТС. 422), кырг. кара; Орх.-Ен. ана (Е. 41, 51; ДТС. 43), кырг. эне; Орх.-Ен. анта//анда (Е. 11; ДТС. 44, 45), кырг. анда;

«Э» /е/ фонемасы: «э» фонемасы сөздүн бардык позициясында учурайт.

Сөздүн башында: эр (Е. 2, 3, 5—11, 13, 16; ДТС. 175); кырг. эр; Орх.-Ен. эки (Е. 16, 42, 49; ДТС. 167); кырг. эки; Орх.-Ен. эрк (Е. 5, 10, 29; ДТС. 179), кырг. эрк; Орх.-Ен. экиз (Е. 29; ДТС. 168), кырг. эгиз;

Сөздүн ортосунда: Орх.-Ен. (Е. 3; ДТС. 296), келин, кырг. келин; Орх.-Ен. бел (Е. 10; ДТС. 93), кырг. бел; Орх.-Ен. бен//мен (Е. 1, 9, 10, 11, 15, 16, 19, 20; ДТС. 94, 340), кырг. мен; Орх.-Ен. йетмиш (Е. 11, 27, 41, 42, 45, 49; ДТС. 259), кырг. жетмиш, жетимиш.

Сөздүн аягында: Орх.-Ен. не (Е. 42, 51; ДТС. 356), кырг. эмне; Орх.-Ен. нине (Е. 30), кырг. эне, бирле (КТ. 1, 4; Тон. 7; Е. 10; ДТС. 102), кырг. бирге; Орх.-Ен. йегирми, игирме (Е. 43; ДТС. 260), кырг. жыйырма.

Эстеликтерде[1] «э» жана «и» фонемасы диалектилик белги катары каралып жүрөт. Мисалы:

Орх.-Ен. эл (Тал. 3; КЧ. 3), ил (Мог. 27; МЧ. 1), кырг. эл; Орх.-Ен. бес//бис (Мог. 25, 28; МЧ. 18), беш (Е. II, 45; ДТС. 96), кырг. беш.

Орх.-Ен. эки (МЧ. 17, 18; Мог. 25), ики (Е. 29, 31, 43; ДТС. 206), кырг. эки ж. б.

«Ы» фонемасы эстеликтерде сөздүн бардык позициясында кездешет.

Сөздүн башында: Орх.-Ен. ыглат (Е. 28; ДТС. 268, 266), кырг. ыйлайт;

Орх.-Ен. ыдук (КТ. II, 10, 23, 41; ДТС. 217), кырг. ыйык;

Сөздүн ортосунда: Орх.-Ен. йыл (Мог. 27; МЧ. 3, 4, 9; ДТС. 266), кырг. жыл; Орх.-Ен. кызыл (Тон. 52; ДТС. 450), кырг. кызыл; Орх.-Ен. багыр (Е. 26; ДТС. 78), кырг. боор;

Сөздүн аягында: Орх.-Ен. чаблы (Е. 48; ДТС. 142), кырг. шумкар, ылаачын; Орх.-Ен. ашнукы (МЧ. III 32; ДТС. 64), кырг. баштагы, мурдагы.

Орх.-Ен. амты (Е. 47; КТ. I, 3, 11, 13; ДТС. 42), кырг. эми; Орх.-Ен. аты (Он. 1, 4; ДТС. 67), кырг. небире; Орх.-Ен. Шалчы (кишинин аты) (КТ. II, 40, 42, 43).

«И» фонемасы сөздүн бардык позициясында жолугат:

Сөздүн башында: Орх.-Ен. илик (КТ. II 44, Мог. 30), илки (ДТС. 208; Мог. II (Ха 1), кырг. биринчи; Орх.-Ен. ини (Тал. 1; КЧ 24; ДТС. 210), кырг. ини; Орх.-Ен. исиг (КЧ. 1; ДТС. 213), кырг. ысык; Орх.-Ен. ики (Е, 29, 31), кырг. эки.

Сөздүн ортосунда: Орх.-Ен. бир (МЧ. 13; Мог. 29; ДТС. 101), кырг. бир; Орх.-Ен. биз (Мог. 32; ХТ V; ДТС. 104), кырг. биз; Орх.-Ен. йетмиш//йетмис (Е. 11; 09; ДТС. 259), кырг. жетимиш;

Сөздүн аягында: Орх.-Ен. йегирми (МЧ. 18); Мог. 24; ДТС. 253), кырг. жыйырма; Орх.-Ен. йети (Тал. 2, 05; Мог. 24; ДТС. 259), кырг. жети; Орх.-Ен. теңи (Е. 26, 32), кырг. теңи; Орх.-Ен. эки (Тон. 10; КТ. II 27), кырг. эки.

«О» фонемасы эстеликте биринчи гана муундарда кездешет:

Орх.-Ен. огул (Тал. 3, 5), кырг. уулу; Орх.-Ен. тон (КТ. II, 26), кырг. тон; Орх.-Ен. токуз (Мог. 1, 29; МЧ. 3,5), кырг. тогуз;

«Ө» фонемасы эстеликте биринчи гана муундарда

---

[1] *Батманов И. А.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности.— Фрунзе, 1959, 19-бет.

кездешет. Орх.-Ен. көр (МЧ. 22; МЧ. 3; Мог. 2), кырг: көр; Орх.-Ен. көз (Мог. 2; ДТС. 320), кырг. көз; Орх.-Ен. өд (Мог. 29), кырг. өт (адамдын өтү); Орх.-Ен. өлүг (Аа 1; Оа 3), кырг. өлүк;

«У» фонемасы эстеликте сөздүн бардык позициясында жолугат: Орх.-Ен. уйа (Е. 15; ДТС. 607), кырг. уйа (уя); Орх.-Ен. улуг (КЧ. 3; Мог. 34; ДТС. 610), кырг. улуу; Орх.-Ен. булуң (01; ДТС. 124), кырг. булуң; Орх.-Ен. бунча (КТ. I 10, 11; II 20); кырг. мынча;

«Ү» фонемасы эстеликтерде сөздүн бардык позициясында учурайт: Орх.-Ен. үч (КТ. II, 4; Тон. 12; Мог. 32; ДТС. 621), кырг. үч; Орх-Ен. үчүн (Е. 5, 3, 15, 23, 26, 30; КТ. I 9; ДТС. 622), кырг. үчүн; Орх.-Ен. үчүнч (КТ. II 33; ДТС. 622), кырг. үчүнчү; Орх.-Ен. илгерү (КТ. I 2; Мог. 37; ДТС. 208), кырг. илгери; Орх.-Ен. меңкү (Е. 39; ДТС. 341), кырг. мөңгү;

Эстеликтерде негизинен үндөштүк закону сакталган. Жоон үндүүлөр: Орх.-Ен. кал, кырг. кал; Орх.-Ен. таб, кырг. тап; Орх.-Ен. кан, кырг. кан; Орх.-Ен. катыг, кырг. катуу; ичке үндүүлөр: Орх-Ен. беңкү, кырг. түбөлүк; Орх.-Ен. бел, кырг. бел; Орх.-Ен. йети, кырг. жети ж. б.

Эстеликтерде эринчил үндүүлөрдөн кийин эриндешпеген кыска үндүүлөр кездешет:

а) жабык муунда: буңсыз (Мог. 29), кырг. муңсуз; өзин (МЧ. 5), кырг. өзүн; үчүн (Е. 11, 20; Тон. 9), кырг. үчүн;

б) ачык муунда: огул (Тал. 3, 5), кырг. уул; бөри (Е. 11), кырг. бөрү; өлти (МЧ. 17), кырг. өлдү; йүзи (Е. 26), кырг. жүзү; буйрукы (Мог. (Ха) 14), кырг. буйругу.

Эстеликтерде эринчил кыска үндүүлөр экинчи муунда да учурайт:

а) жабык муунда: будун (Мог. 1, 25), кырг. калк (эл); кутлуг (Е. 47), кырг. куттуу; күмүш (Е. 45), кырг. күмүш; отуз (Е. 15, 27), кырг. отуз ж. б.

б) ачык муунда: беңүсү (Е. 9, 30), кырг. белгиси, эстелиги; төрүсү (Е. 10), кырг. буйругу ж. б.

Эстеликтерде кыска үндүүлөрдүн жабык муунунда эриндешүүсү өтө туруктуу, ал эми ачык муунда көпчүлүк учурда үндүүлөр эриндешпейт.

## Үнсүз тыбыштар

Эстеликтерде төмөнкүдөй үнсүз тыбыштар учурайт: б, г, д, з, й, к, л, м, ы, ң, п, р, с, т, ч, ш. Бул тыбыштар азыркы кыргыз тилинде кайталанат. Эстеликтерде үнсүз тыбыштардын каткалаң жана жумшак варианттары бар: б—бь, г—гь, д—дь, й—йь, к—кь, л—ль, н—нь, р—рь, с—сь, т—ть.

«Б» фонемасы эстеликтерде сөздүн бардык позициясында жолугат.

Сөздүн башында: беш//бес (Е. 11, 45; Мог. 25); кырг. беш; биң (Мог. 1; ДТС. 101), кырг. миң; боз (КЧ. 4; ДТС. 115), кырг. боз;

Сөздүн ортосунда: кабай (Е. 41), кырг. бешик; табар (МЧ. 29), кырг. мүлк (табар); табгач (Тон. 2, 7, 9, 10, 11), кырг. табгач; эблиг (Тал. 6, 11), кырг. үй кызматкери.

Сөздүн аягында: каб (ХТ. IX, 1; ДТС. 420); кырг. кап; аб (КЧ. 9; ДТС. 1), кырг. аң; еб (Оа 2; МЧ. 14; Мог. 25; ДТС. 162), кырг. үй; суб (МЧ. 2; Оа 4; Мог. 35; ДТС. 515), кырг. суу; саб (Мог. 1; ДТС. 478), кырг. сөз; чаб (КЧ. 17; ДТС. 135), кырг. даңк.

Орхон-Енисей эстеликтеринде[1] «б» жана «м» фонемалары диалектилик белгилер катары эсептелет. Ал төмөндөгүдөй мисалдар менен далилденилет. Мисалы: Орх-Ен. бен (Е. 3; 9—11; ДТС. 94), мен; (Е. 10, 28, 29; ДТС. 340), кырг. мен; беңгү (КТ. I 8; Оь. 2; ДТС. 94) //меңгү (ДТС. 341), меңү (Е. 30, 42), кырг. мөңгү; биң (Е. 4, 26, 42, 46; Мог. (Ха I); Тон. 14; ДТС. 121); миң (ДТС. 344), кырг. миң ж. б.

«Г» фонемасы эстеликтерде сөздүн башында жолукпайт, калган позицияда сакталат.

Сөздүн ортосунда: огул (Тал. 3, 5; МЧ. 42; ДТС. 364), кырг. уул; каган (МЧ. 1, 5, 12; КЧ. 3; Мог. 1, 27; ДТС. 405), кырг. кан; игирме//игирми (Тал. 2; ДТС. 204), кырг. жыйырма;

Сөздүн аягында: бег (Мог. 1; КЧ. 6; КТ. VI, IX; Тон. 36; КТ. I, 1; ДТС. 91), кырг. бек; катыг (КТ. I, 2; ДТС. 433), кырг. катуу; кутлуг (Е. 19), кырг. куттуу; күлүг (Об 6; КТ. II 4; ДТС. 326), кырг. күлүк.

«Д» фонемасы эстеликтерде сөз башында учурабайт, сөздүн ортосунда көбүрөөк, сөздүн аягында бир-эки гана сөздө учурайт:

Сөздүн ортосунда: адак (КТ. II, 47; ДТС. 8), кырг. айак (аяк); адыр (Тал. 2; Тон. 1; ДТС. 11), кырг. айыр; күдегү (Е. 3; ДТС. 324), кырг. күйөө; ыдук (МЧ. 28; Мог. 35; ДТС. 217), кырг. ыйык; эдер (Е. 41; ДТС. 162), кырг. ээр.

Сөздүн аягында: эд (М. 39; ДТС. 162), кырг. жакшы, буюм, мүлк; ыд (Е. 10; ДТС. 217), кырг. жибер(үү); эгид (КТ. II 29), кырг. көтөрүү; эсид (Е. 24), кырг. эшит.

---

[1] *Батманов И. А.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности, 35-бет.

«З» фонемасы эстеликтерде сөз башында колдонулбайт, калган позицияларда сакталат.

Сөздүн ортосунда: Орх.-Ен. йазук (Мог. 36; МЧ. 11, 14; ДТС. 251), кырг. жазык; Орх.-Ен. йазы (КТ. I 37; ДТС. 251), кырг. жазы.

Сөздүн аягында: Орх.-Ен. биз (Е. 22, 28), кырг. биз; Орх.-Ен. йүз (Е. 10; ДТС. 288), кырг. жүз; Орх.-Ен. отуз (Е. 15, 27; ДТС. 374), кырг. отуз.

«Й» фонемасы эстеликтерде сөздүн башында, ортосунда жана аягында жолугат. Эстеликтердеги «й» фонемасы кыргыз тилинде сөз башында «ж» фонемасына туура келет.

Сөздүн башында: йарук (МЧ. 13; ДТС. 244), кырг. жарык; йер (Мог. 29; 40; МЧ. 14, 23, 33; ДТС. 257), кырг. жер; йүрек (Е. 5, 28; ДТС. 286), кырг. жүрөк; йок (Мог. 28; МЧ. 10; КЧ. 10; ДТС. 272), кырг. жок.

Сөздүн ортосунда: уйа (Е. 15), кырг. уя; уйар (Е. 17, 28), кырг. атактуу; кейик (Е. 28, 44), кырг. кийик; ыйу (Е. 13, 28), кырг. аттиңай; йуйка (Тон. 13), кырг. жука.

Сөздүн аягында: ай (Мог. (Ха 10); МЧ. 9, 15; ХТ V; ДТС. 24), кырг. ай; бай (КТ. I 10; ДТС. 79), кырг. бай; тай (МЧ. 11; ДТС. 527), тай; кый (Е. 28; ДТС. 440), кырг. кый/уу/; кой (КТ. II, 12; ДТС. 453), кырг. кой.

«К» фонемасы: эстеликтерде сөздүн бардык позициясында жолугат.

Сөздүн башында: кара (Е. 3, 10, 11; МЧ. 8; ДТС. 422), кырг. кара; кул (Е. 32, 44; ДТС. 464) кырг. кул; куш (Е. 48; ДТС. 471), кырг. куш; кыз (Е. 3, 16, 22, 26; ДТС. 449), кырг. кыз;

Сөздүн ортосунда: кулак//кулкак (Мог. (Ха 12); ДТС. 465), кырг. кулак; токуз (Мог. 34, 35), кырг. тогуз; экиз (Е. 29; ДТС. 168), кырг. эгиз; өкүз (Е. 48; ДТС. 383), кырг. өгүз;

Сөздүн аягында: көк (Е. 45; ДТС. 312), кырг. көк; кырк (Е. 10, 16, 25, 29, 44, 45; ДТС. 446), кырг. кырк; ак (Е. 2, 49; ДТС. 48), кырг. ак; кекүк (ДТС. 295), кырг. күкүк;

«Л» фонемасы сөздүн башында бир-эки гана сөздө, сөздүн ортосунда жана аягында кездешет:

Сөздүн башында: лагзын (Аа 2; ДТС. 332), кырг. чочко; лу, луй (К. 22, Оа. 4; Об. 4), кырг. жылан, ажыдаар;

Сөздүн ортосунда: йылкы (КЧ 25; Мог. 24, 38; МЧ. 14, 15; Е. 10, 11, 25, 41, 46, 47; ДТС. 267), кырг. жылкы; алты (Мог. 24; МЧ. 4, 9; Е. 1, 3, 24, 32, 48, 49, 51; ДТС. 39), кырг. алты; алтымыш (Е. 1, 41; 48; Тал. 2; ДТС. 40), кырг. алтымыш.

Сөздүн аягында: адырыл (Е. 2, 11, 13, 19, 25—29, 42—44; 49—51; Тал. 2; ДТС. 12), кырг. айрыл; балбал (Е. 31, 32, 34, 51; Оз; Ос. 2; Мог. (Ха 7); ДТС. 80), кырг. балбал; кул (Е. 32, 44; КЧ. 1, 2; МЧ. 13, 35; Мог. 36; ДТС. 464), кырг. кул; Күмүлүге (Е. 45; ДТС. 326), кырг. Күмүл Өгө; бел (Е. 310; ДТС. 93), кырг. бел; йыл (Е. 9, 10, 45; Мог. 27; МЧ. 3, 4, 9; ДТС. 266), кырг. жыл; ал (МЧ. 5, 10, 29; Мог. 24; ДТС. 32), кырг. ал.

«М» фонемасы эстеликтерде сөздүн башында, ортосунда жана аягында жолугат.

Сөздүн башында: мен (Е. 10, 28, 29, 32, 45, 47; ДТС. 340), кырг. мен; мүгүз (Е. 42; ДТС. 352), кырг. мүйүз; маг (Мха. 15), кырг. мактоо; маңа (Мог. 28, 36; Мха 11; КТ. I 2; ДТС. 337), кырг. мага; меңкү (Е. 39; ДТС. 343), кырг. мөңгү.

Сөздүн ортосунда: күмүс//күмүш (Тон. 5, 6, 7; Он. 1, 2; ДТС. 326), кырг. күмүш; йегирми (Е. 48; МЧ. 18; ДТС. 253), кырг. жыйырма; йетмиш (Е. 41, 42, 45, 49; ДТС. 259), кырг. жетмиш, жетимиш; алтмыс//алтмыш (Е. 26, 48; ДТС. 40), кырг. алтмыш; тамга (КТ. II 53; ДТС. 530), кырг. тамга.

Сөздүн аягында: кум (МЧ. 8; ДТС. 465), кырг. кум; эрдем (Е. 44; ДТС. 176), кырг. эрдем; барым (Е. 42; Мог. 3), кырг. мүлк; биртим (ДТС. 103), кырг. бердим; уктум (ДТС. 613), кырг. уктум.

«Н» фонемасы эстеликтерде бардык позицияда учурайт.

Сөздүн башында: нине (Е.30), кырг. эне; на (Е. 42, 51), кырг. мына; нелүк (Пал. III; ДТС. 357), кырг. нече; не (Мог. 28; ДТС. 356), кырг. эмне; нен (КТ. I, 11; Е. 25; ДТС. 358) кырг. буюм; нарсүгүр (Е. 43), кырг. кызматчы аял.

Сөздүн ортосунда: бунта (КТ. I, 10, 11; II, 20), кырг. мында; инген (Е. 28), кырг. инген; ини (Е. 18, 26, 32, 47; Мог. 40; ДТС. 210), кырг. ини; ичинте (Е. 29, 37; ДТС. 202) кырг. ичинде; анта (Е. 11; ДТС. 45), кырг. анда.

Сөздүн аягында: мен (Мог. 29, 33, 36; Е. 28, 29, 32; ДТС. 340), кырг. мен; кан (Тон. 2, 3, 28; Е. 3, 8, 11, 24, 25, 29; ДТС. 16), кырг. кан; катун (КТ. II, 11, 25, 31, 49; МЧ. 1, 10; Е. 12; ДТС. 436), кырг. катын; келин (Е. 3; ДТС. 296), кырг. келин; кузгун (ДТС. 475), кырг. кузгун.

«ң» фонемасы эстеликтерде сөздүн башында келбейт.

Сөздүн ортосунда: меңкү (Е. 39; ДТС. 341), кырг. мөңгү; аңыз (Е. 48; ДТС. 47), кырг. аңыз; йаңы (МЧ. 19; ДТС. 234), кырг. жаңы; теңри (МЧ. 13, 14; ДТС. 552), кырг. теңри (асман); аңар (Тон. 20, 24; КТ. I, 11, 12; ДТС. 46), кырг. ага.

С ө з д ү н а я г ы н д а: күң (Е. 42; ДТС. 328), кырг. күң; аң (Тоң. 34; ДТС. 46), кырг. аң; эң (Чарыш 2; ХТХ; ДТС. 174), кырг. эң; өрүң (Е. 11, 45; Тон. 48; ДТС. 391), кырг. жарык, ак; биң (Тон. 14), кырг. миң.

«П» ф о н е м а с ы эстеликтерде сөздүн башында, ортосунда жана аягында учурайт:

С ө з д ү н б а ш ы н д а: пичин (Тал. 2), кырг. мечин; пуш (ДТС. 127), кырг. кайгыруу; Пурум (КТ. II 4) кырг. Рим.

С ө з д ү н о р т о с у н д а: капыг (ҚЧ. 16; ҚТ. I, 4; ДТС. 421), кырг. капка, дарбаза; Түпүт — Тибет (КТ. I, 3; ДТС. 598).

С ө з д ү н а я г ы н д а: анчып (МЧ. 19, 32; Мог. 28; ДТС. 44), кырг. антип, анан; кап (ДТС. 420), кырг. кап; Шып-Башы (геогр.).

«Р» ф о н е м а с ы эстеликтерде сөздүн башында жолукпайт, сөздүн ортосунда жана аягында кездешет:

С ө з д ү н о р т о с у н д а: ырак (ДТС. 219), кырг. ыраак; сарыг (Тоң. 48; ДТС. 488), кырг. сары; кудрук (ДТС. 463), кырг. куйрук; тырнак (ДТС. 569), кырг. тырмак;

С ө з д ү н а я г ы н д а: бир (МЧ. 13; Мог. 29; ДТС. 101), кырг. бир; кар (Мог. 27; Тал. 2; ДТС. 422), кырг. кар; сеңир (ДТС. 495), кырг. кыр; агыр (ҚЧ. 5; Мог. 2; ДТС. 18), кырг. оор.

«С» ф о н е м а с ы эстеликтерде сөздүн бардык позициясында жолугат.

С ө з д ү н б а ш ы н д а: суб. (Е. 11, 45; Мч. 2; Мог. 35; ДТС. 515), кырг. суу; семиз (Тон. 5, 6; ДТС. 435), кырг. семиз; секиз (МЧ. 13, 15; ДТС. 495), кырг. сегиз; сан (Е. 47); кырг. сан.

С ө з д ү н о р т о с у н д а: исиг (КТ. II, 9, 10; ДТС. 213), кырг. ысык; эски (ДТС. 184),кырг. эски; сексен (ДТС. 494), кырг. сексен; кысга (ҚЧ. 23; ДТС. 447), кырг. кыска.

С ө з д ү н а я г ы н д а: барс (Е. 11, 14, 17; МЧ. 19; ДТС. 84) барс; бас (Мог. 27, 32; ДТС. 85), кырг. бас; күмүс (Тал. 6; Мог. Ха 11; ДТС. 326), кырг. күмүш; төлес (Мог. Ха 13; ДТС. 579), кырг. төлөс (эл).

Эстеликтерде кээ бир учурларда «с» жана «ш» фонемасынын алмашышы кездешет. Бул диалектилик көрүнүш болуш керек. Мисалы: эсид//эшид (Е. 24, 39; ДТС. 183, 185), кырг. эшит (диал).

«Т» ф о н е м а с ы эстеликтерде сөз башында, ортосунда жана аягында кездешет.

С ө з д ү н б а ш ы н д а: төрт (Мч. 19; ҚЧ. 11; Мог. 2; Е. 10, 20, 28; ДТС. 581), кырг. төрт; таш (Е. 34, 48, 49; Мч. 21;

Мог. Ха (15; ДТС. 539), кырг. таш; токуз (Е 44), кырг. тогуз; таг (КТ. II 24) кырг. тоо.

Сөздүн ортосунда: отуз (КЧ. 4; Мог. 26; ДТС. 374), кырг. отуз; төртүнч//төртинч (Мч. 15; ДТС. 581), кырг. төртүнчү; алты (МЧ. 4, 9; Мог. 24; ДТС. 39; Е. 1, 24, 25), кырг. алты; йетинч//йитинч (Оа. 5; ДТС. 259, 264), кырг. жетинчи.

Сөздүн аягында: тут (Тон. 13, 41), кырг. тут; кет (Е. 21; ДТС. 303), кырг. кет; төрт (МЧ. 19; Мог. 2; ДТС. 851), кырг. төрт; кыймат//кыймет (Е. 28; ДТС. 442), кырг. кымбат.

Орхон-Енисей эстеликтеринде эки үндүүнүн ортосунда «т» фонемасы жумшарбайт: Орх.-Ен. ата, кырг. ата ж. б.

«Ч» фонемасы эстеликтерде сөздүн бардык позициясында учурайт.

Сөздүн башында: чаб (Е. 30, 42; ДТС. 135), кырг. атак; чаблы (Е. 48, 64), кырг. шумкар; челиг (Е. 10; ДТС. 144), кырг. согуш; чериг (Е. 41; ДТС. 144), кырг. черик;

Сөздүн ортосунда: үчүн (МЧ. 17; КЧ. 7; Мог. 28; ДТС. 622), кырг. үчүн; бечин (ХТ. II; КТ. II 53; ДТС. 98), кырг. мечин: йолчы (Тон. 16; ДТС. 271), кырг. жолчу; элчи (Е. 1, 24; ДТС. 169), кырг. элчи; йүзче (Мог. 37), кырг. жүзчө.

Сөздүн аягында күч (МЧ. 17; Мог. 32; ДТС. 322), кырг. күч; үч (МЧ. 7, 8, 11; ДТС. 621), кырг. үч; төртүнч (МЧ. 15; ДТС. 581), кырг. төртүнчү; онунч (ХТ. VII I; ДТС. 367), кырг. онунчу.

«Ш» фонемасы эстеликтерде сөздүн башында, ортосунда жана аягында кездешет.

Сөздүн башында: шуңа (Е. 28; ДТС. 525), кырг. өрдөк; шаш (МЧ. III, 33; ДТС. 520), кырг. шаш; шег (Тон. 8· ДТС. 521), кырг. шек (шектенүү).

Сөздүн ортосунда: киши (Е. 11, 24; Мог. 28; ДТС. 310), кырг. киши; ташра (КТ. II, 11, 26; ДТС. 540), кырг. тышкары; ташру (Е. 41; ДТС. 540), кырг. тышка; түшүр (Е. 48), кырг. түшүр.

Сөздүн аягында: уруш (Е. 32; Оа. 2; ДТС. 616), кырг. уруш; беш (Е. 11, 45; ДТС. 96), кырг. беш; идиш (Тал. VII; ДТС. 203), кырг. идиш; йетмиш (Е. 37, 41, 42, 45, 49; ДТС. 259), кырг. жетмиш; куш (Е. 48; ДТС. 471), кырг. куш.

Муундардын курулушу. Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги муун түзүлүшү азыркы кыргыз тилине окшош. Негизги муундардын типтери жана айкалыштары төмөнкүчө:

### Бир муундуу сөздөр

Ү: Орх-Ен. у (Мог. 27) кырг. уйку; Орх.-Ен. ө, кырг. ойло;

ҮС: Орх.Ен. еб (Мог. 25; Оа. 2), кырг. үй; Орх.-Ен. ат, кырг. ат;

СҮ: Орх.-Ен. сү (КЧ 10; МЧ 6, 7), кырг. аскер; Орх-Ен. ти, кырг. сүйлө;

СҮС: Орх.-Ен. баш, кырг. баш; Орх.-Ен. беш, кырг. беш;

ҮСС: Орх.-Ен. алп, кырг. алп; Орх.-Ен. арт, кырг. арты;

СҮСС: Орх.-Ен. көрк, кырг. көрк; Орх.-Ен. барс, кырг. барс; Орх.-Ен. төрт, кырг. төрт.

### Эки муундуу сөздөр

ҮСҮ: Орх.-Ен. ата, кырг. ата; Орх.-Ен. апа, ана, кырг. апа;

ҮССҮ: Орх.-Ен. арка, кырг. арка; Орх.-Ен. эрте, кырг. эрте; Орх.-Ен. эски, кырг. эски;

СҮСҮ: Орх.-Ен. бука, кырг. бука, Орх.-Ен. сана, кырг. сана; Орх.-Ен. кара, кырг. кара;

СҮСҮС: Орх.-Ен. багыр, кырг. боор; Орх.-Ен. бичин, кырг. мечин; Орх.-Ен. кейик, кырг. кийик.

## ГРАММАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

### Зат атооч

Орхон-Енисей эстеликтеринде сөз түркүмдөрүнөн зат атооч, сын атооч, ат атооч, этиш, тактооч, байламта, жандоочтор, бөлүкчөлөр, сырдык сөз, сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү грамматикалык каражаттар учурайт.

Сөздүн составы төмөнкүдөй типтерге бөлүнөт:

а) уңгу сөздөр: Орх.-Ен. баш, ини, ат, ата, ал, кырг. баш, ини, ат, ата, ал ж. б.

б) туунду сөздөр: Орх-Ен. башла, башлайы, кырг. башта, баштай; Орх.-Ен. йол-чы, кобуз-чы, кырг. жолчу, комузчу ж. б.

в) татаал сөздөр: кыз оглым, кырг. кыз уулум (бала-бакырам).

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде энчилүү жана жалпы аттар кездешет:

а) энчилүү аттар: Амаш, Анар, Күлүг Апа (Акылман Апа), Күч Барс (Күчтүү Барс), Төр Апа (Урматтуу Апа), Текеш ж. б.

б) жалпы аттар: эл, кан, бек, буйрук, бай, йүрек, катун, кыз, огул, йегин, келин, кырг. эл, кан, бек, буйрук, бай, жүрөк, катын, кыз, уул, жээн, келин.

## Атоочтордон зат атоочторду жасоочу мүчөлөр

Кесипти билдирүүчү мүчөлөр: -чы//-чи: Орх.-Ен. йолчы, кырг. жолчу; Орх.-Ен. битигчи, кырг. жазуучу; Орх.-Ен. кобузчы, кырг. комузчу; Орх.-Ен. тамгачы (КТ. II, 53), кырг. тамгачы; Орх.-Ен. бедизчи (КТ. I, 11; Мог. (Хб) 14), кырг. оймочу, коouздоочу; Орх.-Ен. йерчи, йирчи (Тон. 23, 26), кырг. жерчи; Орх.-Ен. сыгытчы (КТ. II 4, 51), кырг. кошокчу; Орх.-Ен. айгучы (Тон. 10, 49); кырг. айтуучу (кеңешчи).

-сык мүчөсү затташуу (субстантивдешүү) маанидеги сөздөрдү жасайт. Мисалы: Орх.-Ен. тогсык (КТ. I, 2), кырг. чыгыш; Орх.-Ен. батсык (Е. 42; КТ. I, 2), кырг. батыш;

Текстте: Күм сорыгым күн тогсук(к)а батсык(к)а тегди. Кыргызча: кабарым (күн) чыгышка (күн) батышка (чейин) жетти.

-нч (-ынч, -инч, -енч) мүчөсү абстракттуу сөздөрдү уюштурат. Мисалы: Орх.-Ен. көзүнч, кырг. күсөө, каалоо; Орх.-Ен. ынан-ч, кырг. ынаныч; Орх.-Ен. эз-енч, кырг. адат, үрп-адат;

-ш, -ыш, -иш (өздүк мамилени уюштурат): Орх.-Ен. тутыш (МЧ. 10, 13, 14; КЧ. 6), кырг. тутуш (тутушкан тууган); Орх.-Ен. сөз-ле-ш-ди-миз (КТ. II, 26), кырг. сүйлөштүк. Текстте: Иним Күл-тегин бирле сөзлешдимиз, кырг. Иним Күл-тегин (менен) бирге сүйлөштүк; Орх.-Ен. качыш (01), кырг. качыш; Орх.-Ен. уруш (Оа. 1), кырг. уруш; Орх.-Ен. йараш (Мог. (Ха) 11), кырг. жараш; Орх.-Ен. сүңүс, сүңүш (Мог. 25; КТ. II, 15, 18; Мог. (Ха) 5), кырг. согуш(уу).

-ы//-и: йаз (развязывать), йаз-ы (равнина), кырг. жазы (түзөң); Орх.-Ен. ити бирмис (КТ. II, 1), кырг. эте бербес; Орх.-Ен. ыты (КТ. II, 7), кырг. жиберүү; Орх.-Ен. коды (Мон. 27), кырг. куду, ылдый, төмөн.

Текстте: ...Суб коды бардымыз, кырг. суу ылдый бардык ж. б.

Орхон-Енисей эстеликтеринде кесипти билдирүүчү -чыл, -чил формасы учурайт:

Орх.-Ен. атчыл, кырг. атчыл (Сал. кырг. суучул, чайчыл, эпчил, кайгычыл ж. б.).

Орхон-Енисей эстеликтеринде -сыз//-сиз, -суз//сүз элементи азыркы кыргыз тилинде жана ошондой эле башка тектеш түрк тилдеринде жоктукту билдирет. Мисалы: Орх.-Ен. буңусуз//буңсыз (Е. 7; Мог. (Хб) 14), кырг. муңсуз; Орх.-Ен. өгсүз (Е. 45; ДТС. 381), кырг. энесиз; Орх.-Ен. тонсыз (КТ. II, 26), кырг. тонсуз; Орх.-Ен. сансыз (Мог. Ха 12; ДТС. 481), кырг. сансыз; Орх.-Ен. калыңсыз (Е. 7; ДТС. 412), кырг. калыңсыз.

Орх.-Ен. билигсиз каган (КТ. II, 5; ДТС. 100), кырг. билимсиз кан; Орх.-Ен. күмүш кергексиз келүрти (КТ. II, 52; ДТС. 300), кырг. күмүштү көп келтирди, алып келди. Сөзмө сөз: керексиз. Орх.-Ен. субсыз (Мог. (XII), кырг. суусуз.

-ынч//-инч//-нч: Орх.-Ен. тарканч (Тон. 22), кырг. таркатуучу, таратып жиберүүчү; Орх.-Ен. окунчңе (Е. 28), кырг. өкүнүчүңө; Орх.-Ен. көзүнч, кырг. кенч; Орх.-Ен. өтүнч (Тон. 15), кырг. өтүнүч; Орх.-Ен. булганч (Тон. 22), кырг. дүрбөлөң, козголоң.

-гун: Орх.-Ен. инийигүн (КТ. II, 51), кырг. иничек:

-н: Орх.-Ен. эрен (эр+е+н), кырг. эрен; Орх.-Ен. оглан (ог+ла+н), кырг. уул.

### Этиштерден зат атоочторду жасоочу мүчөлөр

-г, -ыг, -ык//-ик//-ук//-үк: Орх.-Ен. бил-иг, кырг. билим; Орх.-Ен. бити-г, кырг. жазуу; Орх.-Ен. өл-үг, кырг. өлүк, Орх.-Ен. тири-г, кырг. тирик, тирүү; Орх.-Ен. көр-үг, кырг. көрүү; Орх.-Ен. кеч-иг, кырг. кечүү; Орх.-Ен. буйур-ук, кырг. буйрук; Орх.-Ен. арт-ук, кырг. артык.

-шур, -шур (аз учурайт): Орх.-Ен. кең-шур, кырг. чатакташ;

а-//-е: йарлык-а, кырг. буйрукта.

### Сын атоочтор

Эстеликтерде заттардын сын-сыпатын, өңүн-түсүн (ак, жашыл, кара, сары), тулкусун, формасын (жоон, семиз, арык), көлөмүн (кыска, узун, кичине) көрсөткөн сын атоочтор кездешет.

Заттын өңү-түсүн, сын-сыпатын билдирүүчү сын атоочтор: Орх.-Ен. кызыл (Тон. 52; ДТС. 450), кырг. кызыл; Орх.-Ен. ак (Е. 2, 49; КТ. 35), кырг. ак; Орх.-Ен. йашыл (КТ. II, 17; ДТС. 246); кырг. жашыл; Орх.-Ен. боз (КЧ. 4; КТ. II, 32). кырг. боз; Орх.-Ен. кула (Тал. 2; ДТС. 464), кырг. кула; Орх.-Ен. кара (Е. 3, 2, 24, 26; ДТС. 422), кырг. кара; Орх.-Ен. сарыг (Тон, 48), кырг. сары; Орх.-Ен. көк (Е. 45; Тон. 15; Мог. (Хб) 12; КТ. II, 1, 3; 2 Эл.), кырг. көк; текстте: үзе көк теңри асра йагыз йер (КТ. II, 1), кырг. үстү(н) дө көк теңир, алдында кара жер ж. б.

Заттардын сапатын, көлөмүн, формасын көрсөткөн сын атоочтор: Орх.-Ен. сынук (ДТС. 504), кырг. сынык; Орх.-Ен. агыр (КЧ. 5; ДТС. 18), кырг. оор; Орх.-Ен. кысга (КЧ. 23; ДТС. 447), кырг. кыска; Орх.-Ен. узун (Тон. 52; ДТС. 621), кырг. узун; Орх.-Ен. турук (КТ. II, 8, 39; Тон. 5), кырг. арык-торук; Орх.-Ен. йымшак (КТ. I, 5; ДТС. 267), кырг.

жумшак; Орх.-Ен. йуйка (Тон. 13; ДТС. 277), кырг. жука; Орх.-Ен. арыг (Тон. 37; ДТС. 58), кырг. таза, аруу[1]; Орх.-Ен. йоган (Тон. 14; ДТС. 269), кырг. жоон; Орх.-Ен. семиз (Тон. 5, 6; ДТС. 495), кырг. семиз; Орх.-Ен. бедүк, эгиз, эдиз (Е. 44; Он. 16; Тал. VII), кырг. бийик; Орх.-Ен. катыг, катыгды, катыгты (КТ. I, 2, 51; ДТС. 433), кырг. катуу; Орх.-Ен. күчлиг, күчлүг (Оа. 4; Е. 49; Тон. 20; ДТС. 325), кырг. күчтүү; Орх.-Ен. калың (Е. 28; Мог. 25; Тон. 13; ДТС. 411), кырг. калың; Орх.-Ен. тең (КЧ. 9; Мог. 1), кырг. тең (окшош); Орх.-Ен. үлкен (Е. 24; ДТС. 624), кырг. үлкөн, чоң, улуу; Орх.-Ен. улуг (Е. 29, 38, 47; КЧ. 3; Мог. 34; ДТС. 610), кырг. улуу.

Ар кандай абстракттуу сөздөргө карата: Орх.-Ен. ач (Е. 10; Мог. 38; ДТС. 3), кырг. ач (ачка); Орх.-Ен. бош (МЧ. 19; КТ. I, 7; II, 13; ДТС. 113), кырг. бош; Орх-.Ен. йаңы (МЧ. 9, 13, 15,18; ДТС. 234), кырг. жаңы; Орх.-Ен. атлыг (Тон. 4; МЧ. 14; ДТС. 67), кырг. аттуу ж. б.

Сын атоочторду жасоочу мүчөлөр: -лыг, -лиг; Орх.-Ен. күлуг каган (КТ. II, 4), кырг. атактуу кан; Орх.-Ен. күчлиг каган (Тон. 20), кырг. күчтүү кан; Орх.-Ен. атлыг су (Мха. 1), кырг. аттуу аскер; Орх.-Ен. алтынлыг (Е. 20; ДТС. 40), кырг. алтындуу (алтыны бар); Орх.-Ен. секиз адаклыг (МЧ. 13, 15; ДТС. 494), кырг. сегиз аяктуу; Орх.-Ен. сүңүглиг (КТ. II 33), кырг. сүңгүлүү; Орх.-Ен. эрклиг (Е. 24; ДТС. 180), кырг. эрктүү; Орх.-Ен. өзлик (Е. 28; ДТС. 395), кырг. өздүк; Орх.-Ен. тамгалыг (Е. 26; ДТС. 530), кырг. тамгалуу.

-да-кы//-де-ки: Орх.-Ен. йердики (Е. 426, 28; ДТС. 257), кырг. жердеги; Орх.-Ен. ашнукы (Мч. III, 32; ДТС. 64), кырг. мурдагы, баштагы; Орх.-Ен. табгачгы беглер (КТ. II, 7; Тон. 1, 2, 19), кырг. табгачтык бектер (бийлер); Орх.-Ен. берийеки будун (Тон. 17; ДТС. 95), кырг. ондогу (түштүктөгү) эл, калк; Орх.-Ен. курыйакы будун (ДТС. 468; Тон. 17), кырг. батыштагы эл; Орх.-Ен. йырйакы будун (Тон. 17; ДТС. 286), кырг. солдогу (түндүктөгү) эл; Орх.-Ен. өңреки будун (Тон. 17; ДТС. 38), кырг. алдыдагы (чыгыштагы) эл; Орх.-Ен. ичреки будун (КТ. I, 2), кырг. ичиндеги эл.

-лы, -ли (бир нерсеге ээ болууну билдирүүчү мүчө): Орх.-Ен. чаблы (КЧ. 17; ДТС. 135), кырг. даңктуу, атактуу; Орх.-Ен. эркли (КЧ. XII), кырг. эрктүү; Орх.-Ен. битигли (МЧ. 20), кырг. билимдүү, салыштыр: алт. бичигчи—жазуучу.

-сыг//-сег: Орх.-Ен. йылсыг (КТ. II, 26), кырг. байлык;

---

[1] Аруудай болгон ууз этим, ак кажыр талап оёт бейм. Аруу жууп, ак кепиндеп көөмп кой. Келген жерден кеткен жериң аруу болсун. Аруу кыз; Аруу буюм. Аруу чапан кийиптир. Аруу буюмдары көп. Кара: Юдахин К. К. Кыргызча-орусча сөздүк. — М., 1965, 71-бет.

Орх.-Ен. өд-сег өтүлег күч (Мог. 34), кырг. убактылуу күчтүү ж. б.

-чыг мүчөсү эстеликте бир гана жолу кездешет: Орх.-Ен. Аңар адынчыг барк йаратурдум (КТ. I, 12), кырг. Аларга артыкча үй жараттырдым. Бул сөз байыркы уйгур тилинде[1] алдынсыг жана алдынчыг формасында кездешет. Ошондуктан -чыг, -сыг формаларын бир эле мүчөнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн түрү деп болжолдоого болот.

-кен. Бул мүчө катыштык сын атоочту жасайт. Орх.-Ен. теңрикен (титул), кырг. теңридей.

-ге. Эстеликте бул мүчө бир гана сөздө кездешет: Орх.-Ен. билге каган (КТ. I, 1), кырг. билги, акылман кан;

-к, -иг, -ик: Орх.-Ен. силик кыз оглан (КТ. II, 7), кырг. сулуу кыз балдар; Орх.-Ен. сүчиг агысы (КТ. I, 5), кырг. баалуу дүйнөсү.

-сы+рак. Бул салыштыруу сын атоочту уюштурат: Орх.-Ен. ак+сы+рак (МЧ. 20), кырг. агыраак, агышыраак.

## Сан атоочтор

Эстеликтерде эсептик, жандама жана иреттик сан атоочтор кездешет. Эсептик сан атоочтор. Бирдиктер:

Бир (Е. 10, 15, 32, 43, 45; МЧ. 13; Тон. 33; Мог. 29; ДТС. 101), кырг. бир; эки, ики (МЧ. 17, 18; Е. 16, 42, 49; ДТС, 167), кырг. эки; үч (Тон. 33; Е. 6, 11, 28; МЧ. 7, 8, 11; КТ. II, 4; ДТС. 621), кырг. үч; төрт (Мог. 2; Е. 10, 20, 28; МЧ. 19; КЧ. 11; ДТС. 581), кырг. төрт; беш, бес, биш (МЧ. 18; Е. 11, 45; Мог. 25, 28; ДТС. 96), кырг. беш; алты (КТ. I, 31; Е. 1, 3, 24; К. 23; ДТС. 39), кырг. алты; йети, йити (Тал. 2; Е. 11, 26, 41, 47, 48; ДТС. 259), кырг. жети; секиз, секкиз (Мог. 24, КЧ. 3; Е. 10, 11; ДТС. 494), кырг. сегиз; токуз, токыз, тогуз, токыс (Тон. 9; Е. 23, 30, 44; МЧ. 19; КТ. I, 2, 3; ДТС. 478), кырг. тогуз.

Ондуктар: он (МЧ. 11; Мог. (ХЬ, 15); Е. 24, 28; КЧ. 3; ДТС. 367), кырг. он; йегирми, йегирмы, игирме, игирми (Мог. 24; КТ. II, 11; Е. 5, 11, 26; МЧ. 18; ДТС. 256, 260), кырг. жыйырма; отуз (Мог. 26; Е. 15, 27, 32; Тон. 19; МЧ. 4; ДТС. 374), кырг. отуз; кырк (КТ. II, 14, 42, 53; ДТС. 446), кырг. кырк; элиг (МЧ. 4; Е. 60, 39; Мог. (Ха 7); Е, 22; ДТС. 170), кырг. элүү; алтмыс//алтмыш//алтымыш (Тал. 2; Е. 1, 26, 41; ДТС. 40), кырг. алтымыш; йетмиш//йетимиш//йетмис (Е. 11, 27, 49; КТ. II, 12; ДТС. 259), кырг. жетимиш; сегиз он//сексен//сексүн (МЧ. 3; ДТС 494), кырг. сексен;

---

[1] *Насилов В. И.* Древнеуйгурский язык. — М., 1963, 24-бет.

Жүздүк, миңдик: йүз (Тон. 4; Е. 10; МЧ. 2, 3; КТ. II, 13; ДТС. 288), кырг. жүз; биң//бың//быңа//миң (МЧ. 148; Тон. 14; Е. 4; 26, 42, 45; Мог. (Ха 1); ДТС. 344), кырг. миң. Орхон.-Ен. жазма эстелигинде «түмөн» деген сөз «он миң» деген маанини берет: үч түмөн—отуз миң, төрт түмөн—кырк миң.

Жандама сан атоочту -агү, -егү мүчөсү уюштурат. Мисалы: бирегү, бирегүсү (ДТС. 101), кырг. бирөө; үчегү (Тон. 12; ДТС. 621), кырг. үчөө. Эстеликте мындан башка да жандама сан атоочту -ин мүчөсү уюштурат: экин ара киси оглы кылынмыс (КТ. II, 1), кырг. экөөнүн арасында киши уулу жаралган.

Иреттик сан атоочту эстеликте -ынч, -инч, -унч, -үнч мүчөсү жасаган, жана мындан тышкары -кы мүчөсү кошулган азын-оолак сөздөрдө да колдонулган: ен илки//илик//илки (КТ. II, 44; Мог. 32; МЧ. 9), кырг. биринчи; экинти//икинти экинди//экинч (Мог. 15, 30; Мог. (Ха 1); Е. 22, 23; МЧ. 9, 19; ДТС. 168), кырг. экинчи; үчүнч (Мог. 30), кырг. үчүнчү; төртүнч (МЧ. 15), кырг. төртүнчү; бешинч//бисинч (Мог. (Ха 10); (МЧ. 16), кырг. бешинчи; алтынч (КТ. II, 4), кырг. алтынчы; йетинч//йитинч (Оа, 6, КТ. II, 45), кырг. жетинчи; секизинч (МЧ. 17), кырг. сегизинчи; тогузунч//токызынч (ХТ. 5; ХТ. II, V, X), кырг. тогузунчу; онунч//онынч (ХТ. VII, 1; Мог. (Ха. 10), кырг. онунчу; йегирминч (МЧ. 2, 25). кырг. жыйырманчы.

Орхон-Енисей эстеликтеринде татаал сан атоочторду уюштурганда ондуктар өздөрүнүн лексикалык маанисинен бир ондук азайып айтылган. Мисалы: бир йегирминч — он биринчи, үч йегирми—он үч, беш йегирми — он беш, алты отуз — жыйырма алты, беш кырк — отуз беш ж. б.

Эстеликтерде сан атооч маанидеги сөздөр азыраак учурайт: Орх.-Ен. аз (Он. 7; МЧ. 23; Мог. 32; Тон. 43), кырг. аз; Орх.-Ен. көп (КТ. I, 2, 9; Тон. 16; Мог. 28), кырг. көп; Орх.-Ен. үкүш (МЧ. 16; Мог. 31; Тон. 7); кырг. (көп, көбүрөөк); Орх.-Ен. камуг (КТ. II, 8; Оа. 1), кырг. баары.

Эстеликте бөлчөк сан атоочтор аз да болсо учурайт. Мисалы: Орх.-Ен. сыңар (МЧ. 15), кырг. сыңар, жалгыз, түгөйсүз.

## Ат атоочтор

### Эстеликтерде жактама ат атоочтордун берилиши

| | Жекелик түрү | | Көптүк түрү |
|---|---|---|---|
| 1-жак | бен, мен | кырг. мен | биз, кырг. биз |
| 2-жак | сен, | кырг. сен | сиз, кырг. сиз, силер |
| 3-жак | ол, | кырг. ал | — кырг. алар |

# ЖАКТАМА АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Ж е к е л и к   т ү р ү:

| 1-жак | 2-жак | 3-жак |
|---|---|---|
| А. бен‖мен, кырг, мен | сен кырг. сен | ол, кырг. ал |
| И. бенин‖мениң, менин | сениң, сенин | анын, анын |
| Б. баңа‖маңа, мага | саңа, сага | аңар, аңару[1], ага карай |
| Багыт. баңару, мени карай | —»— | —»— |
| Т. бени‖мени, мени | сени//сини, сени | аны, аны |
| Ж. бенде‖менде, менде | сенде, сенде | анта, анда |

## КӨПТҮК ТҮРҮ:

| 1-жак | 2-жак |
|---|---|
| А. биз, кырг. биз | сиз, кырг. сиз |
| И. (бизиң), кырг. биздин | сизиң, кырг. сиздин |
| Б. бизиңе, кырг. бизге | сизи, кырг. сизге |
| Т. бизни (бизи), кырг. бизди | сизе, кырг. сизди |
| Ж. биз-иң-те, кырг. бизде | сизде, кырг. сизде |

Эстеликтерде жактама ат атооч бен//мен, сен, биз, сиз бирдей жөндөлөт, ал эми ат атооч «ол» көпчүлүк убактарда шилтеме ат атоочтун милдетин аткарат. «Ол» ат атоочу жөндөлгөндө фонетикалык жагынан өзгөрөт, жөндөмөлүк негиз катарында «ан» колдонулат, кыйыр жөндөмөнүн мүчөлөрү «ан» га жалганат. Мисалы: **аны.**

### Шилтеме ат атоочтор

Эстеликтерде шилтеме ат атоочтордон «бу» жана «ол» жолугат. Бул негизинен аныктоочтук позицияда колдонулат. Мисалы: Орх.-Ен. бу битиг, кырг. бул жазуу; Орх.-Ен. бу сабымын, кырг. бу сөзүмдүн ж. б.

Орхон-Енисей эстеликтеринде шилтеме ат атоочтун табыш, жатыш жөндөмөдөгү формалары кезигет.

Мисалы: Буны эшидиң, кырг. муну эшиттиң  
Буну көрү билиң, кырг. муну көрүп билгин  
Бунта, кырг. мында

### Сурама ат атоочтор

Сурама ат атоочторду төмөндөгүдөй сөздөр уюштурат. Мисалы: Орх.-Ен. неке (Тон. 38, 39), кырг. неге; Орх.-Ен. нече (МҚ. 542), кырг. нече; Орх.-Ен. ким (ДТС. 207), кырг. ким;

[1] Аңару — по направлению к нему, Тон.20.

Орх.-Ен. каны (КТ. II, 9), кырг. кана (кайда); **Орх.-Ен. не** (КТ. II, 9; ДТС. 456), кырг. эмне.

Текстте: Турк будун, илиңин төрүңин кем артаты? (КТ. II, 22; БХ), кырг. Түрк эли, элиңдин бийлигин ким кыйратмакчы? Кемке илиг казганүрмен? (КТ. II, 9), кырг. кимге элди (мамлекетти) курдум?

«Не» сурама ат атоочу аныктоочтук мааниде учурайт: не каганка исиг күчиг бирүрмен? (КТ. II, 9), кырг. кайсы канга күч-кубатымды беремин?

## Өздүк ат атоочтор

Эстеликтерде эки гана өздүк ат атооч учурайт. Мисалы: өз (МЧ. 6, Мог. 2; ДТС. 395), кырг. өз; Орх.-Ен. кендү//кентү (МЧ. 14; ДТС. 298), кырг. өз. Текстте: өзим кары болтым (Тон. 56), кырг. өзүм кары болдум; кентү йаңылтыг (КТ. II, 23), кырг. өзүң жаңылдың; кентү будуным, кырг. өз элим.

## Тангыч ат атоочтор

Затты, же анын сан-сапаттык белгилерин болжолдуу түрдө жалпысынан көрсөтөт. Эстеликте тангыч ат атоочту — «нең» (кандайдыр бирдеме) сөзү жасайт. Мисалы: Орх.-Ен. нең (Тон. 20, 21, 56; КТ. I, 8, 11, 26), кырг. эч; эмне, кайсы; Орх.-Ен. нең йердеки (Тон. 50), кырг. кайсы жердеги; Орх.-Ен. кач нең эрсер (Тон. 20), кырг. кандайдыр бир демеге тийүү; Орх.-Ен. нең бунуг йок, кырг. (сенде) эч мунуң жок.

Эстеликте «нең» сөзү катар келип да ат атоочту түшүндүрөт.

Орх.Ен. Неңнең сабым эрсер беңгү ташка уртым (КТ. I, 11), кырг. бардык болгон сөздөрүмдү түбөлүк ташка чектим.

Эстеликте «нең» тануу, күчөтүү милдетин аткарат. Орх.-Ен. Нең бунуг йок (КТ. I, 8), кырг. эч кандай мунуң жок; Орх.-Ен. неме, кырг. эмне.

## Жалпылагыч ат атоочтор

Эстеликте жалпылагыч ат атоочту камуг жана камук (кыргызча: баары, баарысы, бүткүл) деген сөздөр түзөт.

Орх.-Ен. Камук балыкка тегдим (Оа. 1; ДТС. 416), кырг. Бардык шаарга тийдим (кол салдым);

Орх.-Ен. Түрк кара камуг будунум анча тимис (КТ. II, 8), кырг. түрк калайык-калкы баары мындай деди; Орх.-Ен. бары (все) (МЧ. 40), кырг. баары; Орх.-Ен. барча (все) (МЧ. 38), кырг. баары; Орх.-Ен. бунча (МЧ. 39), кырг. мынча.

**Сан категориясы.** Эстеликтерде жана азыркы кыргыз тилинде, ошондой эле жалпы эле түрк тилдеринде, зат атоочтун жекелик санынын өзүнчө форманты жок: Орх.-Ен. күн, кырг. күн; Орх.-Ен. ай; кырг. ай; Орх.-Ен. алты, кырг. алты; Орх.-Ен. ак, кырг. ак; Орх.-Ен. киши, кырг. киши; Орх.-Ен. таш, кырг. таш ж. б.

Орхон-Енисей эстеликтеринде атооч жөндөмөсүндө турган сөздөргө көптүк мүчө -лар, -лер жалганып көптүктү түзөт. Орх.-Ен. -лар//-лер: ата-лар, кыз-лар, кул-лар; кырг. -лар (...-дар, ...-тар) ...аталар, кыздар, кулдар ж. б.

-лар мүчөсүнүн жасалышы жана өзгөрүшү төмөндөгүдөй формада кездешет: аталар, адалар; кырг. л>д>т: -лар// ...,-дар// ...-тар//... аталар, балдар, аттар ж. б.

Эстеликте -т жана -з мүчөлөрү көптүк санды билгизген; Мисалы: тигин—принц, тигит—принцтер; таркан (чин), таркат—таркаттар.

Венгер түркологдору Л. Лигети жана В. Банг байыркы түрк тилдеринде «з» көптүк санды билдиргендигин белгилешет[1]. Мисалы:

меңиз—бет (эки жаак);
көкүз—көкүрөк (эки көкүрөк);
омуз—ийин (эки ийин);
агыз—ооз (эки эрин).

## Жөндөмөлөр категориясы

Эстеликтерде төмөндөгүдөй жөндөмөлөр кездешет: атооч, илик, барыш, багыт, табыш, жатыш, чыгыш, курал (жөндөмө).

**Атооч жөндөмөсү.** Мунун өзүнө тиешелүү мүчөсү жок.

Орх.Ен. баш (Е. 2, 32; ДТС. 86), кырг. баш; Орх.-Ен. кулкак, кулак (Мог. (Ха 12); ДТС. 265), кырг. кулак; Орх.-Ен. көз (Мог. 2; ДТС. 320), кырг. көз; Орх.-Ен. киси (Тон. 4), кырг. киши; Орх.-Ен. ок (КТ. I, 12), кырг. ок ж. б.

**Илик жөндөмөсү.** Эстеликтерде үндүүдөн кийин -ның, -ниң, үнсүздөн кийин -ын, -ин түрүндө колдонулган: кисиң, кырг. кишинин; каганың, кырг. кандын; бегиң, кырг. бектин.

Текстте: Түрк будуның илин төрүсүн тута бермис, кырг. түрк элинин, мамлекетинин законун тута берген. Қаганын сабы (КТ. I, 9), кырг. кагандын сөзү; Чорың оглы (КЧ. 26), кырг. чоронун уулу.

---

[1] *Малов С. Е.* Памятники древнетюркской письменности. — М.—Л.: Изд-во АН СССР, 1951, 50—51-беттер.

Эстеликте[1] илик жөндөмөсү мындан башка -ыг, -иг мүчөсү аркылуу жасалат.

Орх.-Ен. атыг, кырг. аттын; Орх.-Ен. бен-иг, кырг. менин; Орх.-Ен. төр-үг, кырг. закон ж. б.

**Барыш жөндөмөсү.** Орхон-Енисей эстеликтеринде барыш жөндөмөсүн -га//-ге//-ка//-ке мүчөлөрү түзөт: йиркке, кырг. жерге; йазы-ка, кырг. жайыкка; оглум-ка, кырг. уулума; элим-ке, кырг. элиме; йагыка, кырг. жоого; бизке, кырг. бизге.

-а, -е: Орх.-Ен. жактама ат атоочтон жана I, II, III жактын таандык мүчөлөрүнүн жекелик түрүнөн кийин колдонулат: Орх.-Ен. Анта өсрү каганына өтүндүм. — Андан кийин каныма өтүндүм .

маң-а, кырг. мага; сиз-е, кырг. сизге; черигиң-е, кырг. армияңа (аскериңе); сабына, кырг. сөзүнө; илин-е, кырг. элине; огланым-а, кырг. уулума; каганың-а, кырг. каныңа ж. б.

Текстте: Түр (гес каганың), кызын эртеңү улуг төрүн оглума алы бертим (Мог. Хб. 10), кырг. Түргөш кагандын кызын чоң мүлк менен уулума алып бердим.

Барыш жөндөмөсү -йа//-йе формасында да колдонулган: йыра-йа, кырг. түндүккө; куры-йа, кырг. батышка, бери-йа, кырг. түштүккө.

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде багыт жөндөмөсүнүн мүчөсү -гару, -геру формасында да колдонулган: йогару, йокару йөгерү, кырг. жогору; илгерү, кырг. илгери; (алдыга, чыгышка); огуз-гару, кырг. огузга (карай).

Текстте: ...Магы курган кышлап йазыка огузгару сү ташыкдымыз, кырг. Магы коргонун кыштап, жазында огузга карай кол жөнөттүк.

Байыркы эстеликтерде багыт жөндөмөсүнүн -гару мүчөсү айрым сөздөргө жалганганда башкы же аяккы тыбышы түшүп айтылып, түрдүү формада колдонулган: -ару $<$ (г) ару: баңару, кырг. мага; оң-ару, кырг. ага; субың-ару, кырг. суусуна; -ар /г/ар/у; аң-ар, кырг. ага; муң-ар, кырг. буга; -ра /$<$га/ -ру: өң-ре, кырг. алга карай; ич-ре, кырг. ичке; таш-ра, кырг. тышка, сыртка.

-кер/-гар, -кар/у/: өлүмкер, кырг. өлүмгө.

Барыш жөндөмөсүнүн байыркы -гару, -ра мүчөлөрү кыргыз тилинде калдык катары төмөнкү сенек тактоочтордо сакталып калган: жогору, илгери, тышкары, ичкери, ары, бери ж. б.

---

[1] *Кондратьев В. Г.* Очерк грамматики древнетюркского языка. — ЛГУ, 1970, 10-бет. Орхон-Енисей эстеликтериндеги жөндөмө мүчөлөр жөнүндө кара: *Кудайбергенов С.* Ат атооч жана аны мектепте окутуу, 48—59-беттер.

**Табыш жөндөмөсү.** Эстеликте табыш жөндөмөсүн төмөндөгүдөй мүчөлөр уюштурат.

-г, -ыг//-иг (зат атоочтон кийин): атыг, кырг. атын; кисиг, кырг. кишини; койыг, кырг. койду; элчи-г, кырг. элчини; будун-ыг, кырг. элди. Текстте: Алтун күмүшиг, эгритеб, элде киши казгандым, кырг. Алтын, күмүшкө, кездеме, элге, кишиге ээ болдум. Төрт булуңдакы будун-ыг көп алмыш (КТ. II, 2), кырг. Төрт булуңдагы элди көп алган (багындырган).

Илгери Кадыркан йыш-ыг аша, будун-ыг анча контурмыз (КТ. II), кырг. Алдыга (Күн чыгышка), Кадыркан жышын ашып, элди анда кондурдук.

-н, -ын, -ин (таандык уландылардан кийин): ташы-н, кырг. ташын; кышын, кырг. кышын; көзүн, кырг. көзүн; кызымын, кырг. кызымды; оглын, кырг. уулун; элин, кырг. элин; сүсин, кырг. аскерин.

Текстте: Иниси эчисин билмез эрти оглы каңын билмез эрти (КТ. II, 21), кырг. Иниси агасын билбес эле, уулу атасын билбес эле. Кызымын калыңсыз бертим, кырг. Кызымды калыңсыз бердим.

-ны, -ни (ат атоочтон кийин): бу-ны, кырг. муну (буну); биз-ни, кырг. бизди; бени, кырг. мени; сини, кырг. сени; аны; кырг. аны;

Текстте: Биз-ни эрклиг адырты, кырг. Бизди эркибизден ажыратты. Аны битигли Анңын эрти, кырг. Аны жазган Анңын эле.

**Жатыш жөндөмөсү.** Орхон-Енисей эстеликтеринде -да, -де, -та, -те формасында колдонулган: ата-да//ада-да, кырг. атада; таш-та//таш-да, кырг. ташта; сиз-де, кырг. сизде; өз-де, кырг. өздө; ара-да, кырг. арада; бун-да, кырг. мында; аб-да, кырг. ууда; элим-де, кырг. элимде.

Текстте: Алту Шан-та, кырг. Алты Шанда. Бу йирде маңа кур болты, кырг. бул жерде мага чин болду (берди), Кара көлте сүңүшдимиз, кырг. Кара көлдө сайыштык.

**Чыгыш жөндөмөсү.** Эстеликтерде чыгыш жөндөмөсүн азыркы түрк тилдериндей эле -дан, -тан мүчөсү түзөт, бул эстеликте сейрек кездешет: Орх.-Ен. кантан, кырг. кайдан; Орх.-Ен. бериден, кырг. бериден; Орх.-Ен. огуз-дан, кырг. огуздан.

Тонукук эстелигинде чыгыш жөндөмөсүн -дан//данйан//дантай//-дантан мүчөлөрү уюштурган[1]. Мисалы: Огуздантан көрүг келти (Тон. 8), кырг. Огуздардан тыңчы келди.

Өңден кагангару сү йорылым (Тон. 29), кырг. Чыгыштан

---

[1] *Кондратьев В. Г.* Очерк грамматики древнетюркского языка. — ЛГУ, 1970, 16-бет.

канга карай кол жөнөттүм. Табгач, бериденйен тег (Тон. 11), кырг. Табгачтар, түштүктөн тийгиле. Бен йырдантайан тегейин (Тон. 4), кырг. мен түндүктөн тиейин (кол салайын).

**Курал жөндөмөсү.** Курал жөндөмөсү кыймыл-аракеттин белгилүү нерсенин жардамы менен аткарылгандыгын билдирүүчү жөндөмө. Курал жөндөмөсү эстеликте -ын, -ин мүчөсү аркылуу жасалат. Мисалы: Орх.-Ен. кулкак-ын, кырг. кулак менен; Орх.-Ен. көзүн, кырг. көз менен; Орх.-Ен. йолын, кырг. жол менен; Орх.-Ен. кышын, кырг. кышын (кыш менен); Орх.-Ен. йайын, кырг. жайын (жай менен); Орх.-Ен. сабын, кырг. сөз менен ж. б.

1) Эстеликте курал жөндөмөсү биргелешкендикти жана кошо иштөөнү билгизет:

Улуг Иркин азкына эрин тезип барды (КТ. II, 34), кырг. Улуу Эркин аз гана эрлери менен качып барды. Түрк будун канын болмайын табгачды адырылты (Тон. 2), кырг. Түрк эли каны болбогондуктан табгачтан айрылды.

Сын-сыпат бышыктооч маанисинде колдонулат: Түргес каганың кызын эртеңү улуг төрүн оглыма алы бертим (Мог. Хб. 10), кырг. Түргес кандын кызын (чоң) мүлкү менен уулума алып бердим.

2) Курал-жабдыктарды билдирүүчү сөздөр:

Сүңүгин ачдымыз (Тон. 28), кырг. Сүңгү менен жол аштык.

## Таандык категориясы

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде таандык мүчөлөр кыргыз тилиндегидей эле формада кездешет, мисалы:

Жекелик санынын 1-жагы. Орх.-Ен. -м, -ым//-им: атам, адам; кырг. -м, -ым//-им//-ум//-үм: атам;

Текстте: Иним Күл тегин кергек болты (КТ. II, 50), кырг. Иним Күл тегин өлдү.

Жекелик санынын 2-жагы. Орх.Ен. -ң, -ың//-иң: атаң// адаң, каганың, кырг. -ң, -ың//-иң//-уң//-үң: атаң, каның, атың, келиниң, жолдошуң, үйүң ж. б.

Жекелик санынын 3-жагы. Орх.-Ен. -сы//си, -ы//-и: атасы//адасы; кырг. -сы//-си//-су//-сү, -ы//-и//-у//-ү: атасы, аты ж. б.

Көптүк санынын 1-жагы. Орх.-Ен. -мыз//-миз//-ымыз// -имиз: атамыз//адамыз, каң/ы/мыз; кырг. атабыз; бегимиз, кырг. бегибиз; кырг. -быз//-биз//-буз//-бүз, -ыбыз//-ибиз// -убуз//-үбүз: атабыз, атыбыз.

Көптүк санынын 2-жагы Орх.-Ен. -ңыз//-ңиз, -ымыз, -имиз: атаңыз (Е. 47), адаңыз;

кырг. -ыңыз//-иңиз, -ыбыз//-ибиз, -ыңер, -иңер: атаңыз, атаңар, атабыз.

Көптүк сандын 3-жагы биринчи жактын формасындай эле.

**Таандык мүчөлүү сөздөрдүн жөндөлүшү**

Биринчи жактын жекелик түрү:

А. Орх.-Ен. ташым, кырг. ташым
И. Орх.-Ен. ташымың, кырг. ташымдын
Б. Орх.-Ен. ташымка, ташыма, кырг. ташыма
Т. Орх.-Ен. ташымңару, ташымын, кырг. ташымды
Ж. Орх.-Ен. ташымта, кырг. ташымда
Ч. Орх.-Ен. — кырг. ташымдан
Курал. Орх.-Ен. ташымын, кырг. (ташым менен)

Экинчи жактын жекелик түрү биринчи жактын жекелик түрүндөй эле жөндөлөт.

**Үчүнчү жак**

А. Орх.-Ен. будуну, кырг. эли
И. Орх.-Ен. будунымың, кырг. элинин
Б. Орх.-Ен. будунымка, кырг. элге
Багыт жөндөмө. Орх.-Ен. ташыңару, кырг. тышка карай
Т. Орх.-Ен. ташын, кырг. ташын
Ж. Орх.-Ен. будунымта, кырг. элимде
Ч. Орх.-Ен. огуздан, кырг. огуздан

**Жак категориясы (жакталыш)**

Жекелик түрү:
1-жак—мен адырылдым, кырг. мен айрылдым
2-жак — сен алмадың, кырг. сен албадың
3-жак — ол кылды, кырг. ал кылдың
Көптүк түрү:
1-жак—бардымыз, кырг. бардык
2-жак — алдыңыз, кырг. алдыңыз

Үчүнчү жактын көптүк түрү жекелик жактын биринчи жагындай жакталат.

Енисей эстеликтеринде жак мүчөсү башкача формада да учурайт:

а) жекелик түрүнүн 2-жагы -г мүчөсү аркылуу жасалат: ачы-г, кырг. ачуу; эриг, кырг. өрүү; йагы-г, кырг. жоо (душман); төрү-г, кырг. бийлик, мамлекет; эдгү билге киси-г (КТ.

I, 6), кырг. жакшы, билги (билгич) киши; айа-г, кырг. айоо (кадырлоо).

б) көптүк түрүнүн 2-жагы, -мыз, -миз, -з мүчөлөрү аркылуу жасалат: бегимиз, кырг. бегибиз; апамыз, кырг. апабыз; каңыбыз, кырг. атабыз; йагымыз, кырг. жообуз; эчүмиз, кырг. ата-бабабыз; илимиз, кырг. элибиз (мамлекетибиз); төрүмиз, кырг. законубуз.

## Тактооч

Орхон-Енисей эстеликтеринде тактооч өзүнчө лексикалык касиетке ээ болгон, бул көпчүлүк сөз түркүмдөрү менен өз ара мамилелеш.

1. Орун тактооч: өң (Тон. 29), кырг. алдында; өңдүн (МЧ. 6, 35), кырг. алдыдан; өңре (КТ. 4, МЧ. 6, 31; Мог. (Ха 13), кырг. алдыдан, чыгыштан; өңреки (Тон. 17), кырг. алдыдагы; йөгерү (КТ. II, 11); йокару (Тон. 25; ДТС. 273), кырг. жогору; өңденйен (Тон. II), кырг. алдынан; анта, анда (КТ. II, 43; ДТС. 44, 45), кырг. анда; илгери (МЧ. 20, Мог. 37; ДТС. 208), кырг. илгери; бунта (КТ. I, 10, 11; II, 20), кырг. мында; коды, коду (Тон. 27; ДТС. 451), кырг. ылдый, төмөн; өтрү, кесре КТ. I, 5; II, 4, 5, 34, 29; МЧ. 1, 10, 12; Мха. 13; Мхб. 14; Тон. 6, 12, 16), кырг. анан, кийин; кери, кирү, кері (Он. II, 3); КТ. II, 2), кырг. артка; кидин (МЧ. 15, 21; ДТС. 293), кырг. кийин; үзе (КТ. II, 1, 17, 22, 26; Тон. 9, 20, 25; Е. 32), кырг. үстүндө.

2. Мезгил тактооч: ашну (МЧ. 32; ДТС. 63), кырг. мурда; ашнукы (Е. 41; ДТС. 64), кырг. мурдагы, илгерки; амты (Е. 32, 472; КТ. I, 3; II, 9; ДТС. 42), кырг. азыр, эми//энди; күнлүк (МЧ. 21; ДТС. 327), кырг. күндүк, күндүзгү; эң илки (Мог. 30; КТ. II, 32, 44; ДТС. 174), кырг. эң биринчи.

3. Сан өлчөм тактооч: аз (Тон. 43; КТ. I, 10, 16, 34; МЧ. 25; Мог. 32; ДТС. 71), кырг. аз; үкүш (Тон. 7; КТ. I, 10; Мог. 28; ДТС. 624), кырг. көп; анча (КТ. I, 2; Тон. 37; Е. 25; ДТС. 43), кырг. анча.

4. Сын-сыпат тактооч: едгүти (КТ. I, 2), кырг. жакшы; катыгды (КТ. I, 2; II, 51; ДТС. 433), кырг. катуу; каты (МЧ. 8), кырг. катуу (күчтүү).

Эстеликтерде тактоочту жасоочу мүчөлөр төмөндөгүдөй:

-ча, -че: куш-ча, кырг. кушча; өзүнче (КТ. II, 30), кырг. өзүнчө; азча (Тон. 48), кырг. азча; терче (Мог. Хс. 4), кырг. терче; субча (КТ. II, 24), кырг. сууча; тагча, кырг. тоочо; отчо (КТ. II, 37), кырг. отчо; өртче (Тон. 40), кырг. өртчө ж. б.

-ра, -ре мүчөлөрүнүн жардамы менен төмөндөгүдөй туунду тактоочтор жасалат: ташра (КТ. II, 11, 26), кырг. тышка; ичре (КТ. II, 26), кырг. ичинде; йагру (КТ. I, 5), кырг. жа-

кын; Өңре (Мог. 6; Тон. 14, 20), кырг. өргө; тегире (Тон. 8), кырг. тегерете ж. б.

-ру//-рү//-ри мүчөлөрүнүн негизинде төмөндөгүдөй тактоочтор уюштурулат: керү (КТ. II, 2; КЧ. 16), кырг. артка; кери (Оа. 3), артка; ебрү (Мог. 25), кырг. үйгө.

-йа, йе: курыйа (КТ. II, 52), кырг. кайра, кайта; берийе (Тон. 7, 14), кырг. бери жакка, бериге (оңго).

-гару; -герү: йысгару (Тон. 15), кырг. жышка (токойго) карай; йокару (Тон. 25), кырг. жогору; ебгерү (Тон. 30), кырг. үйгө карай; курыгару (КТ. II, 8, 12, 24), кырг. батышка, артка карай; илгерү (КТ. I, 2, 3), кырг. чыгышка карай, илгери; биргерү (КТ. II, 8), кырг. түштүккө карай; ынагару (МЧ. 10), кырг. андан ары ж. б.

-ты, -ти, -ды, -ди: катыгды (КТ. I, 2), кырг. катуу; амты (КТ. I, 3, 11), кырг. эми, азыр; түкети (КТ. I, 1), кырг. түгөнгөнчө; едгүти (КТ. I, 2; Тон. 34), кырг. жакшы.

## Этиш

Орхон-Енисей эстеликтеринде этиштик категориялар өтө бай жана көп түрдүү. Көпчүлүк этиштер азыркы кыргыз тилинин лексикасына кээ бир фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө карабастан бир топ жакын.

Эстеликтердеги уңгу жана туунду этиштер: Орх.-Ен. бол (КТ. I, 1, 4; Тон. 7; ДТС. 111), кырг. бол; кел (Тон. 8, 15; КТ. II, 52; МЧ. 15; ДТС. 295), кырг. кел; каз (ДТС. 439), кырг. каз; кый (Е. 728; ДТС. 440), кырг. кый (кыюу); йолук (Е. 10; МЧ. 25; ДТС. 272), кырг. жолук; йарат (КТ. II, 53; Мог. Ха. 13; ДТС. 240), кырг. жарат; чык (Тал. VIII, 3; ДТС. 150), кырг. чык; ач (Пал. I; ДТС. 3), кырг. ач; ал (Мог. Хь. 10, 24; МЧ. 5; ДТС. 32), кырг. ал; тур (Е. 48; ДТС. 486), кырг. тур ж. б.

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде атоочтордон этиштерди жасоочу мүчөлөр:

-ла//-ле: Орх.-Ен. баш-ла, кырг. башта; Орх.-Ен. сү-ле, кырг. жортуулда; Орх.-Ен. йыгла, кырг. йыла; Орх.-Ен. йазукла, кырг. жазыкта, айыпта; Орх.-Ен. кылыч-ла, кырг. кылычта; Орх.-Ен. кыш-ла, кырг. кышта; Орх.-Ен. тыңла-, кырг. тыңша//тыңда; Орх.-Ен. йай-ла, кырг. жайла; Орх.-Ен. йок-ла, кырг. жокто.

-а, -е: Орх.-Ен. сан-а, кырг. сана; Орх.-Ен. буңа, кырг. муңай; Орх.-Ен. ат-а (называть), кырг. ата; Орх.-Ен. йаша (*жить*, КП. II, 42), кырг. жаша; *Орх.-Ен. йагыда бош-а-на бош-а-на-ла-дым* (МЧ. 19), кырг. жоодон бошодум, бошотулдум.

-к, -ык//-ик, -ук//-үк: Орх.-Ен. йолук (МЧ. 25), кырг. жо-

лук; Орх.-Ен. ташык (КТ. II, 11; Тон. 33), кырг. илгери чыгуу; Орх.-Ен. ичик (Мог. 37), кырг. багынуу, баш үйүү (сөзмө сөз ичке карай); Орх.-Ен. тагыг, (КТ. II, 12), кырг. тоого чыгуу.

-сыра//-сире: Орх.-Ен. ил-сире, кырг. элсире; Орх.-Ен. каган-сыра, кырг. кансыра; Орх.-Ен. уруг-сыра, кырг. тукумун үзүү.

-ар//-ер: Орх.-Ен. улар, кырг. улануу, өсүү, өнүү.

-шур//-шүр: Орх.-Ен. шоңшур, кырг. чатакташтыруу; Орх. Ен. кекшүр, кырг. кек кылуу, кек сактоо.

-да//-де: Орх.-Ен. кулда, кырг. кулда; Орх.-Ен. күнде, кырг. күнде.

Эстеликте этиштин терс формасы -ма, -ме мүчөсү менен жасалат: Удымадым, кырг. уктабадым; олурмадым, кырг. олтурбадым; көрмадымыз, кырг. көрбөдүк; келмеди, кырг. келбеди ж. б.

Орхон-Енисей эстеликтеринде зат атоочтордон -лан, -лен мүчөсүнүн негизинде өтпөс жана өздүк этиш жасалат; мисалы: канлан (Тон. 2), кырг. кандуу болуу; атлан (КЧ. 29), кырг. аттан; катыглан (КТ. I., 2), кырг. катуулан (туруктуу болуу).

Эстеликтерде байыркы татаал мүчөнүн бири -лаш, -леш мүчөсү. Бул, негизинен, биргелешкен маанини туюндурат. Мисалы: Илим Күл тегин бирле сөз-леш-ди-миз (КТ. II, 26), кырг. Иним Күл тегин (менен) бирге сүйлөштүк. Анча өглесмис (Тон. 20), кырг. мындай ойлодук (түшүндүк).

Эстеликте -лат, -лет мүчөсү да буйрук мамилени уюштурат: атлат тегдим (Тон. 25), кырг. атказ,—дедим.

Орхон-Енисей эстеликтеринде -д, -ад, -ед мүчөлөрү зат атоочтон этиштерди жасайт:

буңадур каган (Тон. 26), кырг. муңдуу кан; башад (Мог. (Ха) 8), кырг. башчы; йогод (КТ. II, 10), кырг. жогот (уу); кулад (КТ. II, 13), кырг. кулдануу, кул кылуу; күңед (КТ. II, 13), кырг. күндөнүү, күң кылуу.

## Мамиле категориясы

Этиштин мамиле категориясы кыймыл-аракеттин субъект жана объектиге карата болгон мамилесин билдирет.

**Негизги мамиле.** Негизги мамиле өзүнчө мүчөгө ээ эмес. Ошондуктан негизги мамиленин баштапкы формасы этиштик формадан турат: йет (МЧ. 13), кырг. жет; кет (Е. 15), кырг. кет; кел (КТ. II, 52), кырг. кел; бар (Е. 11), кырг. бар; бил (Тон. 24), кырг. бил; эсид (КТ. I, 2), кырг. эшит.

**Туюк мамиле.** Туюк мамиле кыймыл-аракеттин бирөө тарабынан аткарылгандыгын көрсөтүүчү этиштик форма.

Эстеликте туюк мамиле -н, -ын//-ин, -ыл//-ил мүчөлөрү аркылуу жасалган. Мисалы:

Орх.-Ен. адырыл (Оа. 4), кырг. айрыл; Орх.-Ен. канлан (Тон. 2), кырг. кан болуу; Орх.-Ен. этил (ДТС. 187), кырг. этил; Орх.-Ен. кылын (Он. 4), кырг. кылын; Орх.-Ен. богузла -н (Тон. 26), кырг. муун; Орх.-Ен. атлан (КЧ. 20), кырг. аттан.

**Аркылуу мамиле.** Этиштин экинчи жакка карата айтылган буйрук формасы. Эстеликте төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн негизинде аркылуу мамиле жасалат: Орх.-Ен. ыгла-т, кырг. ыйлат;

**Буйрук мамиле.** Бул этиштин экинчи жакка карата айтылган буйрук формасы. Эстеликтерде негизги этиш сөздөргө төмөндөгүдөй мүчөлөр кошулуп буйрук этиштерди уюштурат.

а) -ыт//-ит, -т:

йарат (Мог. (Ха) 13; КТ. II, 13), кырг. жарат; кагансырат (КТ. II, 10, 18), кырг. кансырат; олурт (КТ. II, 26), кырг. отурт, отургуз; атлат (Тон. 25), кырг. аттат, йазыклат (Мог. 36), кырг. жазыктат ж. б.

б) -тур//-түр, -дур//-дүр: агтур (Тон. 25), кырг. которул; йүкүнтүр (КТ. II, 2, 15), кырг. жүгүндүр; көнтүр (КТ. II, 2, 21), кырг. көндүр; бинтүр (Тон. 25), кырг. миндир.

в) -ур//-үр:

келир//келүр (Мог. 25; МЧ. 15; Тон. 36; КТ. I, 11), кырг. жеткирүү; түшүр (Тон. 27), кырг. түшүр; сөкүр (Мог. (Хб) 10; КТ. II, 2) кырг. чөгөр; тегүр (Тон. 19, 47), кырг. жеткир (үү).

**Өздүк мамиле.** Өздүк мамиле кыймыл-аракеттин реалдуу субъектиге багытталганын, же анын айланасында топтолгонун билдирет. Өздүк мамиленин грамматикалык формасы -н -ын//-ин мүчөсү. Мисалы:

Орх.-Ен. адырыл, кырг. айрыл;
Орх.-Ен. себин, кырг. сүйүн;
Орх.-Ен. тутун, кырг. тутун;
Орх.-Ен. канла-н, кырг. кандан (канга ээ болуу);
Орх.-Ен. уруш (Оа. 2), кырг. уруш;
Орх.-Ен. йараш (Мог. (Ха) 11), кырг. жараш,
Орх.-Ен. сүңүш (КЧ. 10; Тон. 28, 40), кырг. согуш (уу);
Орх.-Ен. кабыш (МЧ 23. 45); Тон. 12), кырг. кабыш;
Орх.-Ен. сөзла-ш, кырг. сөздөш, сүйлөш;
Орх.-Ен. кач-ыш (О. 1), кырг. качыш;
Орх.-Ен. тут-ыш (О. 1), кырг. тутуш (кармаш).

## Ыңгай

**Ыңгай** кыймыл-аракеттин чындыкта аткарылышы тууралуу сүйлөөчүнүн мамилесин көрсөтөт. Этиштин ыңгайлары учур чак, өткөн чак, келер чак болуп үчкө бөлүнөт.

Учур чак, учур айкын чак жана өтмө учур чак болуп бөлүнөт.

Учур айкын чак: Не каганка исиг күчиг бирүрмен (КТ. II, 9), кырг. Кайсы канга ысык күчүм беремин? Өд теңри йасар киши оглы көп өлгели төрүмиш (КТ. II, 5), кырг. теңир жасаган (берген) киши уулу (адам баласы) бардыгы өлгөнү төрөлгөн.

Өтмө учур чак уңгу этиш сөзүнүн негизинде төмөнкүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

-ы//-и, -у//-ү: башлайу (Мог. 33; Мог. (Ха) 15), кырг. башга, башта; кылу (Мог. (Ха) 7), кырг. кылуу; алы (Мог. (Ха) 9; КТ. II, 10), кырг. алуу; казгану (Мог. (Ха) 10), кырг. ээ болуу; сакыну (Оа. 2), кырг. сагынуу.

Учур чактын терс формасы -маз//-мез: Орх.-Ен. барбас, кырг. барбас; Орх.-Ен. келмез, кырг. келбес.

Орхон-Енисей эстеликтеринде этиштин өткөн чагы өзүнүн формасы жана мааниси жагынан бир нече түрдүү чактык формаларга ээ болот.

-ды//-ди, -ты//-ти: Орх.-Ен. Өрпенте сөңүшдим сүсин санчдым (Мог. 26), кырг. Өрпенде согуштум, аскерин жанчдым. Орх.-Ен. Өңреки будун келти (Тон. 17), кырг. Алдыңкы (чыгыштагы) эл (калк) келди.

-дыг//-диг, -тыг//-тиг: Орх.-Ен. алкынтыг (КТ. I, 9), кырг. житип кетүү; Орх.-Ен. арылтыг (КТ. I, 9), кырг. арыдык (чарчадык); Орх.-Ен. бардыг (КТ. I, 9; КТ. II, 24), кырг. бардык; Орх.-Ен. өлтиг (КТ. II, 6, 7), кырг. өлдүк.

-мыш//-миш, -мыс//-мис: Орх.-Ен. илин төрүсүн тута бирмис ити бирмис (КТ. II, 1), кырг. уруулук тартибин (законун) тута берген кожоюн (господин) берген; Орх.-Ен. Эчүмиз апабыз Бумын каган төрт булуныг кысмыс йыгмыс, йаймыс (Он. 1), кырг. (Түпкү) ата-бабалары Бумын кан төрт булуңду (ааламды) кыскан, жыккан, тараткан, баскан.

Этиштин келер чагын -ар//-ер, -ур//-үр, -ыр//-ир мүчөлөрү уюштурат:

Орх.-Ен. барыр (КТ. II, 10), кырг. барар; Орх.-Ен. келүр (Тон. 12), кырг. келер; Орх.-Ен. өлүрүр (Тон. 8), кырг. өлтүрөр; Орх.-Ен. бирүрмен (КТ. II, 9), берермин ж. б.

## Буйрук ыңгай

Орхон-Енисей эстеликтеринде буйрук ыңгайдын чагы учурабайт. Эстеликтерде төмөндөгүдөй учурда кездешет:

а) этиштин буйрук ыңгайы, уңгу формада:

Орх.-Ен. бол (МЧ. 30), кырг. бол; Орх.-Ен. көр (МЧ. 22), кырг. көр; Орх.-Ен. бил (Тон. 24), кырг. бил; Орх.-Ен. кал (МЧ. 28), кырг. кал; Орх.-Ен. өлүр (Тон. 7, 9), кырг. өлүр;

Орх.-Ен. сүнүс (КЧ. 20), кырг. согуш; Орх.-Ен. ал (Мог. 24), кырг. ал ж. б.

Жогорудагы мисалдар буйрук ыңгайдын экинчи жагын билдирип жатат.

б) этиштин көптүк санынын экинчи жагынын сылык түрүн -ың//-иң, -уң//-үң, -ң мүчөлөрү уюштурат:

Орх.-Ен. барың (Тон. 31), кырг. баруу; Орх.-Ен. билиң (Мог. 33) кырг. билүү;

в) буйрук ыңгайдын жекелик жана көптүк жагынын 3-түрү -зун//-зүн (кээде -чун) мүчөсүнүн негизинде жасалат:

Орх.-Ен. барзун (Тон. 31), кырг. барсын; Орх.-Ен. болчун (КТ. II, 11), кырг. болсун;

г) буйрук ыңгайдын терс формасын -ма//-ме мүчөсү уюштурат:

Орх.-Ен. йитмезүн (Он. 3), кырг. житпесин; Орх.-Ен. калмазун (КТ. II, 20), кырг. калбасын; Орх.-Ен. алмазун (Он. 8), кырг. албасын; Орх.-Ен. унамаң (Тон. 35). кырг. ынаба ж. б.

д) эстеликтерде буйрук ыңгайдын күчөтмө формасын -гыл//-гил мүчөсү түзөт:

Орх.-Ен. биргил (МЧ. 17), кырг. бергин (дай же!) Орх.-Ен. эсидгил (КТ. I, 1), кырг. эшиткин; Орх.-Ен. ургыл (Тон. 34), кырг. ургун.

### Шарттуу ыңгай

Эстеликте шарттуу ыңгайды -сар//-сер мүчөсү уюштурат: Орх.-Ен. болусар, кырг. болсо; Орх.-Ен. барсәр (КТ. I, 8), барса; Орх.-Ен. йорусар, кырг. жортсо; Орх.-Ен. йаңылсар, кырг. жаңылса; Орх.-Ен. тодсар (КТ. I, 8), кырг. тойсо; Орх.-Ен. олурсар, кырг. олтурса; Орх.-Ен. келсер, кырг. келсе ж. б.

### Тилек ыңгай

Орхон-Енисей жазма эстеликтерде тилек ыңгай -айын//-ейин, -йын//-йин (жекелик түрү) мүчөлөрү аркылуу жасалат: Орх.-Ен. йолукайын, кырг. жолугайын; Орх.-Ен. йүз йашайын, кырг. жүз жашайын; Орх.-Ен. айайын, кырг. аяйын; Орх.-Ен. йазмайын, кырг. жаңылбайын; Орх.-Ен. йазмайын, кырг. жазбайын; Орх.-Ен. болмайын (Тон. 2, 7), кырг. болбоюн.

Эстеликте 2-жактын мүчөсү -гыл, -гил: эшидгил, кырг. эшит (диал.); Орх.-Ен. катыглангыл, кырг. кайраттангын; Орх.-Ен. айагыл, кырг. аягын.

Орхон-Енисей эстеликтеринде 3-жакты -зун, -зүн, кээде -зу, -зү мүчөлөрү түзөт: Орх.-Ен. калмазун, кырг. калбасын; Орх.-Ен. болсун, болзун, болчун (КТ. II, 11), кырг. болсун; Орх.-Ен. себүг болзу, кырг. сүйүнүч болсун; Орх.-Ен. келсүн, кырг. келсин.

Орх.-Ен. йитмезүн, кырг. житпесин; Орх.-Ен. болмазун, кырг. болбосун. Мындан башка эстеликте каалоо ыңгайды -чун мүчөсү да уюштурган: «Будун болчун», — тийин, кырг. калк болсун, — деп...

Эстеликте көптүк санынын биринчи жагы -алым//-елим, -лым//-лим формалары аркылуу жасалат: Орх.-Ен. баралым, кырг. баралы, баралык; Орх.-Ен. адырылмалым (Оа. 3), кырг. айрылбайлык; Орх.-Ен. сүлелим (Тон. 23), кырг. согушалы(к) ж. б.

Эстеликте 2-жактын көптүк саны -ың//-иң//-иң, -ң мүчөлөрү аркылуу жасалат: Орх.-Ен. билиң, кырг. билиңиз; Орх.-Ен. сакының, кырг. ойлон.

Эстеликте 3-жактын көптүк саны -зун//-зүн+-лар мүчөсү кошулуп да жасалат: калмузунлар, кырг. калбасын.

Эстеликтерде белгилүү гана санда тилек ыңгайды -гайу мүчөсү уюштурат: Орх.-Ен. булгайу (КЧ. 11), кырг. болгой (эле).

## Атоочтуктар

Орхон-Енисей эстеликтеринде атоочтуктарды түзгөн төмөндөгүдөй формалар кездешет:

а) -мыш//-миш өткөн чактык атоочтук: Орх.-Ен. тегмиш, кырг. тийген; Орх.-Ен. калмыш, кырг. калган; Орх.-Ен. болмыш, кырг. болгон; Орх.-Ен. басмыс (Он. 1), кырг. баскан; Орх.-Ен. тутмыш кырг. туткан; казганмыш (КТ. II, 22), кырг. ээ болгон (табылгага); Орх.-Ен. йаратмыш (КТ. II, 13), кырг. жараткан; Орх.-Ен. ермиш (КТ. I, 14), кырг. болгон.

Текстте: Бумын каган, Истеми каган олурмыш (КТ. II, 1), кырг. Бумын кан, Истеми кан кандыкка олтурган; Олурыпан түрк будуның илин төрүсин тута бирмис, ити бирмис (КТ. II, 1), кырг. отуруп, түрк элинин бийлигин тутуп, орноткон.

2) Орхон-Енисей эстеликтеринде -ган//-ген формасы катышкан атоочтуктар: Орх.-Ен. сөзлеген (ДТС. 652), кырг. сүйлөгөн; Орх-Ен. ол киши ол йолдан азытган (ДТС. 653), кырг. ал киши ал жолдон азыткан ж. б.

Эстеликте атоочтуктун терс формасы -маз//-мез, -мас//-мес; көр-мез, кырг. көрбөс; йокла-маз, кырг. жоктобос.

3) -дук//-дүк//-тук//-түк мүчөсү атоочтуктун өткөн чак формасы:

Орх.-Ен. Бардык йирде эдгүг ол эринч (КТ. II, 24), кырг. Барган жерде жакшы эмне таптың? Магы Курган кышладукда йут болты (КТ. II, 48), кырг. Магы Коргон кыштоосунда жут болду. Орх.-Ен. Теңри йарлыкадук үчүн (Мог. 33), кырг.

Теңирим жалгаганы үчүн; Орх.-Ен. тегдүкин, түрк беглер, коп билирсиз (КТ. II, 34), кырг. анын чабуулун түрк бектер, көп билээрсиз (дер)?; Орх.-Ен. булмадук, кырг. болбодук; Орх.-Ен. саңа келдүкин; кырг. сага келдим; Орх.-Ен. аны көрдүкте, кырг. аны (качан) көрдүң; Орх.-Ен. адырылмадук (Оа. 3), кырг. айрылбадык.

4) -ур//-үр//-йур//-йүр, -ар//-ер, -ыр//-ир атоочтуктун келер чак жана учур чак формасы:

-ур//-үр: Орх.-Ен. сакынур, кырг. сагынар; Орх.-Ен. олурур, кырг. олтурар; казганур, кырг. алуу, ээ болуу, табуу; Орх.-Ен. бирүр, кырг. берер; Орх.-Ен. кирүр, кырг. кирер; Орх.-Ен. эрүр, кырг. болор.

-йур, -йүр: (уңгу сөздүн аягы үндүүлөрдөн бүтсө):

Орх.-Ен. башлайыр, кырг. баштар; Орх.-Ен. йорыйур, кырг. жортор, жортот; Орх.-Ен. йашайур, кырг. жашар, жашайт; Орх.-Ен. йийүр кырг. жээр, (тамакты жээр), жейт.

-ар, -ер: Орх.-Ен. йасар, кырг. жасар; Орх.-Ен. тутар, кырг. тутар; Орх.-Ен. барар, кырг. барар; Орх.-Ен: сыңар, кырг. жөнөр; Орх.-Ен. табар, кырг. табар; Орх.-Ен. өчер, кырг. өчөр.

-ыр, -ир: Орх.-Ен. барыр, кырг. барар; Орх.-Ен. билир, кырг. билер; Орх.-Ен. келир, кырг. келер; Орх.-Ен. калыр, кырг. калар;

Текстте: көрүр көзим көрмез тег, билир билигим билмез тег (КТ. II, 50), кырг. көрөр көзүм көрбөстөй, билер билимим билбестей.

5) Орхон-Енисей эстеликтеринде негизинен этиштик атоочтуктун келер чагын жасоочу -тачы//-течи//-дачы//-дечи мүчөлөрү да бар. Мисалы: өлтечи будуныг (КТ. II, 29), кырг. өлүп бара жаткан элди. Өлмечи йетмечи сен,—тидим (МЧ. 17), кырг. өлбөчү, (житпечи) сен, — дедим.

Орх.-Ен. кушладачы, кырг. куш салуу (ууга чыгуу); Орх.-Ен. өлтечи (КТ. I, 8, 29), кырг. өлүүчү; Орх.-Ен. көртечи сен (Мог. Хб. 14), кырг. көрмөкчүсүң; Орх.-Ен. олуртачы (КТ. 8), кырг. олтурсачы.

6) Эстеликтерде атоочтуктардын -гма, -гме мүчөсү да бар, ал келер чактык мааниде колдонулган:

Орх.-Ен. Бедиз йаратыгма битиг таш итгүчи... (КТ. II, 53), кырг. бедиз жаратууга жазма (чийме) таш чегүүчү... Көтүригме теңри, кырг. көтөрүлүүчү теңири; Орх.-Ен. Кери барыгма барды (Оа. 3), кырг. калк (эл) артка барды; Ил биригме теңри, кырг. эл теңирине бирикти.

### Этиштин чактары

Келер чак:

Орх.-Ен. өлтечи, кырг. өлүүчү; Орх.-Ен. олуртачы, кырг. отуруучу; Орх.-Ен. казганурмен, кырг. курармын, алармын, Орх.-Ен. бирүрмен, кырг. берермин; Орх.-Ен. барыр, кырг. барар.

Эстеликте өткөн чак -ыпан, -ипен (-ып, -ан элементинен турат). Мисалы: Орх.-Ен. барыпан, кырг. барган; Орх.-Ен. тегипен, кырг. тийген.

Шарттуу чак:

Орх.-Ен. эрсер, кырг. тийсе; Орх.-Ен. келсер, кырг. келсе;

**Учур чак:**

Орх.-Ен. йаратыгма (КТ. II, 53). кырг. жаратуума; Орх.-Ен. битимге, кырг. жазуума; Орх.-Ен. көрүгме, кырг. көрүүмө ж. б.

### Чакчылдар

Эстеликтерде чакчылдардын төмөндөгүдөй түрү кездешет.

1) -а//-е:

Орх.-Ен. уча (КТ. II, 16, 24), кырг. уча (учуп);
Орх.-Ен. тута (КТ. II, 1), кырг. тута (тутуп);
Орх.-Ен. кече (КТ. II, 39), кырг. кече (кечип);
Орх.-Ен. тога (КТ. II, 37), кырг. чыга (чыгып);
Орх.-Ен. тапа (КТ. II, 28), кырг. чейин, карай.

2) -ы//-и, -у//-ү, -йу:

Орх.-Ен. ити (КТ. II, 1), кырг. эт (ип);
Орх.-Ен. алы (КТ. II, 8), кырг. ал (ып);
Орх.-Ен. теги (КТ. II, 1), кырг. чейин;
Орх.-Ен. йитү (КТ. II, 27), кырг. житүү;
Орх.-Ен. йокаду (КТ. II, 10), кырг. жоголду;
Орх.-Ен. итинү (КТ. II, 10; ДТС. 215), кырг. этилди;
Орх.-Ен. йаратуну (КТ. II, 10), кырг. жаратып;
Орх.-Ен. башлайу (КТ. II, 16), кырг. баштап.

3) -галы//-гели, -калы//-кели:

Орх.-Ен. өлгели (КТ. II, 50), кырг. өлгөнү;
Орх.-Ен. укгалы, кырг. укканы;
Орх.-Ен. алгалы (Мог. 32), кырг. алганы;
Орх.-Ен. үзгели (Тон. 13), кырг. үзгөнү;
Орх.-Ен. олургалы, (Тон. 8), кырг. олтурганы.

Чакчыл -ты:

Орх.-Ен. адырылтымыз (Аа. 1), кырг. айрылганбыз;
Орх.-Ен. түкети (КТ. I, 1; ДТС. 596), кырг. такыр, түгөл;

Орх.-Ен. эдгүти (КТ. I, 2; Тон. 34; ДТС. 163), кырг. жакшы;

Орх.-Ен. катыгды (КТ. I, 2; II, 51; ДТС. 433), кырг. катуу;

Орх.-Ен. түн удыматы, күнтүз олурматы кызыл каным төктү, кара терим йүгүрти, исиг күчиг биртим ок, кырг. түнүн уктабады, күндүз олтурбады кызыл каным(ды) төктү, кара терим жүгүрттү (чыкты), ысык күчүмдү бердим окко.

-ып//-ип, -п:

Орх.-Ен. тезип (Мог. 40), кырг. качып (безип);

Орх.-Ен. тип (КТ. I, 4), кырг. деп;

Орх.-Ен. алып (МЧ. 42; КТ. 7), кырг. алып;

Орх.-Ен. кылып (Оа. 2), кырг. кылып;

Орх.-Ен. йорып (Мог. 27), кырг. жүрүп;

-ыпан//-ипен:

Орх.-Ен. адырылыпан (Аа. 4), кырг. айрылып;

Орх.-Ен. олурыпан (КТ. I, 1; Тон. 7, 9, 31; ДТС. 366), кырг. отуруп;

Орх.-Ен. келипен (ДТС. 295), кырг. келип;

Орх.-Ен. көрүпен (ДТС. 317), кырг. көрүп ж. б.

-йын//-йин:

Орх.-Ен. канын болмайын (Тон. 2), кырг. каны болбойун;

Орх.-Ен. тийин (Тон. 6, 34, 39, 40; ДТС. 545), кырг. деп;

-мады (-маты, -матын) —чакчыл -ып формасынын терс түрү:

Орх.-Ен. сакынматы (КТ. II, 10; ДТС. 486), кырг. сагынбады;

Орх.-Ен. сабын алматын, кырг. (тилин) албай;

Орх.-Ен. сабын алматын йер сайу барды (ДТС. 657), кырг. сөзүн албаган (дан кийин) жер кыдырып барды (кетти).

## Сырдык сөздөр

Орх.-Ен. Сизиме йыта бөкмедим (Ен. 3, 18; ДТС. 269). кырг. Сизге аттигинай, ыракаттанбадым; Орх.-Ен. Куйда кишиме йыта адырылу бардымыз (Е. 18; КЧ. 5; ДТС. 269), кырг. Үйдөгү кишимден (аялымдан) аттигинай, айрылып кеттим.

## Кызматчы сөздөр

Кызматчы сөздөр эстеликтерде төмөндөгүдөй учурларда кездешет. Мисалы:

Орх.-Ен. тег, теги (МЧ. 15, 21; Мог. Хб. 15), кырг. дейре, чейин;

Орх.-Ен. өтүрү, өтрү (МЧ. 29; Тон. 12; ДТС. 393), кырг. кийин;

Орх.-Ен. коды (Тон. 27; МЧ. I; Мог. 37), кырг. төмөн; ылдый;

Орх.-Ен. ара (МЧ. 2, 45; ХТ. IV 1; V 2; ДТС. 50), кырг. ара.

Текстте: экин ара киси оглы кылынмыс (КТ. II 1), кырг. эки арада киши уулы жаралган.

Орх.-Ен. асра (Мог. 35, КТ. II, 1; ДТС. 61), кырг. астында;

Орх.-Ен. кисре (КЧ. 19; Мог. Ха. 13), МЧ. 13, Тон. 6, КТ. I, 5), кырг. кийин, кайра.

Текстте: Анта кисре (КТ. I, 5), кырг. андан кийин; йагру контукда кисре (КТ. I, 5), кырг. жакын кондук кайра; Орх.-Ен. кисре тардуш бегир (Мог. Ха. 13), кырг. кийин тардуш (эл) бектери ж. б.

Орх.-Ен. үзе (МЧ. 3; Мог. 2; О3; Оа 4; Аб 1; КТ. II, 1, 17), кырг. үстүндө; текстте: Токуз огуз будун үзе каган олурты (Тон. 9), кырг. Тогуз огуз элине (үстүндө) кандыкка олтурду. Он уйгур тогуз огуз үзе йүз жыл олуруп (МЧ. 9), кырг. Он уйгур тогуз огуз үстүндө жүз жыл отуруп. Үзе теңри ас (ра) йер йарылкадук үчүн (Мог. Хб. 10), кырг. үстүңө теңири астында жер жарылгандык үчүн.

Орх.-Ен. үчүн (МЧ. 17; I КЧ; КЧ 7; Мог. 28, ДТС. 622), кырг. үчүн; текстте: бег үчүн, кырг. бек үчүн; тенри күч биртүк үчүн, кырг. күч берген теңир үчүн; текстте: Теңри йарлыкадукын үчүн, өзүм кутын бар үчүн (КТ. I, 9), кырг. Теңир буюрганы үчүн, өзүм (дүн) кутум (бактым) бар үчүн.

Эстеликте бирле (бирге) деген кызматчы сөз текстте көбүрөөк учурайт.

Текстте: Иним Күл тигин бирле, эки шад бирле өлү йнтү казгантым (КТ. II, 27), кырг. Иним Күл-Тегин менен бирге эки шад менен өлүп житип бараткандарды курадым.

Ики оглун бирле өлти, кырг. эки уулу бирге өлдү; атым эрти бирле, кырг. атым бирдей эле (атым бирдей болгон); эр атым йок үчүн, кырг. эр атым жок үчүн.

Каганым бирле Суңа йышда сүңүшдимиз (КТ. II, 35), кырг. Каным менен бирге Суңа жышында сайыштым. Ики оглын бирле өлти (Е. Т.) кырг. Эки уулу бирге өлдү.

Эстеликте кызматчы сөзгө окшош тег (баруу, жетүү, кандай) деген да кызматчы сөздүн милдетин аткарат. Мисалы: Орх.-Ен. Анта кисре иниси эчисин тег кылынмадук эринч (КТ. II, 5), кырг. андан кийин иниси улуу агасындай болбогон экен.

## Байламталар

Орх.-Ен. гү (КТ. I, II; ДТС. 195, 196), кырг. анткени;

Орх.-Ен. анчып (МЧ. 19), андан кийин, жана;

Орх.-Ен. теги (Мч. 15, 21; Мог. (ХБ. 15); 02, 8; ДТС. 547), кырг. чейин. Текстте: Темир капыгка теги эртимиз (Тон. 45), кырг. Темир капкага чейин жорттук. Йети күнге теги (ДТС. 547), кырг. жети күнгө чейин; Орх.-Ен. йеме// йиме (Тон. 16; КТ. I, 10; МЧ. 22; ДТС. 255), кырг. дагы, дагы да;

Текстте: Күн йеме түн йеме бардымыз (ДТС. 225), кырг. Күн дебей, түн дебей бардык.

Орх.-Ен. йече, йиче (КТ. II, 16; МЧ. 14; ДТС. 252), кырг. кайтадан, кайта дагы, кайта баштан, жана(?).

Орх.-Ен. тагы//такы (ДТС. 536), кырг. дагы;

Текстте: Такы негү күтер сизлер? (ДТС. 530), кырг. Дагы эмне күтөсүздөр?

Орх.-Ен. та (КТ. II), кырг. жана;

Текстте: Анда кисре иниси каган болмуш эринч, оглу та каган болмуш эринч (КТ. II, 6), кырг. Андан кийин иниси кан болгон экен, уулу да кан болгон экен.

Орх.-Ен. өк (Тон. 6; ДТС. 382), кырг. эле, так эле, жалгыз.

Текстте: Анта кисре теңри билиг бертүк үчүн өзүм өк каган кысдым (Тон. 6), кырг. Андан кийин теңири билим (акыл) берген үчүн өзүм кандыкты кааладым.

## Бөлүкчөлөр жана модаль сөздөр

Бөлүкчөлөр өз алдынча лексикалык мааниге ээ эмес, ар кандай сөздөргө, сөз айкалыштарына, же сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маани киргизет.

Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде бөлүкчөлөр аз санда учурайт. Мисалы: йалнус (КЧ. 28) — жалгыз; күк (гу, гү) — суроолуу-күчөтмө бөлүкчө: өлтечи күк (Тон. 21) — балким, өлөт; йана йорыдым (МЧ. 7) — жана жорттум. Орх.-Ен. эрмиш (ДТС. 181). Байыркы түрк жазмасындагы (эр-миш («болгон») атоочтугу азыркы кыргыз тилинде «имиш» формасында колдонулат. Азыр бул алгачкы «болгон» деген маанисинен таптакыр ажырап, айтылуучу ойго болжолдоо маанисин киргизип, модаль сөзгө айланган. Мисалы: Ал кечээ келген имиш. Кийинчерээк бул модаль сөздүн негизи «и» эр кыскарып, «миш» түрүнө айланып, ал күнөмдүү маанидеги бөлүкчөгө айланып кеткен: алганмиш, көргөнмиш.

Орх.-Ен. йана (МЧ. 1; Тон. 2), кырг. жана; текстте: Йана йорыдым (МЧ. 7), кырг. жана жорттум.

Радлов, 310—311-беттер; РАтлас, LXXV, 4; Оркун, III, 199—200-беттер; ФАтлас, IV.

Эстеликтин бет мандайынан окулушу:

1) ...(оғла)ныма сизиме адырылдым.
2) ...(т) оғдым (?) бен.

Кыргызчасы:

1) уулдарымдан, сиздерден айрылдым.
2) Мен ... туулдум (?).

Орусча котормосу:

1) Я разлучился в отношении моих сыновей и вас моих.
2) Я родился (?).

Арт жагынан окулушу:

3) ...М...да... беңүсү йок эрмиш йылында (а) йүз элигд(е)...
4) ...кмы...өзе.
5) ...эрм... а

Кыргызчасы:

1) ...белгиси (эстелиги) жок эле, жүз элүү жылында...
4) ...кмы... өзү.
5) ...эрм... а

Орусча котормосу:

3) ...памятника его не было, в году сто пятьдесят...
4) ...
5) герой.

## № 10

### Элегештеги эстелик

РАтластын 2-басылышынын баш сөзүндө Д. А. Клеменцев тарабынан бул эстелик жөнүндө кеңири кабар берилген. Таштын бийиктиги 3,27 *см*, туурасы 66 *см*. Эстеликтин туурасынын эң эле жазы жери 25,4 *см*, жогору жагынан туурасы 26,5 *см*. Аспелиндин кабары боюнча эстеликтин бийиктиги 3,20 *см*, туурасы 0,66 *м*. «Бул мен белгилеген өлчөмгө жакын» дейт Клеменцев. Эстеликтин экинчи бети чийилип, ага крест чегилген. Буга караганда эстелик байыркы түрктөр тарабынан экинчи жолу кайрадан пайдаланылган болуу керек деп болжолдоого болот. Эстеликти В. В. Радлов ФАтластагы Ошурков менен Клеменцевдин эстампажы боюнча окуп чыккан. Эстеликтин 8—9-саптары абдан начар окулат.

Радлов, 311—314-беттер; РАтлас, LXXIII жана LXXIV; Оркун, III, 179—183; ФАтлас, V.

Эстеликтин окулушу:

1) Куйда кунчуйыма сизиме йыта (айыта?) өзде оғлум сизиме адырылтым.
2) Йүз эр кадашым уйарын үчүн йүз эрен (е)лиг өкүзин текдүк үчүн адырылтым.
3) Көк теңриде күн ай азыдым йериме йыта сизиме адырылтым.
4) Каным(а) элиме сизиме йыта бөкмед(им)... Каным(а) элим(е) йыта адырылтым.
5) Көрт эл кан ал(п) уруңу алтунлығ кешиг белимке бантым йерде элим токуз кырк йашым(та).
6) Уруңу күлүг Ток Бөгү(т) эркиңе каңы (же каңын) бег эрдем үчүн бен эр(ки бардым).
7) Кара будуным катығланың эл төрүсү ыдмыш (? ыдмаң) йыта сиз элим каным.
8) Элим оғурунта сү болуп эрлерим эдкүм йок челиг (Ач элиг) де (Оркун, III, 180; билдигде) бир тегме (Оркун: бертигиме) секиз эр эрдм(из).

9) ...мн берийе... кылыну адырылайын уң...б...ш йылта эр...
10) Төрт адак(лығ) йылкым секиз адаклығ барымым буңым йок эрдим.
11) буң баңа бат эрмис өлдим йыта сизиме йолукайын.
12) Қадашыма кешиме адак(лығ) атыма йыта кара будунума адырылтым йыта мен.

Қыргызчасы:

1) Өрдөгү канышам сиздерден, аттигиниң, өз уулум сиздерден айрылдым.
2) Жүз эр (баатыр) курдашымдын күчү бар үчүн, жүз эрен (баатыр) менен элүү жолу (?) ... тийген (согушкан) үчүн айрылдым.
3) Көк асмандагы күн, айды сезбедим (көрбөдүм), жеримден, аттигиниң, сиздерден да айрылдым.
4) Қаныма, элиме — сиздерге, аттигиниң, бөкбөдүм... Қанымдан, элимден, аттигиниң, айрылдым.
5) Эл (мамлекет) менен кандын баатырдык көрктүү туусу алтындуу (алтын карматкан) кешти (курду) белиме байландым, элимдин (мамлекетимдин) жеринде отуз тогуз жашымда.
6) Туусу даңктуу Ток Бөгү(т) эрки (жана) атамдын бектигинин даңкы үчүн мен эр[(ки?) бардым].
7) Қара журтум кайраттангын, эл (мамлекет) заңын бузба (жибербе), аттигиниң, элим (мамлекетим, каным—сиздерден (айрылдым, б. а. өлдүм).
8) Элим (мамлекетим) турмушунда согуш убагында аскер болуп, мыкты эрлерим болгон жок. Бир кагылышта (араң эле) сегиз эр элек.
9) ...түштүккө ... кылып айрылайын ... жылда эр...
10) Төрт аяктуу жылкым, сегиз аяктуу малым (бар үчүн) муңум (кайгым) жок эле.
11) Муң мага бат (б. а. келди) экен өлдүм, аттигиниң сиздерге жолугайын (дедим эле).
12) Курдашымдан, алтындалган кешимен (курумдан), аяктуу атыман, аттигиниң, кара журтумдан айрылдым, аттигиниң, мен.

Орусча котормосу:

1) От вас моих, мои принцессы в теремах; от вас моих, мои собственные (при себе) сыновья (и) от вас моих, мои сыновья я отделился (т. е. умер).
2) Так как я имел силу (только) ста моих геройских товарищей и так как я сражался со ста мужественными героями, то я отделился (от вас, т. е. умер).

3) Я стал не ощущать солнце и луну на голубом небе, горюя, от вас моих и от земли моей я отделился (т. е. умер).
4) В отношении вас — моего хана и моего государства — я не насладился. Я отделился (т. е. умер), горюя, от моего хана и моего государства.
5) Красивое алое знамя государства; я привязал свой золотой пояс (колчан) у поясницы. На земле мое государство в мои тридцать девять лет...
6) По воле (под-)знаменного именитого Ток-Бёгю(т) и ради доблести князя (моего) отца и...
7) Мой весь народ, будь тверд. Законы государства не разрушай (не отсылай) От вас , мое государство и мой хан (я отделился, т. е. умер).
8) В жизни моего государства, во время войны, у меня не оказалось героев-удальцов. В сражении всего-навсего нас было восемь героев.
9) Направо (на юг) ... делаясь и отделяясь (т. е. умирая). В году Барса герой...
10) У меня был четвероногий скот, у меня был восьминогий скот, и я жил без печали.
11) Печаль быстро мне явилась: я ослаб (пал жертвой за вас моих)! Горюя, мне хотелось бы встретиться с вами (или да буду я вашей жертвой).
12) От моих приятелей, моего пояса (или колчана) от моих (быстроногих коней, увы, от всего народа моего я отделился (т. е. умер) горюя (я)...

## № 11

### Бегредеги эстелик

Эстеликтин окулушун В. В. Радлов Ошурковдун түшүргөн эстампажы аркылуу тактаган. Эстеликтин бийиктиги 1,52 *см*. Жазуунун узундугу 1,36 *см*. Таштын төрт бети тең жазуу. Тамгалар өтө терең жана даана жазылган. Караңыз: Радлов, 314—317-беттер; РАтлас, LXXXV; Оркун, III, 71—75-беттер.

Эстеликтеги жазуунун бет маңдайынан окулушу:

1) Төр-апа[1] (же Төрпе) ичреки бен беш йегирми йашда алынмышым кунчуйума буңа адырылдым, сизиме күн ай азыдыма[1].
2) Үч оғлыма адырылдым, йыта, бөкмедим катығланғыл!

---

[1] И. А. Батманов киргизген толуктоосунда 1-сап экинчи сап менен алмашылган. 1-саптын акырындагы сөздө С. Е. Маловдун окуусунда *а* тыбышы кошулуп «азыдыма» деп берилсе, И. А. Батмановдо бул түшүрүлүп «азыдым» деп берилген. Ошондой эле экинчи саптын акырындагы сөздөрдө *а* тыбышы саптын аягындагы «катыглангыл» деген сөздө кошулбай келсе, И. А. Батмановдо кошулуп, «катыглангыла» деп берилген.

Кыргызчасы:

1) Мен, Төр-апа (же Төрпе) ичреки (ички чин) он беш жашымда... (тарбиясына) алынганмын, канышамдан мунда (мун менен) сиздерден айрылдым. Күн, айды көрүүдөн калдым.
2) Үч уулумдан айрылдым, аттигинин, бөкбөдүм, кайраттангын!

Орусча котормосу:

1) Я Тер-апа (или Терпа) ичреки (внутренний чин), в пятнадцать лет я был взят на воспитание... В отношении моих принцесс я в горе отделился. Я не стал ощущать солнце и и луну.
2) Я расстался со своими тремя сыновьями. Горюя, я не насладился. Мужайся!

Сол жак тарабындагы жазуунун окулушу:

3) Секиз адаклыг барымыг үчүн йылкы түкети бардым анта бөкмедим йыта өрүнүмиг карамыг азыдым а.

Кыргызчасы:

3) Сегиз аяктуу (төрт түлүк) малым (бар) үчүн жылкы менен түгөтө (кыдырдым) бардым, анда бөкбөдүм. Аттигинин ... Төрт түлүк малымды көрбөй калдым.

Орусча котормосу:

3) Имея свой сытый скот, я хорошо путешествовал на конях, но и тут не насладился. Я горюю. Теперь я глух (и слеп) к своим стадам.

Эстеликтин арт жагындагы жазуунун окулушу:

4) Йериме йыта субыма адырылдым буна сизиме йыта
5) будуныма күниме кадашыма адырылдым бөкмедим.
6) Элиме каныма бөкмедим йашым йети йетмиш (бенгүг тиктим) азыдым.
7) Йатда түнүриме адырылдым,
8) анта алығ адашыма анта сизиме эдгү эшиме адырылдым.

Кыргызчасы:

4) Жеримден, аттигинин, суумдан айрылдым, мунда (мун менен) сиздерден, аттигинин (айрылдым).
5) Журтумдан, күнүмдөн, курдашымдан (тууган-туушканымдан) айрылдым, бөкбөдүм.
6) Элиме (мамлекетиме), каныма бөкбөдүм, жашым алтымыш жети (белги тургуздум) көрүүдөн калдым.
7) Жат жерде туугандарымдан айрылдым,

8) анда алыг[1], адашымдан[2], анда сиздерден, ийги (мыкты) эшимден (курбуларымдан) айрылдым.

Орусча котормосу:

4) Я отделился (т. е. умер), горюя, от своей земли и своей воды (т. е. от своей родины). В печали в отношении вас моих, горюя,
5) я отделился и не насладился в отношении своего народа, своего племени и своих родственников.
6) Я не насладился своим государством и своим ханом. Мой возраст шестьдесят семь (по Радлову: Я воздвиг вечный памятник). Я стал глух (ко всему) (т. е. умер).
7) Я отделился (т. е. умер) на чужбине от своих родственников,
8) там от своих бесчисленных друзей (или: от богатства и друзей) я отделился (т. е. умер) от вас моих, моих добрых товарищей.

Оң жагынан окулушу:

9) Беш йегирми йашымда табғач канға бардым эр эрдемим үчүн алпун алтун күмүшиг эгритеб эл де киши казгандым а
10) Йети бөри өлүрдүм а барсығ көкмекиг өлүрмедим а.

Кыргызчасы:

9) Он беш жашымда табгач канга бардым, эр эрдемим (кайраттуулугум) үчүн алпын (?) алтын, күмүштү, кымбат баалуу ат жабылуу табгач мамлекетинде кишилүү (аялдуу) болдум.
10) Жети бөрү өлтүрдүм, барсты, көкмөкти[1] өлтүрбөдүм.

Орусча котормосу:

9) В мои пятнадцать лет я пошел к китайскому императору ради моих способностей по геройству (алпын?); золото, серебро, дорогие ткани, в табгачском государстве (и) людей (жену?) я приобрел.
10) Я убил семь волков. Я не убивал барсов и ланей.

---

[1] Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде алыг — «короо» (мал короо) деген мааниде кезигет.

[2] Азыркы кыргыз тилинин түндүк диалектисинде адаш-аяш аялынын жолдошу же күйөөсүнүн жолдошуна карата айтылат: «Аяш жолу бир башка, адаш жолу бир башка» (макал).

[3] Көкмөк — эки жаштагы элик.

## № 12

### Улуг-Кем-Күлү-Кемдеги эстелик*

Бул эстелик жөнүндө А. Д. Клеменцев өзүнүн түшүндүрмө катында да жазат. Клеменцевдин мүнөздөөсү боюнча бул таш тикесинен тургузулган. Бийиктиги 2,41 *см* келген кварц аралашкан көгүш сланец таш. Жазуунун тамгалары өтө начар сакталган. Караңыз: Радлов, 317-бет; А. Н. Бернштам. Соц.-экон. строй, 98-бет; РАтлас, LXXXIX; Оркун, III, 53—54-беттер; ФАтлас, VII.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Чочук Бөри Саңун
2) ...ун катун тарлагым
3) ...м тарлаг ... р
4) экем катунум йрд

Кыргызчасы:

1) Чочук Бөри Саңун
2) катын (каныша), талаам (эгин айдачу талаа маанисинде)
3) ...талаа...
4) (эке[1]) эжем, катыным (канышам) ...йрд.

Орусча котормосу:

1) Чочук—Бёри (волк) Сангун
2) ...госпожа. Мое поле.
3) ...поле...
4) моя тетка, моя госпожа.

## № 13

### Ча-Көлдөгү биринчи эстелик**

Бул жазуу Ошурков тарабынан табылган. Эстелик жазылган таш сланец катмарынан турат. Таштын бийиктиги 1,52 *см*, туурасы (эң жазы жери) 23 *см*. Ташка адам кешпири одоно чегилген. В. Радлов эстеликтин Минусинск музейинде сакталгандыгын белгилейт. Эстелик жөнүндө Радлов, 318—325,

---

* *И. А. Батмановдун толуктоосунда бул эстелик эки гана саптан* турат. Саптар өз ара орун алмашып калган.

[1] Эке—улгайган аял маанисинде кыргыз тилинин түндүк диалектисинде кезигет: «эке-токо катындай, эски токум батындай (*Юдахин К. К.* Киргизско-русский словарь, 944-бет).

** И. А. Батмановдун толуктоосунда бул эстеликтин саптары бузулуп, башкачараак берилгенин эскертет. Көпчүлүк тамгалары өчүп, жазуулар өтө начар окулат. Кара: *Батманов И. А., Кунаа А. Ч.* Памятники древнетюркской письменности Тувы, вып. III.— Кызыл, 1963.

РАтлас, LXXXVI, 318—325; Оркун, III, 115—126-беттерин караңыз.

Эстеликтеги жазуунун алды жагынан окулушу:

1) Қадашым адырылдым, ыйу куйда кунчуйым адырылдым, секиз оғлым адырылдым ыйу
2) м... каным элимке тапдым, билге өгем тапдым, кадашым таптым эрдемим.

Қыргызчасы:

1) Қурдашымдан айрылдым, аттигиниң, ак өргөдөгү каынышамдан айрылдым, сегиз уулумдан айрылдым, аттигиниң.
2) ...каным, элиме (мамлекетиме) кызмат кылдым, акылдуу ойлорум менен кызмат кылдым, курдаштарыма кызмат кылдым, менин эрдемим (даңкым)...

Орусча котормосу:

1) От своих товарищей я отделился (т. е. умер) Увы! От своих принцесс в теремах я отделился (т. е. умер). От восьми своих сыновей я отделился (т. е. умер). Увы!
2) Я преданно служил моему хану и моему государству. Я служил преданно мудрому моему правителю. Я служил преданно своим товарищам. Моя доблесть...

Артынан окулушу:

3) Қаңым үчүн Билге Чикшен каныңа тапдым, будуным.
4) Эр эрдемим элимке тапдым, теңриг... эдгү кадашым адырылдым.

Қыргызчасы:

3) Атам үчүн Билге Чикшен канына кызмат кылдым, эл-журтум.
4) Эр эрдемдүүлүгүмдү элимдин кызматына бердим, теңирди... ийги (эң мыкты) курдашымдан айрылдым.

Орусча котормосу:

1) Ради моего отца хану—Билгя Чикшан я служил, мой народ.
2) Геройскую доблесть мою я дал на службу моему государству, небо... Я отделился (умер) от добрых моих товарищей.

Қаптал жагынан окулушу:

5) Буңа Чи(к)син бен беӊ(г)үм эрмиш.

Қыргызчасы:

5) Муңдуу Чиксинмин, (бул менин) белгим (эстелигим)

Орусча котормосу:

5) Я печальный Чиксин! (Это) мой вечный памятник.

## № 14

## Ча-Көлдөгү экинчи эстелик

Эстеликтин бийиктиги 1,38 *см*. Д. Клеменцевдин эстампажы так болбогондуктан, В. В. Радлов Ошурковдон дагы эстампаж алып, окулушун тактаган. Караңыз: Радлов, 319—320-беттер; РАтлас, LXXIX, 3; Оркун, III, 117-бет; ФАтлас, VIII.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Элчи (?) Чур күч-Барс
2) Куйда кунчуйума сизим оғлумка бөкмедим.
3) Теңри элим Улуң-Шада эримке адырылдым.

Кыргызчасы:

1) Элчи Чур күчтүү Барс
2) Өргөөдөгү канышам сиздерге, уулума бөкбөдүм (тойбодум).
3) Теңри жараткан элим (мамлекетим), Улуң Шад эримден (баатырымдан) айрылдым.

Орусча котормосу:

1) Я посланник (?) Чур сильный Барс
2) В отношении моих принцесс в тереме, в отношении вас моих, моих сыновей, я не удовлетворился (в силу своей смерти).
3) Я отделился (умер) от моего божественного государства, от моего героя Улунг-Шада.

## № 15

## Ча-Көлдөгү үчүнчү эстелик

Ча-Көл өзөнүнүн сол жээгинен 8,5 *км* жогору орношкон. Жазуу кара кочкул кызыл түстөгү кумдуу ташка жазылган, бийиктиги 1,83 *см*, туурасы 23 *см*.

Караңыз: Радлов, 320-бет; РАтлас, LXXIX, 4.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Эр атым Йарук тегин бен бир отуз йашымда сизиме
2) кит(т)им Беле-Тугма эрди оглы бен, эдгүге бөкмедим сизе
3) будун ара болмышын (?) үчүн элиг уйамга адырылтым, эсни.

Кыргызчасы:

1) Эр атым Иарык-тегин, мен жыйырма беш жашымда сиз-дерден
2) кеттим. Беле-Тугма (деген) болгон, (мен анын) уулумун, жакшылыкка бөкбөдүм (тойбодум), сизге
3) журт арасында болгон үчүн элүү уямдан уялаш тууганым-дан айрылдым.

Орусча котормосу:

1) Мое геройское имя — Ярук-тегин. Я в двадцать один год от вас моих
2) я ушел. Был Баля-Тугма, я его сын. Я не удовлетворился в отношении (разных) благ. В отношении вас
3) в силу пребывания среди (чужого?) народа от пятидесяти своих родных я разлучился (т. е. умер).

## № 16

## Ча-Көлдөгү төртүнчү эстелик

В. В. Радлов бул жазуунун окулушун Гельсингфорс му-зейиндеги эстампаж боюнча берген.

Караңыз: Радлов, 320—321-беттер; ФАтлас, XII, 15-бет.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Ал(п) уруңу тутук[1] бен; куйда кунчуйым эки оғланыма си-зиме йаңус кызыма
2) Йыш эчи ишим кадашларыма адырылу бардым казаң эриме бөкмедим
3) теңри элимке башда (же йашда) бегимке бөкмедим, си-зиме кырк йашымда качтым.

Кыргызчасы:

1) (Мен) Алп Уруңу тутукмун; өргөдөгү канышам, эки уулум-дан, сиздерден жалгыз кызым
2) Жыш (көп) улуу эшимден (туушкандарымдан) айрылып бардым (кеттим), Казаңдагы эрлериме бөкбөдүм (той-бодум.
3) теңри сүйгөн элиме (мамлекетиме) башта (жаш кезде), бектериме бөкбөдүм (канбадым). Сиздерден кырк жашым-да качтым (кеттим).

---

[1] Байыркы түрк сөздүгүндө (38-бет): Алп энчилүү ат катары берил-ген; тутук — чин, кызматчы.

Орусча котормосу:

1) Я тутук алого знамени. В отношении в тереме находящихся моих принцесс, моих двух сыновей, в отношении вас моих, в отношении моей единственной дочери
2) в отношении моих «черневых» (йыш) старших товарищей и друзей я отошел (т. е. умер). Я не удовлетворился моими героями из Қазанг.
3) Я не удовлетворился моим божественным государством и... моим князьям (бегам). От вас я удалился (убежал) в мои сорок лет.

## № 17

## Ча-Көлдөгү бешинчи эстелик

Эстеликтин текстин В. В. Радлов Гельсингфорстогу музейдеги эстампаж жана ФАтлас боюнча берген. Эстелик Сойон айлынын түштүгүндөгү тоо этегинен табылган.

Радлов, 321—322-беттер; ФАтлас, XIV.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Түз бай Күч Барс күлүг.
2) Уйар кадыным үчүн үкдим йыта ичим йурчымка й...
3) Уйар бегимке адырылтым, уйар кадашымка адырылтым.

Кыргызчасы:

1) Түз бай Күч(түү) Барс күлүг.
2) Даңктуу кайыным үчүн байыдым, аттигинин, бажамдан...
3) Даңктуу бегимден айрылдым, атактуу курдашымдан айрылдым.

Орусча котормосу:

1) Тюз бай, Сильный Барс, именитый.
2) Из-за знатного тестя моего (отца жены) я разбогател. С печалью от моих старших родственников и шуринов (братьев жены)
3) и от знатных князей моих я отделился (умер). От знатных моих товарищей я отделился.

## № 18

## Ча-Көлдөгү алтынчы эстелик

Эстеликтин окулушун жана котормосун В. В. Радлов Ошурковдун эстампажы боюнча берген. Эстеликтин биринчи үч сабы тескерисинен жазылган.

Қараңыз: Радлов, 322-бет; Оркун, III, 120-бет; ФАтлас, IX.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) ...т Чур апасы барур
2) иним эчим йыта адырылу бардымыз йыта.

3) Куйда кишиме йыта адырылу бардымыз.
4) Буңы эшим кадашым йыта... оғ(лым) ... тма
5) буңда оғланым йыта

Кыргызчасы:

1) ...т Чурдун атасы барар (өлөөр)
2) иним, агам(дан), аттигиң, айрылып баратабыз аттигиниң!
3) Өргөөдөгү кишилеримден (аялдарымдан) аттигиниң, айрылып баратабыз.
4) Муңу (бул эле): эшим, курдашым (туушканым), аттигиниң... уулум...тма
5) Уулум, мунда, аттигиниң

Орусча котормосу:

1) Отец...т Чур идет (умирает)
3) мы отделились (умерли), горюя, от своих младших и своих старших братьев, горюя.
3) Горюя, отделились мы от своих жен (кіші) в тереме.
4) Печаль его (вот): горюя, (отделились) от своих приятелей и своих товарищей, мой сын...
5) в печали мой сын, горюя...

## № 19

### Ча-Көлдөгү жетинчи эстелик

Эстеликтин жазуусун В. В. Радлов финдик окумуштуулар тарабынан тартылган сүрөт жана Ошурковдун эстампажы боюнча жарыялаган. Жазуу тескерисинен жазылган. Эстеликтин бийиктиги 1,52 *см.*

Караңыз: Радлов, 322—323-беттер; Оркун, III, 121-бет; ФАтлас, X.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Кутлуғ чигши бен кадыр йағыда
2) кара будуныма йыта сизиме
3) элиме сизиме (адырылтым)

Кыргызчасы:

1) Кутлуг чигшимин[1], кадыр[2] жоодо
2) кара журтумдан, аттигиниң, сиздер
3) элимден, сиздерден (айрылдым)

---

[1] Чигши — чин, должность.

[2] Кадыр деген сөз кыргыз эпосторунда кадырга формасында кезигет да, жоого кийүүчү кийимди билгизет: беш кадырга (*Юдахин К. К.* Киргизско-русский словарь, 314-бет).

Орусча котормосу:

1) Я Кутлуг («Счастливый») чигши. При жестоких врагах (войнах)
2) я, к сожалению, от массы моего народа
3) от моего государства и от вас моих (отделился, т. е. умер).

## № 20

### Ча-Көлдөгү сегизинчи эстелик

Ошурковдун эстампажы боюнча эстеликтин бийиктиги 1,22 *см.* Жазуунун башталышында Ж тамгасына окшогон белги бар, төмөн жагы жарылып калган.

Караңыз: Радлов, 323-бет; РАтлас, LXXXVII, 5; Оркун, III; ФАтлас, XI.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Төрт оғлум бар үчүн беңкүмин ти(кти)
2) Күлүг апа бен.

Кыргызчасы:

1) Төрт уулум бар үчүн белгимди (эстелигимди) тикти (тургузду).
2) Даңктуу атамын.

Орусча котормосу:

1) Так как у меня было четыре сына, то они водру(зили) мой вечный памятник.
2) Я именитый отец.

## № 21

### Ча-Көлдөгү тогузунчу эстелик

Эстеликти В. В. Радлов ФАтластагы сүрөт Гельсингфорс музейиндеги эстампаж боюнча жарыялаган.

Караңыз: Радлов, 324-бет; Оркун, III; ФАтлас, XIII.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Кадашымка бөкмедим.
2) ...мл эки элиг йашым(да) бөкмедим,
3) ...сизиме бөкме(дим).

Кыргызчасы:

1) Курдашыма бөкбөдүм (тойбодум).
2) ...кырк эки жашыма бөкбөдүм (тойбодум),
3) ...сиздерге бөкбөдүм (тойбодум).

Орусча котормосу:

1) Я не удовлетворился своими товарищами.
2) ...в сорок два года я не удовлетворился,
3) ...в отношении вас моих я не удовлетворился (т. е. умер).

## № 22

### Ча-Көлдөгү онунчу эстелик

Эстеликти Гельсингфорс музейиндеги эстампаж боюнча В. В. Радлов которуп, жарыялаган.

Караңыз: Радлов, 324-бет; Оркун, III; ФАтлас, XV.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) ...куйда кунчуйум кыз оғлым,
2) бегимке кадашымка бөкме(дим).
3) Үч элиг йашым адырыл(дым) б(ен)
4) Я Ынаң Уграч бен

Кыргызчасы:

1) Ак өргөөдөгү канышам, кыз уулум (кыз балам),
2) бегиме, курдашыма бөкбөдүм (тойбодум).
3) Кырк үч жашымда айрыл(дым) м(ен)
4) ...Ынаң Уграч мен.

Орусча котормосу:

1) В отношении моих принцесс в тереме, дочерей моих,
2) в отношении моего начальника и моих товарищей я не удовлетворился (т. е. умер).
3) Я отделился (от них, т. е. умер) в свои сорок три года
4) ...Я Ынанг Уграч

## № 23

### Ча-Көлдөгү он биринчи эстелик

Эстеликти В. В. Радлов фин окумуштуулары тарабынан түшүрүлгөн эстампаждын көчүрмөсү боюнча которуп жарыялаган.

Караңыз: Радлов, 325-бет; Оркун, III; ФАтлас, XVI.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Токуз кырк йашымда элим үчүн
2) ...лер ...чин...
3) ...өлдүм
4) ...исиги ай ичимке ка(даш)ымка бөкме(дим)

Кыргызчасы:

1) Отуз тогуз жашымда элим үчүн
2) ...лер ...чин...
3) ...өлдүм
4) ...ысыгы ай, агама, курдашыма бөкбөдүм (тойбодум)

Орусча котормосу:

1) Ради моего государства в тридцать девять лет моей жизни
2) ...

3) ...умер я
4) ...в отношении моих старших братьев и моих товарищей я не насладился (т. е. умер).

## № 24

## Кемчик-Кайа Бажы аскасындагы эстелик

Жазуу жазылган аска Кемчик суусунун оң жээгинде Ишкем өрөөнүнө жайгашкан. Аска кызыл чополуу шифер-сланец катмардан турат. Асканын таштары байыркыда мүрзөлөргө коюу үчүн пайдаланылган. Жазуунун 1-, 2-, 5-саптары тескерисинен жазылган.

Караңыз: Радлов, 325—327; Оркун, III, 89—92-беттер; РАтлас, LXXIX, 2; ФАтлас, XVII.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) эдгүңиз...
2) Ол каным элимиң бенгүси Кара сеңир(те)
3) Аны битигли Аннын э(р)ти.
4) Киши арасы исид. Кара сеңир элчиг.
5) Ынанчу күлүг чигши бег эр эрдемим үчүн (Кара сеңирде) үлкени алты баг, Кешдимде бен йег эрдүкүм ол эринч Кара сеңериг йерледим Удур чигши сек(из) кы(рк йаш)да
6) йиг оң билге Саңун Бөдб...н тутук бег аркы йери
7) (Кыр)кыз каны битимишин
8 (Туғрак бен)
9) (Йол апа)
10) ...

Кыргызчасы:

1) Ийгиңиз[1]
2) Ал каным, элимин белгиси Кара сеңирде.
3) Аны жазган Аннын эле.
4) Киши (кишилер бүт) арасы эшид[1], Кара сеңир элчисин.
5) Ынанчу күлүг чигши бек эр эрдемим (эрдигим) үчүн (Кара сеңирде) үлкени[2] алты уруу эл, Кешдимде менин жакшы иштерим: Кара сеңирди жерледим, Удур чигши отуз сегиз жашда
6) мыкты он билгич (акылман) Саңун Бөдб...н тутук бек аркы жери
7) (Кыр(гыз канын)ын жазганын
8) (Туграк мен)
9) (Йол апа...)
10) ...

---

[1] Уңгусу ийги: *атадан уул туулса—ийги; ата жолун кууса—ийги.* (Юдахин, 296-бет).

[2] Үлкен — чоң (казак тилинде).

Орусча котормосу:

1) Ваша благость...
2) Это — вечный памятник моего хана и моего государства на Кара сэнгир (на «Черном хребте»).
3) Писавший это был Аннгин.
4) Слушайте, все люди, посла (из) Кара Сэнгир.
5) Ради моей геройской доблести я, Ынанчу именитый чигши, начальник (в «Черном хребте»), я великий у (народа) шести подразделений в Кешдиме. Вот это пожалуй, хорошее из моих дел: я освоил (поселился, обжил) («Кара сэнгир». Удур Чигши в тридцать восемь лет...
6) Хорошее... правитель Сангун Бёдб... тутук правитель той земли.
7) Через написанное (кир)гизским ханом.
8) (Я туграк...)
9) (Ел-апа...)
10) ...

## № 25

## Означенная деген кыштактан табылган эстелик

Эстелик табылган кыштак Енисейдин сол жээгинде жайгашкан. Эстелик 1847-жылы А. Кастрен тарабынан табылып, кийинчерээк ал Шушу кыштагына алынып келинген.

Эстеликти В. Радлов Гельсингфорс музейиндеги эстампаж жана ФАтлас боюнча жарыялаган.

Каранҙыз: В. В. Радлов, 327—328; РАтлас, LXXXI, LXXXVIII; Оркун, III, 163—165-беттер.

Жазуунун окулушу:

1) Кунчуйым кадашым адырылтым, буҥа йагыка кирдим.
2) Күч Күл тутук сизиме адырылдым.
3) Элим каным сизиме адырылдым, алтун кеш адырылдым.

Кыргызчасы:

1) Канышам, курдашым айрылдым, муҥайып, жоого кирдим.
2) Күч(түү) Күл тутук сизден айрылдым.
3) Элим, каным, сиздерден айрылдым, алтун кештен (курдан) айрылдым.

Орусча котормосу:

1) Я разлучился с моими принцессами и моими товарищами. Вошел, скорбя, в среду врагов.
2) (Я) Сильный тутук Кюль с вами моими разлучился (т. е. умер).
3) Я разлучился с вами моими, с моим государством и с моим ханом. Я разлучился с золотым поясом.

Капталынан окулушу:

4) Б(ен) беш кырк эр йаш эрт(им).

Кыргызчасы:

4) Мен отуз беш жашта эр элем.

Орусча котормосу:

4) Я был героем в тридцать пять лет.

Арт жагынан окулушу:

5) Эл Ынанчы элын (?); же бил аны.
6) Каныңыз йоклайур кадаш алпыңыз карғанур үнүңүз.
7) Йағым анча эрмиш адырылдым.

Кыргызчасы:

5) Эл Ынанчы элин (?) бил аны.
6) Каныңыз жогорулаар, курдаштар алпыңыздар карганар (ант берер) үнүңүз.
7) Жоом (көп) болгон, айрылдым.

Орусча котормосу:

5) Правитель государства, свое государство (или знай это)!
6) Ваш хан возвышается, товарищи, ваши герои и ваши голоса клянутся.
7) Моих врагов столь много было, (поэтому) я отделился (от вас, т. е. умер).

## № 26

## Ачурадагы эстелик

Эстелик 1857-жылы Н. А. Костров тарабынан табылып, Шушу кыштагына алынып келинген. В. В. Радлов бул эстеликти азыр Минусинск музейинде деп эскерткен. Адегенде эстелик Койбал талаасындагы Абакан суусунун сол жээгинен, Ачура кыштагынан 20, Кала кыштагынан 25, Абакандан 30 чакырым алысыраак жерден табылган. Эстеликтин бийиктиги 123 *см*. Жазуу аябай жышылып калгандыктан окуш кыйын.

Кара: В. Радлов, 328—330; РАтлас, LXXXIX, 1 жана 2; Оркун, III, 133—137-беттер; ФАтлас, XIX.

Эстеликтеги жазуунун бет маңдайынан окулушу:

1) ...ил өгеси Ынанчу билге ириг өлүг ара...
2) ...оғлы аты Күч уры оғлан тоғ(ды)...
3) ...эрен (күч алп?) эр сиз атыңыз Уры бег сиз...
4) ...а илиңиз үчүн казғану өз куй йыта сиз (адырылдыңыз).

Кыргызчасы:

1) ...Эл башкаруучу Ынанчу билге (билгич) ириген өлүк ара(сында).

2) (...Уул(нун) аты Күч, эркек бала тууду)...
3) ...эрен (баатыр) эрсиз (адамсыз), атыңыз Уры бек сиз...
4) ...элиңиз (мамлекетиңиз) үчүн жакшылык кылып, өз өргөңүздөн, аттигиниңай, сиз (айрылдыңыз).

Орусча котормосу:

1) ...Правитель государства Ынанчу бильгя (мудрый) среди тленных и покойников.
2) ...имя сына Кюч («Сильный»), мальчик род...
3) ...ваше имя (или ваш отец—атаңыз) Уры бег (правитель)
4) ...вы, ради своего государства приобретая (блага), (разлучились) со своим женским теремом (т. е. вы умерли).

Сол жагынан окулушу:

5) ...йети йегирми эрдеми йашынта эрдем өлти.
6) ...йердеки тамкалығ йылкы буңсы(з эрти),
7) ...(ы) бакыры буңсуз эрти кара сачын тег.
8) Йағыға тегмиш сү теңи йети биң оғлан эрти.

Кыргызчасы:

5)...он жети эрдемдүү (кайраттуу) жашында эрдеми (кайраты) өлдү.
6) ...Жердеки тамгалуу жылкы (мал) муңсуз сансы(з) эле
7) ...(ы) бакыры (акчасы) кара чачтай, сансыз эле.
8) Жоого тийген черик (кол) тең (баары) жети миң улан эле.

Орусча котормосу:

5) ...На семнадцатом году его доблестных подвигов доблесть его (т. е. он сам) умерла.
6) ...Находящийся на земле, отмеченный клеймом (тамгой) скот был без числа,
7) ...денег у него было без числа, как черные волосы.
8) Количество войска, выступившего против врага, было семь тысяч молодых людей.

Оң жагынан окулушу:

9) Йүз эр йүзи беглер беңзи беглик кашы...
10) ...алтмыс эр адасыңыз илиг эр эдгү эсиңиз өзиңин ачиңиз иниңиз
11) (сек) из бағыр көзүңүси, он кара көзүңүси...
12) ...өкинмедиңиз ... көрме(диңиз) бүтме(диңиз).

Кыргызчасы:

9) Жүз эр(дин) жүзү, бектердин көз карашы, бектин кашы... (көз карашы)...
10) ...алтымыш эр курдашыңыз, элүү эр эң мыкты эшиңиз жолдошуңуз), өзүңүздүн агаңыз, иниңиз

11) (сег)из бакыр[1] күзгүсү, он кара күзгүсү...
12) ...өкүнбөдүңүз... көрбөдүңүз... бүтпө(дүңүз).

Орусча котормосу:

9) Лица ста мужей, взгляд князей (бегов); бровь правления (bärlik?).
10) Шестьдесят мужей ваших товарищей, пятьдесят мужей ваших добрых товарищей; вас самих старшие ваши братья и младшие ваши братья.
11) Восемь медных его зеркал (или колокольчиков) и десять черных его зеркал (или колокольчиков)...
12) вы не грустили... не видели, не верили (завершили).

Арт жагынан окулушу:

13) сизиң эр ат Ур(ы) элиң Ө(з)

Кыргызчасы:

13) сиздин эр (баатыр) ат(ыңыз) Ур (ы). Элиң (мамлекетиң) Өз

Орусчасы:

13) Ваше геройское имя Ур (ы). Твое государство О (з)...

## № 27
## Оядагы эстелик

Бул эстеликти Н. А. Костров Енисей дарыясынын сол жээгиндеги Оя суусунан 21 чакырымча адырдагы мүрзөдөн тапкан. Таштын бийиктиги 1,70 *см,* туурасы 26 *см* жана калыңдыгы 20 *см.*

Караңыз: Радлов, 331 РАтлас, ХС, 1—2, LXXX, 2а, 2ь; Оркун, III, 157—159-беттер; ФАтлас, XX.

Эстеликтеги жазуунун бет маңдайынан окулушу:

1) Быӊ эчү си(з)...
2) Куйда кунчуй(ымка)...
3) адырылтым сизиме...
4) киши казғантым б(ен)...

Кыргызчасы:

1) Быӊ эчү си(з)...
2) Өргөдөгү канышамдан
3) айрылдым сиздерден
4) киши (ургачы же киши) алдым мен.

---

[1] Бакыр — жез мааниде да кезигет. Мис. кол бакыр чака же чайнек мааниде *(Юдахин, 102-бет).*

Орусча котормосу:

1) Бынг эчу, вы...
2) В отношении теремных принцесс (моих)...
3) я отделился (умер) от вас моих...
4) жену (или людей) я приобрел...

Арт жагынан окулушу:

5) Илимке бөкмедим сиз илиме
6) Қадыр йағыда отуз эр өл...
7) Бағым будунымка адырылт(ым).
8) Эр бенкүси бу эрмиш
9) ...(он) йыта Күл...

Қыргызчасы:

5) Элиме бөкбөдүм канбадым (б. а. өлдүм) сиз элиме (мамлекетиме)
6) Қатаң жоодо (урушта) отуз эр өл...
7) Уруулуу журтумдан айрылд(ым).
8) Бу эр эстелиги
9) ...аттигиң, Күл...

Орусча котормосу:

5) В отношении моего государства я не удовлетворился (т. е. умер), вам, моему государству...
6) В суровой войне я убил тридцать мужей.
7) Я отделился от моего народа, моего родового подразделения.
8) Памятник герою — это есть!
9) ...грустя, Кюл.

## № 28
## Алтын-Көлдөгү эстелик

1878-жылы Қорчаков деген дыйкан Юдин жана Монок кыштагынан алыс эмес Алтын-Қөл көлчөсүнөн 1 чакырымча алыс Абакан суусунун оң тарабындагы тоолуу адырлардын арасынан кочкул күрөң түстөгү эки кайрак ташты тапкан. Эстеликтерди Минусинск музейине жеткирүүдө таштын бирөө сүрүлүп, экинчиси экиге бөлүнүп калган.

Қараңыз: В. Радлов. 332—336; PАтлас, LXXXI, XC, 3—4, XCI; Оркун, III, 11-бет; 101—111-беттер; ФАтлас, XXI.

Жазуунун алды жагынан окулушу:

1) Йердеки бар эртигиме (же барс тегиме) эрдемлигиме бөкме(дим).
2) Атсар алп эртиңиз устар күч эртиңиз инилиг бөри уча барс адырылмай иту(?).

3) Бу атымыз Умай бег биз, биз уйа алп эр өзин элети (алти?) кылмадың өзлек ат өзин үч эриг алмадың йыта эзенчүме көзүнчүме адырылма ич элинмү(?) ийү(?) эрдемим.

Кыргызчасы:

1) Жердеги жасаган эрдигиме (же барс тегиме) эрдемдигиме бөкбөдүм (канбадым).
2) Атышар алп элеңиз, утушар күч элеңиз, инилүү бөрү уча (качып), барс айрылбай кетти.
3) Бу биз(дин) атыбыз Умай бег, биз уя(лаш) (тукумубуздан) алп эр(биз) (баатыр адамбыз), өзүңдү кыйнабадың кыйноого салбадың) өз(үм)дүк ат, өзү менен үч эрди албадың, аттигиниң, (сен менин) салтымдан, тилегимен[1] айрылба, эл ичиндеги (менин) эрдемим (?)...

Орусча котормосу:

1) Я не насладился (умер) моим бытием и (всем) моим доблестным или моим земным родом «барс».
2) Вы были героем-стрелком. Вы были сильны, приобретая богатство. Волк бежал (из берлоги), имеющий младших братьев, барс не отделился.
3) Это наше имя — Умай бег, мы — наследственный муж герой. Себя самого ты не мучил (?). Собственная (или жирная?) лошадь, трех мужей, разлучаясь... Ты не отделяйся от моих добрых обычаев и моих желаний (или явлений), моя доблесть у внутреннего народа (?)...

Оң жагынан окулушу:

4) Эр эрдем үчүн иним эчим уйарын үчүн беңгүмин тике берти.
5) Төрт энилгү (?) эртим(из) бизни эрклиг адырты йыта.
6) Алтун шуңа йаш кейики арыт ығлат уғлат удачына барсым адырылу барды йыта.

Кыргызчасы:

4) Эр эрдемим үчүн (кайраттуулугум үчүн) иним, агамдын даңазалуулугу үчүн, белгимди (эстеликти) тигип (тургузуп) берди.
5) Төрт инилүү (?) (бир тууган) элек, бизди күчтүү кудрет айырды, аттигиниңай.
6) Алтын чүрөк, жаш кийикти изде, ыйлатып-сыктат, күч-кубатынан[2] барсым айрыла берди, аттигиниң.

---

[1] Көзүнчүме дегенди тилегим деп алдык.

[2] «Удачына» деген сөздүн орусча маанисине карап азыркы кыргыз тилинде «кубатына» деп алдык.

Орусча котормосу:

4) Ради (моего) мужества и ради знатности моих младших братьев и моих старших братьев, водрузили мне вечный памятник.
5) Нас было четыре младших брата, но сильный, горюя, отдалил нас.
6) Золотых уток и молодых газелей его разыскивай, заставляй плакать и рыдать. По его могуществу мой барс (тигр) отделился, разлучась...

Сол жагынан окулушу:

7) Он ай илтди өгим (же өгүм) а келүрти илимке эрдем үчүн мен йерледим.
8) Илим өкүнчүңе калын йағыка кыйматын тегипен адырылдым йыта.
9) Иниңизке ичиңизке инген йүки иңез түшүртиңиз.

Қыргызчасы:

7) Он ай көтөрдү энем (анан) элиме келтирди эрдигим (кайраттуулугум) үчүн мен жердедим (жашадым).
8) Элим өкүнүчүңө, калың жоо менен катуу тийип (салгылашып), айрылдым, аттигиниң.
9) иниңизге, агаңызга инген жүгүн арттыңыз (б. а. кыйынчылыкты жүктөдүңүз).

Орусча котормосу:

7) Десять месяцев носила (меня) моя мать. Принесла (затем) моему народу. Ради моих доблестей я жил.
8) К печали моего народа, увы, я умер, храбро сражаясь с многочисленным врагом.
9) (Умерев), на своих младших и старших братьев вы в замешательстве перевалили (свой) тяжелый (букв. верблюжий) вьюк (жизни).

## № 29

## Алтын-Көлдөгү экинчи эстелик

Эстеликтин бийиктиги 1,98 *см,* туурасы 41—46 *см,* калыңдыгы 18 *см.*

Қараңыз: Радлов, 334—335; РАтлас, LXXXI, 1, XCI, 1—2; ФАтлас, XXII; Оркун, III.

Эстеликтеги жазуунун мандайынан окулушу:

1) Эрдем болсар, будунуғ эрк будунуғ эр атым Эрен Улуғ эрдемиг (эрдемлиг?) батур мен
2) Эр эрдем элим болсар, будун исрик йөрүмеди, эринчим икизиме...

3) Куйда кадашыма кунчуйыма адырылу бардым мен оглымка... будунымка бөкмедим
4) секиз кырк йашымда.

Кыргызчасы:

1) Эрдемдүү элди, журтту күчтүү элди (билген) эр атым Эрен Улуг, эрдемдүү баатырмын.
2) Эр (баатыр) эрдемдүү (кайраттуу) мамлекетим чоң үчүн журт козголбоду ... экөөбүзгө...
3) Өргөөдөгү курдашым, канышамдан айрылып баратам, мен уулума... журтума бөкбөдүм (тойбодум)
4) отуз сегиз жашымда.

Орусча котормосу:

1) Народ, у которого есть доблесть, сильный народ (по Радлову еще: я держу). Мое геройское имя Эрен Улуг. Я герой с доблестями (?)
2) Так как мое государство обладало геройской доблестью, то народ возбужденным (или мятущимся) не ходил... (к двоим?).
3) От приятелей (*лучше* приятельниц?) и принцесс в теремах я отделяясь ушел. Я не насладился в отношении своих сыновей... и своего народа
4) к тридцати восьми моим годам.

Сол жагынан окулушу:

5) Он ай илтди өгүм оғлан тоғдым эрин уғлатым.
6) Илимде төрт тегзиндим эрдемим үчүн Ынанчу алп ичинте.

Кыргызчасы:

5) Он ай көтөрдү энем. Уул туулдум, эр (жетип) улгайдым.
6) Элимди төрт тегерендим (саякат кылдым маанисинде), эрдигим үчүн Ынанчу алп ичинде (арасында).

Орусча котормосу:

5) Десять месяцев меня носила моя мать. Я родился мальчиком. Постепенно я стал героем-мужем.
6) В моей стране (или из моей страны) я четыре раза путешествовал. Ради моей геройской доблести среди героев Ынанчу...

Оң жагынан окулушу:

7) Эрдем болсар андағ эрмис эсин мен алтун капарка киртим.
8) Эрдем үчүн Түпүт канка йалабач бардым келүртүм.

Кыргызчасы:

7) Эрдем (эрдигим) үчүн мындай болгон эле: Мен, Эсин Алтын Капарга кирдим.

8) Эрдем (эрдигим) үчүн Тибет канга элчи болуп бардым, келтирдим.

Орусча котормосу:

7) **Ради геройской доблести** (все) так было: я, Эсин, (или благополучно) ходил для добычи золота (или в Алтун Капар)
8) Ради доблести я ходил послом к тибетскому хану. Я доставил (оттуда добычу).

## № 30
## Уйбаттагы биринчи эстелик

Уйбат суусунун жанындагы Чирковой (Чарковай?) деген татар кыштагынан көп алыс эмес жерден жазуусу бар беш таш табылган.

Биринчи эстелик 1886-жылы Д. А. Клеменцев тарабынан табылган. Эстеликтин төмөнүрөөк жагында адамдын сөлөкөтү чегилген. Жазуу даана көрүнүп, окууга эч бир кыйынчылык келтирбейт.

Караңыз Радлов, 336—342; РАтлас, LXXX, XCII—XCIV; Оркун, III, 141—154; ФАтлас, XXIII.

Эстеликтеги жазуунун бет маңдайынан окулушу:

1) Эрдем каң Алтуға бермиши.

Кыргызчасы:

1) Эрдем (кайраттуу, каарман) ата Алтуга берилет (арналат).

Орусча котормосу:

1) Это посвящается (дается, дар) доблестному отцу Алту.

Сол жагынан окулушу:

2) Он (нинеси) токуз оглы бар үчүн б...
3) Чаб Шатун таркан беңуси тике бертими(з).

Кыргызчасы:

2) Он (энеси), тогуз уулу бар үчүн...
3) Атактуу Шатун таркан белгисин тиктик (тургуздук).

Орусча котормосу:

2) Ради десяти женщин-родственниц его и девяти сыновей его...
3) я поставил (или мы поставили) вечный памятник именитому Шатун тархану.

Оң жагынан окулушу:

4) Эрдемин үчүн ил арада Кара канка барыпан,
5) Йалабач барыпан, келмедиңиз бегимиз

Кыргызчасы;

4) Эрдем каармандык үчүн эл арасынан Кара канга барып,
5) Элчи (болуп) барып, келбедиңиз, бегибиз

Орусча котормосу:

4) Ради доблести из среды народа (государства) отправившись к Кара-хану,
5) отправившись послом, вы, наш бег (начальник), не вернулись обратно.

## № 31

## Уйбаттагы экинчи эстелик

Бул эстеликти 1885-жылы И. П. Кузнецов деген алтын өндүрүүчү адам Чарковой аттуу татар кыштагынан анча алыс эмес Уйбат суусунун жээгинен таап, Минусинск музейине жеткирген. В. В. Радлов бул табылган жазуу эстеликтин жартысы болсо керек, калган бөлүгү ушул күнгө чейин табыла элек деп жазат.

Караңыз: Радлов, 337—338; РАтлас, LXXX, 1; ФАтлас. XXIV; Оркун, III.

Жазуунун окулушу:

1) Уз билге Чаңшы Уз т...
2) (Кан)ын үчүн алпын үчүн эрдемин үчүн
3) ...төкди (же түкеди) төрт булуңка төкди
4) ...пди үч ката тегзинти
5) ...та сиз эр ики оғлын бирле өлти.

Кыргызчасы:

1) Уста (колунан көөр төгүлгөн уста маанисинде), (билгич) Чаңшы уста (?)...
2) Каныӊ үчүн, алпыӊ үчүн эрдемиӊ (кайраттуулук) үчүн
3) ...төктү (же түгөттү) төрт булуңга төктү тарады (төгөректүн бурчун төрт айланды)
4) ...үч катар (кайра) тегеренди (айланды, саякат жасады)
5) сиз эр; эки уулу менен бирге өлдү.

Орусча котормосу:

1) Искусный и мудрый Чангшы, искусный
2) ради хана, ради геройства, ради доблести
3) ...распространил по четырем сторонам (мира), распространил
4) ...три раза путешествовал
5) ...вы—герой; он умер вместе (заодно) с двумя своими сыновьями.

## № 32
## Уйбаттагы үчүнчү эстелик

1721-жылы Мессершмидт мамы ташка жазылган жазууну тапкан. Экинчи жолу Д. А. Клеменцев тарабынан табылган. Таштын бийиктиги 3,04 *см,* ылдый жагынан туурасы 48 *см,* жогору жагы 30,48 *см,* калыңдыгы 40,5—45,5 *см.*

Караңыз: Радлов, 338—340; РАтлас, XCIII, XCIV; ФАтлас, XXV; Оркун, III.

Жазуунун бет маңдайынан окулушу:

1) Эр эрдеми үчүн эчиме йыта йоклады кулы ас тутсар күч үч эчиме.
2) Бег эригче Сабык басар эчимиз
3) йағыда... коп будун теңин билир эрти
4) ...гн токуз

Кыргызчасы:

1) Баатырдык эрдиги үчүн агамды, аттигинин, жоктоду; кулдары күчтүү үч агам үчүн (кар)аш тутушту.
2) Бег болгон Сабык басар агабыз
3) жоодо ... көп (журттун) калктын күчүн билер эле.
4) ...тогуз...

Орусча котормосу:

1) Ради геройской доблести они скорбели в отношении старшего брата (родственника), что он умер. Его рабы предлагали стол (поминальную трапезу?) ради (?) трех сильных моих старших братьев.
2) Будучи начальником, наш старший родственник Сабык басар...
3) в войне ... он знал силу (могущество) всего народа.
4) ...девять.

Сол тарабынан окулушу:

5) Үзе теңри йарлыкады к...
6) Кара будун... будуным үч оғлыма бөкмедим.
7) Таркан Саңун мен... кг бөкмеди будуныңа.
8) Ил-Чур илиңе кызғандым мен эр эрдемин үчүн йоклады.
9) Йокламаз биз элин... бөкмедим илте калмыс алты билге бег оғлыңа.
10) Бедизин үчүн түрк кан балбалы эл ара токуз эриг удыш эр оғлын үгүрүп өдүр алты эрдем бегиме.

Кыргызчасы:

5) Үстүндө теңри жалгады...
6) Кара журт... журтум, үч уулума бөкбөдүм (тойбодум).

7) Таркан Саҥунмун ... журтуҥа тойбодуҥ.
8) Мен Ил-Чур элинин пайдасы үчүн тырыштым, эр жана кайраттуулугу үчүн (көтөрүлдү).
9) Биз жогорулабаспыз эл менен мамлекетте ... калган алты билгич бек уулуҥа тойбодум.
10) Оймолуу түрк кан балбалы (таш молосу) үчүн эл арасында, биринин артынан бирин тогуз эр жана баатыр уулдарын үйүп (жыйып), кайраттуу алты бегимди тандап алды.

Орусча котормосу:

5) Вверху небо (так) соизволило...
6) Народная масса... Я не насладился моим народом и тремя моими сыновьями.
7) Я тархан Сангун... своим народом он не насладился.
8) Я старался о выгоде для народа Иль-Чур. По причине геройской своей доблести он возвысился.
9) Мы не возвышаемся; с народом его... я не насладился в государстве оставшимися шестью мудрыми начальниками-сыновьями.
10) Для красивого памятного здания тюркский ханский «балбал» среди народа (государства) — девять героев, следуя друг за другом, и сыновей героев, поставив (все это) вместе (сгрудив), он выбрал доблестному моему начальнику.

Оҥ жагынан окулушу:

11) ...токуз тезгинип атын эриглиг
12) отуз эриг башлайу тутуғка бады эринч
13) ...үч эчиме адырындым.
14) ...бир мта (амты) Тачамка адырындым токуз бег эр...ма а(д)ыры(нд)ым.
15) ...Уруҥ башы эртим ынанчы эртим.

Кыргызчасы:

11) ...тогуз тегеренип, атын тынык(тырды)
12) отуз эрди баштап туткунга (барымтага) байлаган (өзүн)
13) ...үч агамдан айрылдым.
14) ...бир (өзү) эми Тачамдан айрылдым, тогуз бек эр... айрылдым.
15) ...Уруҥ башы элем, ынанчу (чин) элем.

Орусча котормосу:

11) Пройдя девять раз вокруг, свою лошадь останов(...)
12) предводительствуя тридцатью мужами, он (в залог) связал (себя?)
13) ...Я отделился (умер) от трех своих старших братьев.

14) ...Один я теперъ от Тачама отделился. Девять начальников мужей... отделился.

15) ...Я был начальником Урунг. Я был доверенным (чин).

Эстеликтин артындагы жазуунун окулушу:

16) Алты йашымта каң адырдым билинмедим үч ичиме йыта адырдым... бчы үч эчиме каң мен эрд(е)м, атым эрти бирле...

17) Илимке канымка бөкмедим... (огла)нымa иниме ичиме мен эмким(?) көре бөкмедим.

Кыргызчасы:

16) Алты жашымда атаман айрылдым, билинбедим; үч агамдан, аттигиниң, айрылдым...бчы үч агам үчүн мен кайраттуу атамын, атым болгон эле бирге...

17) Элиме, каныма бөкбөдүм... уулума, иниме, мен көрө бөкбөдүм (тойбодум).

Орусча котормосу:

16) В шесть моих лет я лишился отца (или от отца отделился). Я не сознавал (этого). Я, горюя, отделился от трех моих старших братьев... для моих трех старших братьев я отец «доблесть», было мое имя вместе...

17) Я не насладился ни моим государством, ни моим ханом. Моими сыновьями, моими старшими и младшими братьями я, видя любовь (теплоту чувств), не насладился (так как умер).

## № 33

## Уйбаттагы төртүнчү эстелик

Эстелик финляндиялык экспедиция тарабынан Уйбат суусунан 16 чакырым күн батышыраак жактагы мүрзөнүн түндүк-чыгышынан табылган. Жергиликтүү элдер бул эстеликти «Узун-Обо»[1] деп аташат.

Караңыз: В. Радлов, 342; ФАтлас, XXVI; Оркун, III.

Жазуунун окулушу:

1) ...н
2) ...укуз алпын
3) беңгү эрти.

Кыргызчасы:

1) ...н
2) ..укуз[2] алпын
3) белги эле.

[1] Обо—кыргызча обоо (үйүлгөн корум таш).

[2] Укуз деген сөз байыркы түрк сөздүгүндө кезикпегенине байланыштуу котормосуз калтырылды.

Орусча котормосу:

1) ...н
2) ...героя его
3) вечный памятник был.

## № 34
## Уйбаттагы бешинчи эстелик

Эстеликти А. Кастрен 1847-жылы Уйбат суусунун оң жээгинен 13 чакырымча аралыктагы «Кара коргон» деп аталган көрүстөндөн тапкан.

Караңыз: Радлов, 342-бет; ФАтлас, XXVII; Оркун, III.

Жазуунун окулушу:

Чит йабаның йерде Кашук• (же Касук) таш бал(балы).

Кыргызчасы:

Чет жапан (чек ара) жерде Кашук (же Касук) таш бал(балы).

Орусча котормосу:

Камень — балбал Кашука пограничной земли тепла.

## № 35
## Тувадагы биринчи эстелик

Бул жана мындан кийинки эстеликтер Красноярскидеги мугалимдер даярдоочу семинариянын директору И. Т. Савенков тарабынан Тес кыштагынан 4 чакырым аралыкта, Большая Ниня кыштагына баруучу жолдон табылган.

Радлов, 342—343-беттер; РАтлас, XCV; Оркун, III, 169—172-беттер; ФАтлас, XXVIII.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) ...р үчүн йагыка
2) Күнч тутук

Кыргызчасы:

1) ...үчүн жоого
2) Күнч тутук

Орусча котормосу:

1) ...ради, врагом
2) Кюнч тутук

## № 36
## Тувадагы экинчи эстелик

Эстелик Тува суусунун боюндагы Тес кыштагына жакын аскага жазылган.

Караңыз: Радлов, 343, Оркун, III; ФАтлас, XXIX.

Жазуунун окулушу

1) Йүз йашайын!
2) Теңрим өчүк бизке.
3) Идил йериме беңгү бал(балы)

Кыргызчасы:

1) Жүз жашайын
2) Теңрим очок бизге.
3) Идил жеримде түбөлүк белги

Орусча котормосу:

1) Да живу я сто!
2) Небо мое (божество) крыша нам.
3) Вечный балбал (статую) к земле моей Идиль!

## № 37

## Тувадагы үчүнчү эстелик

Эстелик Тес жана Ерба сууларынын аралыгында, Енисейдин сол жээгинде жайгашкандыгын М. П. Грязнов С. Е. Маловго кабарлаган.

Караңыз: Радлов, 343—344; РАтлас, XCV, 6; ФАтлас, XXX; Оркун, III.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Кара кан ичреги бен Эзгене.
2) Алты отуз йашыма эрти.
3) Бен өлтүм түргис эл ичинте бег бен битиг...

Кыргызчасы:

1) Кара кан ичиндеги мен Эзгене.
2) Жыйырма алты жашта элем.
3) Мен өлдүм түргөш эл ичинде бекмин (бек элем) битиг (жазуу)...

Орусча котормосу:

1) Я—Эзгене — внутренний (чин) Кара-хана.
2) Я был на двадцать шестом году своей жизни.
3) Я умер внутри тюргешского государства, я начальник. надпись...

## № 38

## Ак-Юстагы эстелик

Эстеликти красноярскийлик Проскуряков Ак-Юс суусунун оң жээгиндеги үңкүрдү изилдөө учурунда, Токсас кыштагынан 4 *км* аралыктан табат. Эстелик кызыл аскага кара боёк менен жазылган.

Караңыз: Радлов, 344-бет; Оркун, III; ФАтлас, XXXI.

Эстеликтеги жазуунун окулушу:

1) Алту-шанта келип,
2) Элим каным терс буту(н) (?)
3) Бу улуғ эр атым Өг(дем)ын алп (же Ынал п)
4) бағым келип эсен энип (инип) аңланып...

Кыргызчасы:

1) Алту-шантка келип,
2) Элим (мамлекетим), каным, терс буту(н) же бүтү(н)
3) Бу улуу эр атым Өг(дем) ынал алп
4) уруум келип, эсен (соо) эңкейип (тоодон түшүп) жана билип...

Орусча котормосу:

1) Придя из (или в) Алту-Шан
2) Мое государство, мой хан...
3) Это великое и геройское имя мое: герой Огдем Ынал...
4) Мой род пришел, благополучно спустившись (с гор) и узнав...

## № 39

## Кара-Юстагы эстелик

Жазуу Сулек кыштагына жакын аскада чийме сүрөттөрдүн арасына жазылып, окууга өтө кыйынчылык келтирет.

Караңыз: Радлов; 345, Оркун, III, 193—195; ФАтлас, XXXII.

Жазуунун окулушу:

1) Беңкү кейа
2) Ич сү баш антлыг өл(ти)
3) ... ... ...
4) эсидмекинче барап (барып?) ич ара
5) меңкү кайа
6) анчағ эситип бай Апам эл йарайу эл анчағ үкүш алпағу...

Кыргызчасы:

1) Мөңгү аска
2) Ички кол башчысы антында (антынан жазбай) өлдү.
3) ... ... ...
4) эшитпегенче барып ич ара
5) мөңгү (түбөлүк) аска
6) дароо эшитип бай Апам эл жаратып, ушунча көп алптарды (баатыр(ды)...

Орусча котормосу:

1) Вечная скала (памятник)
2) Начальник внутреннего войска уме(р) в сознании(?)

3) ... ... ...
4) До этого слуха я пошел (и) внутри самого центра (народа)...
5) вечную скалу (памятник)
6) Только что услышав, мой Бай Апа (богатый Апа), организуя племенной союз, народ так много алпагу...

## № 40
## Ташебадагы эстелик

Караңыз: Радлов, 345; Оркун, III, 175-бет; ФАтлас, XXXIII.

Жазуунун окулушу:

1) Эрдем Анар ат эдкү элге... тағы бар алтун.

Кыргызчасы:

1) Эрдем аты Анар ийги (жакшы) элге, дагы бар алтын.

Орусча котормосу:

1) Имя (его) доблестный Анар, доброму государству... еще золото.

## № 41
## Кемчик-Жыргактагы[1] эстелик

